**А. ТОКТОМАМЕТОВ, З. АВАЗОВА,
Т. АДАШБАЕВ**

# ОКУУ КИТЕБИ

Жалпы орто билим берүүчү мектептердин 4-классы үчүн

*Өзбекстан Республикасынын Элге билим берүү министрлиги бекиткен*

ТАШКЕНТ — «O‘ZBEKISTON» — 2013

УЎК: 811.512.133(075)
КБК 81.2 Кир-93
Т 53

Рецензенттер:

**Темирова М.** — Андижан Мамлекеттик университети филология кафедрасынын улук окутуучусу.
**Халилова Ш.** — Ташкент областынын Бөкө районундагы 34-мектептин башталгыч класс мугалими.

## Шарттуу белгилер:

 — суроо жана тапшырмалар

 — кошумча маалыматтар

 — ойлонгула, изденгиле

 — жаттап алалы!

**Республикалык максаттуу китеп фонду каражаттары эсебинен ижара үчүн басылды.**

ISBN 978-9943-01-417-6

© «O‘zbekiston» БПЧУ, 2004, 2009, 2011, 2013.

# ӨЗБЕКСТАН РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ГИМНИ

Музыкасы: *Мутал Бурхановдуку*
Сөзү: *Абдулла Ариповдуку*

Serquyosh, hur o‘lkam, elga baxt, najot,
Sen o‘zing do‘stlarga yo‘ldosh, mehribon!
Yashnagay to abad ilmu fan, ijod,
Shuxrating porlasin toki bor jahon!

Кайырма:

Oltin bu vodiylar — jon O‘zbekiston,
Ajdodlar mardona ruhi senga yor!
Ulug‘ xalq qudrati jo‘sh urgan zamon,
Olamni mahliyo aylagan diyor!

Bag‘ri keng o‘zbekning o‘chmas iymoni,
Erkin, yosh avlodlar senga zo‘r qanot!
Istiqlol mash’ali, tinchlik posboni,
Haqsevar ona yurt, mangu bo‘l obod!

Кайырма:

Oltin bu vodiylar — jon O‘zbekiston,
Ajdodlar mardona ruhi senga yor!
Ulug‘ xalq qudrati jo‘sh urgan zamon,
Olamni mahliyo aylagan diyor!

# I ЧЕЙРЕК

# ЭГЕМЕНДҮҮ ӨЛКӨМ МЕНИН



# КЫЛЫМГА ТЕТЕ КҮН

1991-жылдын 31-августу Өзбекстан үчүн кылымга тете күн болду. Ушул күндөн баштап журтубузда «Эгемендүүлүк» сөзү тилибизге көчтү.

Ошол күндөн башталган доор ичинде жашы улуулар да, жашы кичүүлөр да кайра төрөлдү. Көзүбүз ачылып, ата-бабаларыбыздан Амир Темурду тааныдык. Падыша жана акын Бабур Мырзанын рухун эске алдык. Мусулман дүйнөсүндөгү пайгамбарыбыз Мухаммад алайхиссаламдын сөздөрүн топтоп берген хадисчи бабаларыбыз Имам Термизийлерден кабар таптык. Бахавуддин Накшбандий, Абдукалык Гыждуваний, Кожо Али Рамитаний, Бурханиддин Маргынаний сыяктуу жүздөгөн ата-бабаларыбызды билип алдык.

Эгемендүүлүккө жетишкен соң, аз эле убакыт ичинде Өзбекстан дүйнөдөгү өнүккөн мамлекеттердин катарына чыгып алды. Мында машина жана самолёт куруучулук сыяктуу өнөр жай тармактары, жер асты байлыктары, айыл чарбасы чоң мааниге ээ.

Ташкент, Бухара, Хива жана Самарканддагы тарыхый эстеликтерге көңүл бурулду.

Бүгүн айылга өндүрүш тармактары жетип барды. Дүйнөнүн эң соңку моделдеги техникасы Өзбекстанга көчүп келүүдө. Анын чыныгы ээлери силер болосуңар, кымбаттуу окуучулар! Силерге, балдарга түбөлүк мүлк болуп калат. Өзбекстандай гүлдөгөн мекен жана жер-мүлк ээлери ар тараптан

окумуштуу, өнөрлүү, өз эрк-укуктарын биле турган болуп жетишүүсү зарыл. Эгемендүү республикабыздын балдарынын билим алуусу жана өнөрлүү болуусу үчүн дүйнө эшиктери кең ачып берилди.

Илимдин мейкинин чабыттап,
Дүйнөгө даңгыр жол ача бер.
Эл-журт деп жүрөгүң жалындап,
Изгилик нурларын чача бер.

1. Эмне үчүн 1991-жылдын 31-августун кылымга тете күн дейбиз?
2. Эгемендүүлүк аттарын кайтарып берген окумуштуулардан кимдерди билесиңер?
3. Силер келечекте ким болууну каалайсыңар?

## МЕКЕН

Мекен — деген туулган жер,
Биз жашаган так ушу.
Ала салган дайра, көл,
Кум, таш, турпак аңызы.

Тоосунда өскөн токой-чер,
Ой-талаасы — баарысы.
Ошолор канды жүргүзүп,
Ошолор жүрөк кагышы.

*Сулайман Маймылов*

# КЫРГЫЗ ЖЕРИ

Ала-Тоо ак калпагын кийген кезде,
Аскасы көк асманга тийген кезде.
Мен дагы жолго чыгам таңды тосо,
Кучактайм, ой-кырларын нурга кошо.
Улуусуң — кыргыз жери нурдан бүткөн
Сулуусуң — кыргыз жери ырдан бүткөн.

Ысык-Көл — жердин көзү, кырлар — кашы.
Адырлар — көкүрөгү, токой — чачы.
Дайралар — кан тамыры, чоку — таажы,
Седеби, топчулары — ар бир ташы.
Кең түздүү, гүл денелүү кыргыз жери,
Күн жүздүү, берекелүү кыргыз жери.

Жылдыздар көк бетинен өпкөн кезде,
Жарык нур жер жамалын өпкөн кезде,
Көл чалкып, тоолор койнун ачкан кезде,
Жер жаркып, таң күлкүсүн чачкан кезде,
Көркүнө көрк кошулат кыргыз жери,
Сезилет ата-эненин мээримдери.

*Түмөнбай Байзаков*

1. Ыр силерге жактыбы? Кыргыз жергеси кандай экен?
2. Силер өз жергеңерди кандай элестетесиңер?
3. Ырда «Мен дагы жолго чыгам таңды тосо» дегенди кандай түшүндүңөр?
4. С.Маймыловдун «Мекен» аттуу ырын жаттап алгыла.

# ӨЗБЕКСТАН РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК СИМВОЛДОРУ

Балдар, силер ар бир мамлекеттин өз аты болорун жакшы билесиңер. Ал адамдын аты сыяктуу ошол мамлекетти өзгө элдерден өзгөчөлөнтүп турат.

Калыптанган салтка ылайык, мамлекеттин аты гана эмес, ошону менен катар анын өзүнө гана тиешелүү символикалары да болот. Алар: мамлекеттик туу, герб жана гимн.

Мамлекеттик туу — мамлекеттин расмий белгиси. Ал Өзбекстан Республикасынын Жогорку Кеңешинин 1991-жылы 18-декабрдагы VII сессиясында кабыл алынды. Ал үч түстөн: көгүлтүр, ак жана жашыл түстөн турат.

Туудагы көгүлтүр түс — көк асман менен тунук суунун белгиси. Тиричиликтин мазмунун сүрөттөгөн бул түс жакшылыкты, ак ниеттүүлүктү, атак-даңк менен келечекке ишенимдүүлүктү билдирет.

Ак түс — тынчтыктын, арууулуктун белгиси. Бул жаш эгемендүү мамлекет өзүнүн өнүгүү жолунда бийик ашуулардан өтүүсү керек, ошол ашуу жолдор жарык болсун дегенди туюнтат.

Жашыл түс — укмуштуудай жаратылышыбыздын көрүнүшү.

Кызыл белгилер — ар бир тирүү организмге өмүр берүүчү күчтүн, тулку боюбузда ташкындаган кудуреттүү кандын символикасы. Жаңы туулган жарым ай элибиздин өткөн тарыхы, каада-салты менен айкалышып турат.

Тууда көптөгөн мусулман мамлекеттеринин тууларындагы сыяктуу 12 жылдыз да бар, алар өркүндөөнүн жана өнүгүүнүн белгиси болуп саналат. Мамлекеттик туу мамлекеттик мекемелердин, эл аралык уюмдардын, элчиликтердин имараттарына илинет.

Мамлекеттик герб Республикалык Жогорку Кеңештин 1992-жылы 2-июлда болуп өткөн X сессиясында кабыл алынгандыгын ар бир мектептин окуучусу билүүгө тийиш.

«Герб» сөзү немис тилинен алынган. Анын эң алгачкы үлгүлөрү касиеттүү жаныбарлар түрүндө байыркы замандагы адамдардын уруулук символикалык белгилеринде кездешет. Кийинчерээк герб мамлекеттик эмблема катары туугa, акчага түшүрүлгөн. Элибиздин эң көрүнүктүү сүрөтчүлөрү жасаган мамлекеттик гербибизде алтын шоолалуу күн нуруна бөлөнүп турган талаа сүрөттөлгөн.

Гербдин жогорку бөлүгүндө республика элдеринин биримдигинин белгиси — сегиз бурчтуу жылдыз бар. Анын ортосуна мусулман элинин ыйык белгиси болуп санала турган жарым ай менен жылдызча жайгашкан.

Гербдин ортосунан бакыттын, ийгилик менен баатырдыктын белгиси — Зымырык кушун көрөбүз.

Бул белгилердин бардыгы элибиздин тынч, бактылуу, бейпил турмушундагы үмүт-тилектерин туюнтат.

Эгемендүү Өзбекстан Республикасынын мамлекеттик гимни 1992-жылы 10-декабрда бекитилген.

Дүйнө жүзүнүн элдери мамлекеттик символдорго чоң урмат менен карайт. Ал эми мындай белгилерге урматсыздык билдирүү кылмыштуу жоопкерчилик катары каралат. Балдар, силер да мамлекеттик символдорду урматтагыла. Алар — биздин сыймыгыбыз.

1. Мамлекеттик символдорго эмнелер кирет?
2. Өзбекстан Республикасынын мамлекеттик символдорунун качан кабыл алынганын дептериңерге жазып алгыла.
3. Мамлекетибиздин гербинде эмнелер сүрөттөлгөн?

## МЕКЕН

Ак кептер койнун ээлеген.
Апамдай сүйкүм кең мекен.
Ар дайым атап атыңды,
Ар дайым толкуйм сен десем.

Атагың уккан дегдешет,
Алыстан көрүп эл келет.
Ааламда сонун жайлар көп,
Кайсысы сага теңдешет.

Тырнактай болуп жаралып,
Тууган жер көнсөң оюма.
Көрсөтөр элем дүйнөгө,
Көтөрүп жүрүп колума.

*Байдылда Сарногоев*

1. Ырдын аты эмне үчүн мекен?
2. Ырды жаттап, мугалим менен талдагыла.



## ӨЗБЕКСТАН РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОНСТИТУЦИЯСЫ

*(сахна) Эркин Маликов*

Бала: Жер жүзүндөгү бардык өлкөлөрдүн өз Конституциясы бар.

Кыз: Гимн, герб, туу өлкөнүн белгиси болсо, Конституция ушул мамлекеттин мазмуну.

Бала: Анда өлкөнүн бүгүнкүсү жана эртеңкиси айтылат.

Кыз: Конституция мамлекеттин жан-дили, мыйзамы.

Бала: Өзбекстан Республикасынын Конституциясы дүйнөдөгү эң чынчыл, элдин таламын көздөгөн деп таанылган.

Кыз: Конституция 26 глава, 128 статьядан турат.

Бала: Ал 1992-жылы 8-декабрда кабыл алынган.

Кыз: Анда Өзбекстан элдеринин бардык ой-максаттары өз ордун тапкан.

Бала: Жаңы төрөлгөн бөбөктөн тартып карыларга чейин алардын тынчтыгы, ден соолугу камсыздандырылган.

Кыз: Өзбекстан укуктук мамлекет.

Бала: Мыйзам бардыгы үчүн бирдей.

Кыз: Конституциядан пункттар: «Энелик жана балалык мамлекет тарабынан корголот».

Бала: «Ар ким билим алууга укуктуу».

Кыз: «Акысыз билим алуу мамлекет тарабынан белгиленген».

Бала: «Мектеп иштери мамлекеттин көзөмөлүндө».

1. Конституция дегенде эмнени түшүнөсүңөр?
2. Эгемендүү Өзбекстан Республикасынын Конституциясы жөнүндө эмнелерди билесиңер?
3. Конституциядан келтирилген пункттарды жаттап алгыла.

## Макал

Илим өмүрсүз болбойт,
Куш канатсыз болбойт.

# АСМАН КАЙДАН БАШТАЛАТ?

— Асман кайдан башталат?
Кумурска айтат:
— Тээ бийик
Жашыл шибер, дарактан.
Ашып кетсе кичине,
Аркан бою нараактан.

Ай-ааламды кыдырган,
Айтат баатыр космонавт:
— Асмандагы жаркыраган,
Жылдыздардан башталат.

Бүркүт айтат шаңшыган:
— Заңгыр бийик тоолордон.
Адам чыгып жете алгыс,
Айды челген зоолордон.

Айтат дыйкан бабабыз,
Баарыбызды наз карап:
— Асман менин береги,
Аңызымдан[1] башталат.

*Каныбек Жунушев*

1. Силер кандай деп ойлойсуңар, чын эле асман кайдан башталат?
2. Эмне үчүн асмандын кайдан баштала тургандыгын ар ким ар башкача айтып жатат?

---

[1] *Аңыз* — талаа деген мааниде.

3. Эмне үчүн дыйкан асманды менин аңызымдан, талаамдан башталат деп жатат? Асман менен дыйкандын талаасынын кандай байланышы бар?

Силер бир нерсени байкадыңарбы? Чыгармада суроо коюлуп, бирок даяр жообу берилген жок. Ага жоопту ар ким өзү каалагандай табууга тийиш. Жооп табуу үчүн ойлонуу зарыл, ал эми ойлонгон сайын адамдын акылына акыл кошулат эмеспи.

Өзү кичине, колума чакан,
Кайда барсам ала барам.
Олтуруп алып ичин ачам,
Баатырларча аралашам.
Аябаган кызыкка батам,
Аягына жеткенче шашам.

(Китеп)

## Бөлүм боюнча суроолор жана тапшырмалар

1. Жыл сайын биз эмне үчүн 1-сентябрды майрамдайбыз?
2. Өзбекстандын герби, туусу жөнүндө эмнелерди билесиңер?
3. Өзбекстан Республикасынын мамлекеттик гимнин жаттап алгансыңарбы?
4. «Өзбекстан — келечеги улуу мамлекет» деген сөздү ким айткан? Өзбекстандын улуулугун кандайча түшүнөсүңөр?

## ЖЕРИБИЗДИН, ЭЛИБИЗДИН, ТИЛИБИЗДИН БАЙЛЫГЫ

### АТА ЖУРТ



Ар бирибиздин бүткүл адамзат билгидей, кызыккандай, суктангыдай айылыбыз, татыктуу, кооз Ата Журтубуз бар. Менимче, ар кимибиздин Ата Журтту таануубуз, сүйүүбүз адегенде айылдан башталган. Муну ар ким билет: ар бир адамдын айылы, Ата Журту эч бир элдикинен кем эмес. Айылды, анын адамдарын таныып, сүйө албаган адамдын Ата Журтту, улуу Мекенди баалап, сүйө аларына шегим бар.

Ата Журтубуз дүйнөгө аны эң назик сөз менен даңазалоого татыктуу. Келгиле, сүйүүбүздү жашырбайлы. Бири-бирибизге айталы!

Ар бирибиздин сүйүүбүздөн Ата Журт, айылыбыз кооз болот, көркүнө келет, түрлөнөт, ажарланат, байый түшөт, күчүнө толот.

Окуучум, көп эл болобу, аз эл болобу, ар кимдин бөлөккө сабак болор жугумдуу насаат сөзү, салты, сулуулугу, эмгеги, эрдиги, тарыхы болот эмеспи. Элдин байлыгын бир эле кени менен суусу, малы менен даны гана түзбөстөн, ошол элдин байыртан бери келаткан ички жан дүйнөсү — анын улуу байлыгынын уюткусу да түзөт. Ата Журттун сулуулугу бир гана табиятында болбостон, ошол элдин ак дилинде, ыр-обонунда, комуз күүсүндө болот. Окуучум, карачы, элдин колунан не деген боёктор, оюу-чийүүлөр жаралбайт. Мындагы элдин оозунан не деген назик обондор, ырлар аткарылбайт. Көк мелжиген улуу тоолору кебез булут менен оролгонун, асманында бүркүт шаңшыганын, кокту-колотунда миң түркүн кушу, кайберени оттогонун, мөлтүр булагы капчыгай аралап, шаңга баткан сулуу жерлерди көрдүң беле, окуучум. Гүлгө оронгон тоо бети сансыз малга толуп, жашыл өрөөнүндө түнкүсүн жылдыздан көп оттор жанган кыштак, шаарларын көрдүңбү? Ойдуң-түзүндө жемиши, талааларында эгин, пахтасы токчулуктан кабар берген бейпил Ата Журтум!

1. Ата Журт дегенди кандайча түшүндүңөр? Текстте кайсы айыл жөнүндө жазылган деп ойлойсуңар?
2. Элибиздин байлыгын эмнелер түзөт экен? Ал боюнча силердин оюңар кандай?
3. Эл менен Ата Журттун кандай байланышы бар экен?

## МЕНИН ЭЛИМ — ЗАЛКАР ДАРАК

Менин элим — залкар дарак,
Мен даракка жалбырак.
Жашап жаткан жаным анда,
Жарык чачкан таңым анда.

Менин элим залкар дарак,
Мен даракка жалбырак.
Жаным анда,
Каным анда,
Таңым анда.
Турат дарак ар убак,
Өмүрүмө нур улап,
Көңүлүмө ыр улап!

## ҮЧ ЭНЕМ

Кучагында төрөлдүм,
Мээримине бөлөндүм.
Үч энемдин алтындай,
Мээримине бөлөндүм.
Мекен, мектеп, өз энем,
Бак таалайга бөлөдүң.

*Майрам Абылкасымова*

1. Акын өз элин кандай даракка салыштырат?
2. «Үч энемдин алтындай,
Мээримине бөлөндүм» дегенди кандай түшүндүңөр?

# АДИЛЕТТҮҮ ПАДЫША

Илгери-илгери үйүр-үйүр жылкысы, короо-короо кою, жайлоого батпаган малы бар, эли ток, байлыгы мол, жери кенен бир журт болот. Падышасы ары акылман, ары адилеттүү саясат жүргүзөт. Эли журт башчысынан ыраазы, өлкөсү гүлдөп-өсүп, жылдан-жылга өнүгө берет.

Ошол эле аймакта бул журтка коңшулаш дагы бир мамлекет болот. Анын падышасы каары күч, жасаганы зулум, көрсөткөнү кордук болуп, эли дайыма коркууда жашайт. Падышанын ойлогон ою өзүнүн аскерлери менен башка жерлерди да басып алуу, баскынчылык менен байлык арттыруу эле.

Адилеттүү падышанын журтунун бактылуу күндөрү көпкө созулбайт. Анткени, күндөрдүн биринде каардуу падыша өз элчилерин бул журтка жиберип, «Өлкөңдүн эсеп жеткис малдарынан миң үйүр бербесең, сага согуш ачам. Берсең, алты ай сага тийбей жөн жатам»,— деген талабын айттырат. Анда адилеттүү падыша өз кеңешчилеринен жардам сурайт. Алар: «Малды берип жарды болгончо, согушуп өлгөнүбүз оң»,— деп кеңеш беришет. Буга жооп катары падыша: «Алты ай тийбесе, алсын ошол миң үйүр малды»,— деп элчилерди мал менен жөнөтөт. Кеңешчилери журт башчысынын бул жоругунан айран-таң, не максатта мындай жооп бергенин билишпейт.

Арадан алты ай өтөт, каардуу падыша:

—«Токсон төөгө артылган алтын менен күмүш бер, же болбосо куралчан согушууга мында кел», —деген жаңы талабы менен элчилерин жөнөтөт. Адилеттүү падыша бул жолу да кеңешчилеринин пикири менен алтындарды бербестен, согушка баруунун ордуна каардуу падышанын талабын аткарат. Элчилер олжону алып артка кайтаары менен жашыруун түрдө аскерлерин согушка даярдай баштайт. Олжолуу келген элчилерин көргөн каардуу падыша аябай кубанып, алтын менен күмүшкө магдырап, аскерлерин да көзөмөлгө албай, бош коёт.

Мезгил жылып, дагы алты ай өткөн соң, каардуу падыша: «Мамлекетиңдин четиндеги чөп өспөгөн, эл турбаган такыр жериңди мага бер, болбосо бүт элиңди кырып, өзүңдү кул кылам»—деп, элчилеринен айттырып жиберет. Бул жолу да кеңешчилерин чогулткан адилеттүү падыша алардан кандай жооп берүү жөнүндө сурайт. Анда кеңешчилер: «Бизге журттун четиндеги такыр жерден сиздин өмүрүңүз кымбат. Такыр жердин эч кандай пайдасы жок, берсе берели»,—дешет. Анда адилеттүү падыша:

—Эмгектенсең мал да, байлык да табылат, анын жоголгону кырсык эмес, бирок туулган жердин, Мекендин жоголгону чыныгы кайгы. Мекенсиз адам үнсүз булбул, Мекенден айрылганча, өмүрдөн айрыл,—деген сөз бар. Андыктан Мекендин ар бир карыш жери үчүн да күрөшүү керек,—деп каардуу падыша менен согушууга аттанат.

Согушта мыкты даярданган аскерлери менен адилеттүү падыша жеңип чыгат. Мурда олжого кеткен эсеп жеткис малдарын да, төөгө артылган байлыктарын да кайтарып алат. Каардуу падышанын элин зулумдан куткарып, бакыт-таалайга жеткирет. Ошондон улам, «Мекендин бактысы — өмүрдөн кымбат», — деген накыл сөз айтылып калган экен.

1. Адилеттүү падышанын журту кандай экен?
2. Каардуу падышанын эли эмне үчүн дайыма коркууда жашайт деп ойлойсуңар?
3. Адилеттүү падышанын Мекен жөнүндөгү айткан сөздөрүн түшүндүңөрбү?

## ӨЗБЕКСТАН

Агарып аткан ак таңдуу,
Ак алтындуу — пахталуу.
Кактаган күн аптабы,
Ажайып өлкөм, азат өлкөм,
Өзбекстан, Өзбекстан.

Байлыкка мол кең талааң,
Гүлгө бүркөнгөн Ферганаң.
Сулуу, көркөм айланаң,
Ыр-күүң мол, шооланң мол,
Өзбекстан, Өзбекстан.

Самарканд бай багы менен,
Сулуулугу, коодзугу менен.

Байлыгыңды ашырган,
Уул-кызың мол, байлыгың мол
Өзбекстан, Өзбекстан.

*Мекембай Оморов*

## Макал

Булбул гүлзарын сүйөт,
Адам Мекенин сүйөт.

## КАСИЕТТҮҮ ҮРӨН

### I

Илгери-илгери бир бала болуптур. Ал ойноп отуруп, «Чоңойгондо кандай адам болом, эмне кылышым керек?» — деп ойлонот. Ойлонуп-ойлонуп отуруп жолго чыгат. Жолдо баратып, күмүш канаттуу көгүчкөндөрдү көрөт. Күн чубактап ойногон кийиктерге кезигет.

Бала ашып-шашып бара берет. Ак өңүнө айдын нуру тамган кайыңдарды аралап өтөт.

Бир мезгилде «тарс» эткен үндөн улам кулап түшкөн эликти көрүп калат. Жанына барса, татынакай чаарчык секирип, ойноп туруптур. Жаралуу элик, кыйналып жатыптыр. Чаарчыгы энесинин жаралуу экенин кайдан билсин?! Ачка болсо керек, эмчегин эмем дейт. Көрсө, мурда эликтин эмчеги сүткө толуп, эми эмизейин деп турган экен. Чаарчык беш алты соруп, сүт ордуна кан келгенин көрүп, боздоп-боздоп ыйлап жиберет. Ошондо бала өзү ичейин деп жонуна көтөрүп алган сүтүн ага берет. Чаарчык сүттү ичип болуп:

— Менин да дөөлөтүм бар экен. Өлбөй аман калдым. Жолуң болсун, тилегиңе жет! — деп туруп, көздөн кайым болот. Бала андан ары жөнөйт.

1. Чыгарма силерге жактыбы? Эмне үчүн андай деп ойлойсуңар?
2. Бала кандай экен? Кийин ал кандай адам болор экен?
3. Чыгармалардагы салыштырууларга көңүл бөлгүлө?

## II

Түн кирет. Асмандан жылдыздын нуру төгүлүп турат. Шамалы ойноок келип, бети-колуңду аймалайт. Таң атат. Жолдон аппак боз үйгө туш келет. Андан бир чаарчык чыгат да:

— Кайда баратасың, эмне издеп жүрөсүң? — дейт. Бала адамдардын жүрөгүнө жакшылыктын, боорукерликтин үрөнүн сепсем деген оюн айтат. Анда чаарчык:

— Ушул тоодон ары жүрө берсең шуулдаган карагайларды аралап өтөсүң. Кымкап, килем жайгандай талааларды басасың. Чаарчыктардын жүнү шамалга дирилдеп, улам кубулуп турганын көрөсүң. Кайыңдары бул жердегиден да апапак болот. Андан ары кара тоого урунасың. Анын түбүндө кара үңкүр бар. Үңкүргө коркпой кир. Ичинен болот ээр көрөсүң. Ага минсең, ээр өзүнөн-өзү тоого көтөрүлөт. Андан ары өтөсүң. Түбүндө кызыл үңкүрү бар кызыл тоо учурайт. Ал үңкүргө коркпой кир. Үңкүрдүн ичинде күмүш ээр турат. Ага минсең ал дагы

баягыдай көтөрүлөт. Андан өтүп, көк тоого жетесиң. Этегинде алтын ээр бар. Ага минип чокусуна чыксаң алтындан курулган үй турат. Үйгө кир да, андагы кишиге оюңду айт, — дейт. Бала макул болуп жөнөп кетет.

Канча жол жүргөнүн билген жан жок. Бир күнү бала кара тоого келет. Кара тоонун кара үңкүрүнө кирет, болот ээрге минип андан да өтөт. Кызыл тоодон да өтөт.

Андан кийин кайсы тоо эле? Ооба, көк тоого келет. Алтын ээрди минип көк тоонун үстүндөгү алтын үйгө жетет. Алтын үйдөн асманды караса, ай топтой, жылдыздар мончоктой болуп көрүнөт. Асманды бир караса жан бардай сезилет, бир караса, жан жоктой туюлат. Ошентип таң калып турса, үйдүн тээ тереңинен шуулдаган добуш чыгат. Же адам экени, же туман экени билинбеген элес көрүнөт.

1. Баланын ою кандай экен?
2. Ал кандай тоолорго туш келди?
3. Чыгарма мындан ары кандайча уланат деп ойлойсуңар?

## III

Ал элес:

— Ай, жаш бала, сөзүмдү жакшылап ук. Сенин эмне самап келгениңди билем. Адамдардын жүрөгүнө жакшылыктын, боорукерликтин касиеттүү үрөнүн себейин деп жүрүптүрсүң. Анын үрөнү мына, оозуңду ач! — деп, оозун ачырат да,

таттуу бир нерсени салат. — Билип жүр, бала, жер жүзүн кыдырып, элге жалаң гана жакшылыкты, боорукерликти үйрөтөсүң. Келечекте жолдошторуң көп болот. Аларга адамдык асыл сапатты үйрөтөсүң. Анан алардан өнөр, жакшы акылды башкалар кабыл алышат. Менин айтканымды унутпа. Эми элиңе бар. Калкка жакшылыктын, боорукерликтин касиеттүү үрөнүн сеп. Тилегиң аткарылсын. Жүз элүү жашка чык! — деп, баягы элес көздөн кайым болот.

Ошондон бери кичине бөбөктөр уктап жатканда бала алардын түшүнө кирип, жүрөгүнө жакшылыктын, боорукерликтин үрөнүн сээп кетет экен. Алар ыйлаак болбойт. Тил алчаак, ата-энесине боорукер, элине кайрымдуу болуп өсөт экен.

Ошондон кийин акыл-эстүү, элпек, эмгекчил баланы эл көп эңсейт экен.

*Жээнбай Мукамбаев*

1. Чыгарма эмне үчүн «Касиеттүү үрөн» деп аталыптыр?
2. Бала касиеттүү үрөнгө кантип ээ болду?
3. Эмнеликтен ал ага оңой жетишти?

## ТОО БУЛАК

Шыр, шыр, шырылдак,
Шырылдама ыр ырдап,
Кыйын ырчы тоо булак.

Шар, шар, шарылдак,
Шарылдама ыр ырдап,
Эң обончу тоо булак.

Көбүктөрү кыжылдап,
Көп сүйлөмө быжылдак,
Укмуш экен тоо булак.

Чаңкаганга чоң ынак,
Эңкейиште тызылдак,
Оюн салма тоо булак.

Тоо булак, тоо булак,
Тоо булакка жууналык,
Чымыр булчуң бышыксын.

Тоо уланы экен деп,
Тоонун кызы экен деп,
Көргөн киши кызыксын.

*Түгөлбай Сыдыкбеков*

1. Кандай экен тоо булак?
2. Эмне үчүн «Эңкейиште тызылдак»?
3. «Көп сүйлөмө быжылдагы» эмнеси?

## УЮККА ТИЙБЕ!

Карагайдын жоон тамырларынын чытырманында сары аарынын уюгу бар болчу. Ал уюкту мен балдар менен отун алып, кожогат терип жүрүп көргөнмүн. Уюктун бети аары бал жыйнаган момго окшоп, анда аарылар тынбай учуп-конгонуна кызыкканмын. Ии, ичи кең го, балы көп го деп ойлодум. Бирок балынан да анын түпкүрүндө өтүп жаткан турмушун билгим келди.

Шибердин арасынан кулачтай чегедек таякча таап алып, уюкка жакын барып, бир азга карап турдум. Жыбырап тешиктерге бири кирип, бири чыгып жатышты.

Ошол замат чегедек таяк менен уюкту «күрт» сайдым да, кылчайбастан качып жөнөдүм. Кырк-элүү метрдей узап барып, ай эми мага тийбес деп делдес караганымда, бузулган уюктун үстүндөгү бызылдаган аарылар өзүнчө эле бүлүк түштү.

«Кантишээр экен. Бузулган уюгун таштайбы же аны баарылап оңдоп алышабы?» деп алыстан карап турганымда «ызз» эткен дабышка удаа чекеме октой тийген аарынын чагышы башымды зыңгыратып жиберди. Ошол замат эле ушунча катуу ооруду дейсиң, аары чакпай эле көк союл башыма «тарс» согулгандай кеңгирей түштүм.

Бат эле чекем кыпкызыл болуп шишип кетти. Эрксизден көз жашым тамды. Үйгө жеттим.

Энем мени аяр дегенимче, ал кайра мени жемеледи:

— Ии, чала сага. Ушуну көрмөксүң. Уюкка тийбей жүр дебедим беле. Энесинин тилин албаган бала сенчилеп аарыга чактырат!

1. Эмнеге энеси баласын аягандын ордуна кайра аны жемеледи?
2. Энеси туура кылдыбы же туура эмеспи? Эмне үчүн?
3. Энеси баласынын уюкка тийишкендигин кантип билди?

# СҮРӨТЧҮ БУЛУТТАР

Асмандагы ак булут —
Көк деңизде кемедей.
Берки булут кадимки —
Элечек кийген энедей.

Түтүнү сымал айылдын —
Кара булут дөөгө окшош.
Ээрчишип жүргөн булуттар
Эчки, тайлак, төөгө окшош.

Жал-куйругун сапырган,
Тиги булут — атка окшош.
Кызыл булут жалбырттап —
Коломтодо отко окшош.

Караймын көктө булуттар,
Чыга албайм анын четине...
Сүрөт тартып койгондой,
Көк дептердин бетине.

*Амангелди Мисиров*

?! 1. Ырдын өзгөчөлүгү, жакшы жагы эмнеде деп ойлойсуңар?
2. Анда салыштыруулар кандай берилиптир?
3. Эмне үчүн көк дептердин бетине деп жазат? Эмне үчүн аппак барак бетине делбейт?

## БАЙКУШ ТЫЙЫН ЧЫЧКАНГА ЭМНЕ ЖЕТПЕДИ?

Мергенчи тыйын чычканды кармап алып, торго салып койду. Ал бир жыл бою тордо жатып, аябай эрикти. Токойдогу эркин турмушун сагынды. Эми андай жыргалчылыкты экинчи көрбөйм го деп биротоло үмүтүн үзүп да койду. Бир күнү үйдөгүлөр торду тазалашты, бирок эшигинин илгичин илбей, унутуп коюшту. Тыйын чычкан дивандын үстүнө секирди. Андан кийин терезенин текчесине чыкты. Анан терезенин форточкасына жабышып, сырттагы жакын турган бакка чыга качты. Бактан бакка секирип отуруп, токойго кирип барды. Ал токойдогу достору менен аман-эсен көрүшүп, жыргап-куунап өмүр сүрө баштады.



— Кана, айтчы, — дешти достору, — деги сен кайда барып келдиң, кантип күн көрүп жүрдүң?

— Ээй, достор, мени кармап барган киши мага бир ооз жаман сөз айтпай, эркелетип, сылап-сыйпап гана багып жүрбөдүбү. Башыма атлас жаздык жаздап, үстүмө шайы жууркан жамынып уктачу элем. Жаңгак, печенье жана ушул сыяктуу таттуу, сонун-со-



нун тамактар анда абдан эле жетиштүү болчу. Аларды дагы жакшынакай тарелкаларга салып келип бергеничи!

Ушуларды угуп отурушкан берки тыйын чычкандардын шилекейлери чубуруп, аябай кызыгышты. Мындайды алар түшүндө да көрүшкөн эмес.

— Сен укмуштай эле жашаптырсың, жеген-ичкениң кенен эле болуптур. Бирок эмнегедир өңүң жаман, жүдөңкүсүң. Айтчы, деги сен байкушка эмне жетпеди? — деп сурашты тыйын чычкандар.

— Мага эң зарыл бир неме жетпей, ушинтип өңүмөн азып жүрбөдүмбү. Ал жетпеген... Дал ушул учурда токойдо катуу шамал болуп,

тыйын чычкандардын кебин угузбай, жалбырактар шуудурай баштады.

Силер кандай дейсиңер, бул тыйын чычканга эмне жетпеди?

1. Тыйын чычкан тордон кантип кутулду?
2. Ага токойдо жакшы бекен же үйдөбү? Эмне үчүн?
3. Бул чыгарманын «Өзбекстан — өз өлкөм!» деген бөлүмгө кандай тиешеси бар деп ойлойсуңар?

## Бөлүм боюнча суроолор жана тапшырмалар

1. Бул бөлүмгө тиешелүү кандай өзгөчөлүктү байкадыңар?
2. Бул бөлүмдөн эмнени үйрөнө алдым деп ойлойсуңар?
3. Мекен дегенди кандай түшүнөсүңөр?
4. Өзбекстандын өткөн тарыхы жөнүндө эмнелерди билесиңер?
5. «Туулган жерим» деген темада чакан аңгеме жазууга аракет кылгыла.

# АЛТЫН КҮЗ

## АЛТЫН МЕЗГИЛ

Өлкөбүзгө алтын күз өз берекесин чачты. Кечки салкын, эрте мененки абадагы өзгөрүүлөр, бак-дарактардын жалбырактары күз мезгилинин келишинен кабар берет. Тоо кырларындагы шаркыратмалардын добушу акыриндап, кылымдар бою турган муздардын эрүүсү токтоду, тоо жээгиндеги суулар азайды. Долонолор кызыл түскө кирди. Бул мезгилде пахта талааларына да башкача түс кирет. Күн уясынан баш көтөрөрү менен анын нурлары пахта катарларына түшүп, жалбырактардагы шүүдүрүм ар түрдүү түс берет.



Күн нуру түшкөн жалбырактар, кеч ачылган гүлдөр, пахталар көздүн жоосун алат.

Таң саарлап жана күн отурган убакыттарда чыйырчыктар тобу көзгө көрүнүп калат. Алар дагы эле өлкөбүздөн учуп кете элек.

Сентябрдын акырларына барып чыйырчыктар биз менен коштошуп, өздөрү үчүн ка-

дырлуу болуп калган жерлерге канат кагышат. Жылуулукту каалоочу канаттуулардан чабалекей-лер, көк каргалар, узун канаттар биринчилер-ден болуп учуп кетишет. Сентябрда туяктуу жа-ныбарлардын да жашоосуна өзгөрүүлөр кирет. Алар көк чөптөр менен бирге дан, жемиш, мөмөлөрдү да сүйүп жешет. Бул алардын кыш-ка көп күч топтоп алуусуна мүмкүнчүлүк берет. Күздүн биринчи айы мөмө-жемиштер, коон-дар-быздар кеңири болушу менен көңүлүбүзгө ку-баныч тартуулайт. Алмуруттар, шабдалылар, ал-малар бышып жетилет, жүзүм жана анар дас-торконго көрк берет.

1. Күз мезгилинде жаратылышта кандай өзгөрүүлөр болот?
2. Күздө кайсы канаттуулар башка өлкөлөргө учуп кетишет?
3. Адамдардын күзүндөгү эмгектери жөнүндө айтып бергиле.
4. Күз мезгилине байланыштуу кандай макалдарды билесиңер?

## КҮЗ КЕЛДИ

Күз келди күлүп жадырап,
Күбүлөт алма бадырап.
Мойтойгон ойноо бөбөктүн,
Чөнтөгү толо бадырак.

Саргайып куурап калдырап,
Жел менен учат жалбырак.

Мээрман күзүм энемдей,
Мээрин төгөт балбырап.

*Турар Кожомбердиев*

1. Автор күздү кантип сүрөттөгөн?
2. «Мойтойгон ойноо бөбөктүн,
Чөнтөгү толо бадырак», дегенди кандай түшүнөсүңөр?

## УЙКАШТАРЫН ӨЗҮҢ ТАП

Кой-козуну тең жалмап,
Бээни жарат барып шыр.
Ошондуктан эл каргап,
Атын койгон ................ .

Болот беле шамдагай,
Оор кийимин таштаса.
Анда өтө тарбагай,
Көрксүз болмок .......... .

Кырсык туйса шак учкан,
Кыймылы да сак, ыкчам.
«Сактыгынан өлбөйт» деп
Эл атаган ...................... .

Ардактуу окуучулар, бүгүнкү сабакта мектеп короосунан күзгү табиятка байкоо жүргүзгүлө. Класска кайра келип, ал боюнча чакан чыгармачылык аңгеме жазууга аракет кылгыла.

# ШАБДАЛЫ

Ак көйнөгүн кийип алып Асел базарга барды. Анын аз эле акчасы бар болчу. Ал кечээ апасы менен барганда, элжиреп бышкан шабдалыны көргөн. Жегиси келсе да, апасына айткан эмес. Эми ошол үчүн келаткан. Балким анын акчасына бирөө эле келээр... Мейли бирөө болсо да жегиси келди...

Асел акырын басып кечээги шабдалы сатып отурган базарчы кемпирге келди. Базарчы кемпир бети-башын бырыш каптаган, ак чач неме болчу. Аселдин анын кызыл шабдалыларынан көзү өттү. Анан сөөмөйү менен көрсөтүп:

— Шабдалыңыздан бериңизчи... деп, болгон акчасын кемпирге сунду.

Кемпир акчасын санап көрдү да:

— Бирөө эле келет экен... — деди.

Асел «мейли» дегенсип, башын ийкеди. Кемпир анын колуна жаңы эле саргарып келатканынан бирди карматты. Кыз аны кармап көрдү да, ордуна кайра койду.



— Эмне, сага жакпай калдыбы бул? — деп, кемпир ага башкасын карматты. Анысы жерге түшүп, бир капталы чирип бараткан экен. Кыз колун сунуп баратып, кайра тартып алды.

— Ал эмес... Башкасын, — деди Асел.

— Кайсынысын? Алчы өзүң...

Асел көзү түшкөн баягы кыпкызылына колун созду. Ал жаңы эле кармап аларында, базарчы кемпир колго чаппаспы.

— Муну кара! Тандап жегиси келет!...

Асел колун тартып алып, кетенчиктей берди. Аселдин жүрөгү шуу эте түштү. Кеткиси келди...

Колун «албайм» деп жаңсап, алыстай берди. А базарчы кемпир кайра отурду да, ордунда кала берди. Ошентип, кичинекей Аселтай жегиси келип эңсеген шабдалысын алып жей албай, же акчасы жок, үйүнө томсоруп келатты...

*Сулайман Рысбаев*

1. Аселдин сырткы кебетесин кандайча сүрөттөөгө болот?
2. Эмне үчүн Аселге кемпир берген шабдалылар жаккан жок?
3. А кемпир эмнеге Асел өзү жактырган шабдалыны бербеди?
4. Кемпирдин колго чабышы туурабы?

## Бөлүм боюнча суроолор жана тапшырмалар

1. Күздү эмне үчүн «алтын мезгил» деп атайт?
2. Күз мезгилинде табиятта боло турган өзгөрүүлөр жөнүндө өзүңөрдүн билгениңерди айтып бергиле.
3. Элибиздин күз мезгилине мүнөздүү өзгөчөлүгү жөнүндө оозеки айтып бергиле.
4. Күздө жаныбарлардын, куштардын турмушунда кандай өзгөрүүлөр болот?

5. Күз көрүнүшү сүрөттөлгөн кандай ырларды жана аңгемелерди билесиңер?
6. «Өлкөбүздө күз» деген темада өз алдыңарча сүрөт тарткыла.

## ЖАЛБЫРАК

Күн шимирген жалбырак,
Күздө неге албырат.
Кызыл кийген өрүктөр,
Кимдин көзүн талдырат.

Салкын желге дилдиреп,
Зарыкканын билдирет.
Кыш бүткөнчө жазды ойлоп,
Кыйналарын ким билет?

Түркүн көрк, күздүн ажары,
Түшпөсүн кимдин назары.
Ажайып дүйнө болбосо,
Акындын барбы жазары.

*Надырбек Алымбеков*

**Ырды жаттап алгыла.**



# АДЕПТҮҮЛҮК — АДАМ КӨРКҮ

## СЫЛЫКТЫК ЖАНА АДЕП ТУУРАЛУУ

Адептүү бала жашы улуу кишилердин батасын алат жана ушул батадан дайыма көңүлү көтөрүлүп жүрөт.

Адептүү бала менен достору да сыймыктанышат. Анткени, анын улуу-кичүүлөрдүн арасында жакшы урматы бар. Өзүнөн улууларды урматтап, кичүүлөргө үлгү болот, колунан келген жардамын аябайт.

Адептүү бала бардыгынан жакшы жана бардык элге жагымдуу. Кичи пейилдүүлүк, сылыктык адамдардын жасалгасы. Өзүн төмөн алып, башкаларды сыйлаган адам эч качан жаман болбойт. Сылыктык, мээримдүүлүк, ыймандуулук, адептүүлүк кичипейилдүүлүктүн белгилери болуп саналат. Бул касиеттер адамга сулуулук тартуулайт.

## ЫЙМАН

Сурайт менден бөбөгүм,
— Ыйман деген эмине?
Эмесе жооп берейин,
Кулак салгын кебиме.

Салам айтып улууга,
Кичүүгө ызат кылганды.



Баракелде, бул өзү —
Бала, дейбиз — ыймандуу.

Автобуста баратсаң,
Келип калса жаныңа,
Карап кетпей тескери,
Орун бергин карыга.

Урмат кылып ар дайым,
Улуулардын тилин ал.
Ыймандуулук — адептүү,
Бала экенин билип ал.

*Байтемир Асаналиев*

**Ырды окуп, мазмунун айтып бергиле да, жаттап келгиле.**

# БИР ТҮЙҮНЧӨК АКЧА

## I

Эртең менен болчу. Талант мектепке келаткан. Автобус аялдамадан жаңы эле жөнөп кетти. Талант андан өтүп, жолдун өйүзүндөгү мектепти көздөй басмак.

Ал алдыга баса берип, жолдун жээгинде жаткан муштумдай түйүнчөктү көрдү. Анын ичин ачса — бир тутам акча! Санагы жете турган эмес. Ушунча акчаны көрүп Таланттын жүрөгү шуу дей түштү. Аны өзү бирөөдөн уурдап алгансып коркуп кетти.

Кокус ээси келип, «Сен муну кайдан уурдап алдың, ыя?» — деп кекиртегинен ала тургансып, алиги акчалар колунан түшүп кете жаздады.

Эмне кылуу керек?

**Чын эле эмне кылуу керек? Силер Таланттын ордунда болсоңор, кандай кылат элеңер?**

## II

Аңгыча өзүнөн чоң балдар артынан жете келишти. А алар көрүшсө, акчаларды колунан алып коёру бышык эмеспи. Ошон үчүн аларды коюнуна сала коюп, мектебин көздөй басты. Бирок баарынан кызыгы — бул акчалар кимдики? Аны кимге көрсөтөт? Акча таап алганын кимге айтат? Тыйын, же 100 сум, 500 сум болсо го мейли эле. А ал мынча акчаны каякка катат? Мынча акчанын ага эмне кереги бар?

Ал айласы кетип, колу-буту титиреп, алдыга баса албай туруп калды. «Атама айтайын, балким ал бул акчаларды ээсине берер...»

Талант ошентип ойлоду да, үйүнө тез эле жетип барды. Акчаны бергенде атасы:

— Муну сен уурдап алдыңбы? — деп оюю бузула түштү.

— Жок ата, жолдон таап алдым, — деди Талант.

— Качан?

— Азыр эле.

— Каерден?

— Аялдамадан, жолдун жээгинен...

— Чын элеби?

— Ооба...

Атасы терезеге келип, бир ирет эшикти карады да, уулуна жакын келип, моюнунан кучактады. Анын бетинен бир ирет өптү да, кулагына:

— Сенин бул акчаны таап алганыңды эч ким көргөн жокпу? — деп шыбырады.

— Жок, ата, эч ким көргөн жок.

— Чынбы?

— Чын!

Анын колу-бутунун титирегени басыла элек болучу. Ал дагы эле коркуп жаткан.

— Анда сен бул жөнүндө эч кимге айтпагын! Уктуңбу? Мен азыр эле шаарга барам да, сага кышкы пальто, жылуу өтүк, велосипед, чана сатып берем деген атасынын да колдору титиреп, эн-

тигип турду. Уктуңбу деймь, Талант, мени түшүндүңбү?!

Ал уулун дагы бир ирет кучактап өпкөндө, алынбай үпсүйгөн сакалы бети-башын сайгылап, оозунан бозонун жыты бурулдап турду.

— Уктуңбу? — деди атасы дагы бир ирет. Атасы ага керектүү нерселерди алып берем дегенге Талант кубанып калды.

— Уктум ата, — деди ал, — уктум, — эч кимге айтпайм!

— Анда билинбей сабагыңа бар. Бирөөгө билгизип койбогун!

— Макул, ата.

## III

Экинчи сабакка жаңы эле киргенде, дүкөнчү аял класска кирип келди. Ыйлап алыптыр, ыйлап жатып көзү шишип бүтүптүр.

— Айланып кетейин, күчүктөрүм, акча көрдүңөрбү?

Мен кургур дүкөндүн бүт акчасын азыр эле жоготуп жибердим... Автобуска отура электе бар эле. Айланайындарым, силер баарыңар эле бөжүрөп мектепке келатпадыңар беле. Айта көргүлөчү, сүйүнчүсүнө эмне каалаcаңар... Сатып берейин... Айланып кетейиндер...

Сөзүн айтып бүтпөй, буркурап ыйлап жиберди. Дүкөнчү эжени балдардын баары эле тааныйт. Ал Райкан эже эмеспи. Жакшы эже эле го...

Балдардан сөз күтүп, ал унчукпай калды. Балдар, мугалим эжей — баары «Ким тапты болду экен» дегенсип, бири-бирин карап калышты.

**Эми эмне болот деп ойлойсуңар? Окуянын кандайча өнүгүшүн каалайт элеңер?**

## IV

— Акчаңызды мен таап алдым, Райкан эже! — деди тура калып Талант, — мен таап алгам...

Райкан эже чуркап келип, Талантты мойнунан кучактап, өпкүлөп жиберди. Кудум эртең мененки атасы кучактап өпкүлөгөндөй өпкүлөдү.

— Чын элеби?! — деди ал ый аралаш.

— Чын эле. Үйгө алып барып, атама берип, анан... анан.... Мектепке келгем... Азыр эле... ишене бериңиз!

— Атаң үйдөбү?

— Үйдө го...

Райкан эжеси Талантты бооруна кысып алды. Андан жыпар жыттуу атыр менен бетмайдын жыты келип турду.

Талант Райкан эжени аяп кетти.

Жүрүңүз, үйгө баралы, — деди ал.

Үйгө жөнөштү. А үйдө эмне болгонун ким билсин?.. Атасы кайда болду экен? Акчаны эмне кылды экен?.. Ал жана атасына «айтпайм» деп убада бербеди беле.

Эми эмне болот? Талант дагы калтырап чыкты..

*Сулайман Рысбаев*

1. Талант биринчи жолу эмне үчүн титиреди? А экинчи жолучу?
2. Таланттын атасы эмнеге титиреп, энтикти?
3. Атасынан кандай жыт келди да, Райкан эже кандай жыттанды?
4. Таланттын ордунда болсоңор, силер кандай кылат элеңер?
5. Чыгарманын бул бөлүмгө кандай тиешеси бар?

## ЖАЛКООНУН ТИЛЕГИ

Жүрөгүмө чоктой тийди ызалык,
Күндө чыгам сабак билбей кызарып.
Кулактарым шыбырды тез угууга,
Кетсе боло бир метрдей узарып.

*Турар Кожомбердиев*

1. Анда эмне болмок?
2. Бул чыгармада эмне күлкүлүү экен?

**Ушундай кызыктуу, күлкүлүү чыгармаларды келгиле, бардыгыбыз да жазып көрөлү.**

## ЭҢ ЭЛЕ КЕРЕК ҮЧ НЕРСЕ

Биринчиси — тазалык,
Ыплас иштен качалык.
Жуунуп көңүл ачалык,
Таза жайга жаталык.

Экинчиси — эң керек,
Эне-атадан бир белек.
Тартиптүүлүк. Аны биз,
Сактабасак ким берет?

Үчүнчүсү — ак эмгек,
Үйрөн, көнүп жаш кезден!
Үйүң толот иштесең,
Табылат жогуң издесең.

Жакшылык, жыргал биз көргөн,
Ак эмгектин жемиши,
Эмгекчинин жеңиши,
Эмгексиз турбайт эр киши.

*Темиркул Үмөталиев*

## ТОКОЙДО

Күндөрдүн биринде эки дос үч күнгө саякатка чыкмай болушту. Алар дарыяны жээктеп узак жүрүштү. Балык кармап, чатыр тигип, убакыттарын куунак өткөрүштү. Түндү ошол дарыянын боюнда, салкын жел койнунда жыргап өткөрүштү. Эртеси жаңы күч, жаңы дем менен сапарларын дагы улантышты. Эми алдыларынан бийик дарактуу, мөмө жемишке мол чер токой чыкты. Токойдон жолго азык үчүн ар түрдүү мөмө-жемиштерден терип алууну туура көрүштү. Бири-биринен анча алыс кетишпей мөмөлөрдөн тере башташты. Мөмө

терүүгө кызыгып кеткен эки дос ары жактан келе жаткан аюунун шыбыртын угушкан жок.

Бир маалда жакын жерден аюунун өкүргөнү угулду. Даракка жакын жайгашкан бирөөсү дароо дарактын жогорку бутагына асылып чыгып кетти. Ал эми экинчиси дарагы сейрек, ачык жерде болчу. Ошондуктан жерге сулк жыгылып, өзүн өлгөнгө салып жатып алды.

Аюу баланы көрө коюп, тып токтоду. Кунт коюп күзөттү. Соң ага карай кадамын ылдамдатты. Баланын жанына келип аны жыттагылады. Терген мөмөлөрүн манжалары менен тыткылады. Башын көтөрүп, айланасын, дарактардын баштарын карады. Муну күзөтүп отурган бала дарактын жалбырактарына бекемирээк жашынды. Аюу баланы кайра жыттагылап, кулагына кобурагансып, көпкө турду. Анан башын көтөрүп, катуу бир өкүрдү да, ары карай жөнөдү.

Аюу кыйла алыс кеткенден соң ордунан акырын козголуп, дарактагы досун чакырды. Чачылып жаткан мөмө-жемиштерин чогулта баштады. Коркуп кеткен досу дарактан түшүп, аны көздөй чуркады.

— Досум, аюу сага тийбей кеткени абдан сонун иш болду. Бирок, кулагыңды көпкө жыттагылап, кобурагансыдыбы? — деди.

— Ооба, ал сени издеп таба албагандан соң, кулагыма бир ооз сөз айтып кетти.

— Ал эмне деди?

— Оор күндө таштап качкан дос менен саякатка чыккандан көрө, үйдө жалгыз отур, — деди, деп үйүн көздөй баса берди.

1. Балдар эмне себептен сапарга чыгышты?
2. Биринчи күн кандай өттү?
3. Экинчи күнү токойдо эмне болду?
4. Бала кандай амал ойлоду?
5. Аюу баланын кулагына чындап эле сүйлөдүбү?

## СУРАП БИЛҮҮ АДЕБИ

Уят эмес эч качан,
Билбегенин сураган.
Улуу иштерди адамдар,
Сурап билип улаган.

Түшүнбөсөм эсепке,
Эжекеме барамын.
Айтканына кунт коюп,
Сурап билип аламын.

Оронҙобой, кыйкырбай,
Иштин жайын сурайлы.
Аталардын бүтпөгөн,
Чоң иштерин улайлы.

*Гулмира Рысбаева*

## Бөлүм боюнча суроолор жана тапшырмалар

1. Адептүүлүк дегенде силер эмнени түшүнөсүңөр?
2. Жакшы адамдан кандай ат калат?
3. «Адептүүлүк — адам көркү» деген темада чакан аңгеме жазгыла.

# БАБАЛАРДАН КАЛГАН СӨЗ

Биз буга чейин төмөнкү класстардагы түрдүү бөлүмдөрдөн кандай гана кызыктуу чыгармалар менен таанышпадык! Залкар «Манас» эпосунан баштап, сакадай бою сары алтын болгон макал-лакаптарга чейин. Ал эми табышмак, жаңылмачтарчы, биринен бири кызык жомокторчу?!

Ошентсе да чети оюлайын дебейт. Биз анын бир үзүмү менен гана тааныша алдык. Адам өмүр бою аларды окуп, өмүр бою аны менен азыктанып келет экен да.

Биз 2-класста «ар түркүн макал-лакаптар, сүрөттүү ырлар, кроссворддор менен таанышгык, 3-класста «Манас» эпосунун Кубанычбек Маликов тарабынан иштелип чыккан кара сөз түрүндөгү кыскача вариантын окудук. Бүгүн биз андан ары улантып, «Семетей», «Сейтек» эпосторy жөнүндө окуйбуз.

## МАНАСТЫН УУЛУ СЕМЕТЕЙ

Ошентип Каныкей Букар шаарында атасынын колунда жалгыз уулу Семетей чоңойгончо турат. Семетейди Каныкейдин агасы Ысмайыл асырап турат.

Бирок бала чоңойгончо Манастын уулу экендиги айтылбайт. Семетей өзү да атам Ысмайыл деп эле жүрө берет.

Семетейчилердин айтуусу боюнча Семетейдин атасы Манас экендиги эки түрдүү жол менен билдирилет.

Биринчиси, Семетей чоңоюп, ит агытып, куш салып токойдо жүргөндө көмүр өчүрүп жүргөн бир Сары таз деген киши, кыязы Манастын туугандарынан болсо керек, атайын Семетейдин намысын козгоо үчүн жолунан тосуп, тайтайып тура калып:

— Э-е, жетим, сен бу жерде эмне Каракандын өз баласы окшоп жыргап-куунап жүрөсүң? Сенин атаң — Манас, жериң — Талас. Бирөөнүн эли эл болбойт. Эрте жолду тап! — деп баланын көөдөнүнө өрт коёт.

Семетей ыйлап олтуруп, Сары таздан жөн жайын аябай угат. Анан атасын айтпай жашырып жүргөнү үчүн энесине таарынып, акыры чындыгына жеткенде, таятасы менен кош айтышып, андагы агайын-тууганы менен Таласка көчүп келет. Баягы Сары таз «Сары аба» атка конуп, Семетейдин эң кадырлаган аксакалынын бирөө болот.

Экинчиси, чоң манасчы, семетейчи Карала уулу Саякбайдын айтуусу боюнча, «Тайтору» окуясы аркылуу билдирет.

Семетей чоңоюп калган кезде атасы Каракан Букарга көп эл чогултуп, ат чапмак болот. Буга алтымыш асый Тайторуну жетелетип Каныкей да келет. Тайтору болсо, «Катагандын кан Кошой, Асага[1] берген мал эле».

---

[1] *Асага* — тартуууга, белекке деген мааниде.

Бул чоң ат чабышка Каныкей «Билбегенге Манастын ашы, билгенге Семетейдин тою» деп атасынын каршылыгына карабай, Тайторуну кошуп жиберет. Тайтору чоң байгеден чыгып келет. Мына ошондон кийин Семетей атасы Манас экенин билип, Таласка көчүп келиптир.

Семетей эки гана чоро (Күлчоро, Канчоро) күтөт. Семетей чоңоюп келип, өз элин башкара баштаганын уккан эски душман Коңурбай аскер алып, Таласты көздөй аттанат. Семетей да кол-кошуну (аскери) менен чыгып, чоң согуш болуп, кыргыздар жеңип, Күлчоро менен Семетей Коңурбайды колго түшүрүп, аскерин талкалайт.

1. Эмне үчүн Семетейге анын атасы Манас экендигин айтышкан жок?
2. Той менен аштын кандай айырмасы бар?
3. Семетей кандай баатыр экен? Атасы Манас баатырга кандай окшоштуктары жана айырмачылыктары бар экен?

## СЕМЕТЕЙДИН УУЛУ СЕЙТЕК

Манас Манас болуп турган кезинде Үргөнчтөгү Акун хан деген менен достошуп, бел куда болот (илгери кыз төрөлө электе эле ата-энелер өз ара кудалаша беришчү, аны «бел куда» деп коюшчу). Семетей төрөлгөндөн кийин Акун хандын аялынан Айчүрөк туулат. Акун хан анттáшып койгон анты-

шертине туруп, кызын Семетейди күттүрө берет. Бирок бойго жеткен кезде «кызды биз алабыз»,— деп, Семетейдин душмандары Чынкожо, Толтой Акун хандын шаарын камап калат. Айласы кеткен Айчүрөк ак куу болуп учуп келип, Семетейдин ак шумкарын ала качып кетет. Ким алып кеткенин билген Семетей чоролору менен барып, душманын жеңип, Айчүрөктү алып кайтат.

Бул арада ички чатактар ырбайт. Семетейдин биринчи аялы Чачыкей Канчоронун арамза тилине кирип, күйөөсүнө душмандык издейт. Күлчоронун Семетейдин алдында өтө кадырлуу болуп кетишине ичи күйгөн Канчоро уулу Кыяс менен байланышып, чыккынчылык жолго түшөт. Күтпөгөн жерден Кыяс көп аскер менен келип, Семетейди камынтпай капысынан басып өлтүрөт. Боюнда бар Айчүрөк менен Күлчорону матап, байлап алып кетет.

Таласка Канчоро хан болуп калат. Семетейдин улуу аялы Чачыкей Канчорого күйөөгө чыгат. Каныкей музоо кайтарып, картайган Бакай төө багып, эптеп күн өткөрүшөт...

Жеткайт деген жерде, жедигер деген элде Айчүрөк Кыястын аялы болуп, Күлчоро Кыястын жылкычы кулу болуп эптеп күн көрүшөт. Айчүрөк Сейтегин төрөп, эптеп аман-эсен өстүрө баштайт. Ал Кыястын уулу деп чоңоё берет. Сейтек Боз бала деген жылкычы менен дос болуп, азап-шордо жүргөн Күлчоро менен таанышат.

Күлчоро сөз кезеги келгенде баланын көзүн ачуу үчүн хан Кыяс атасы эмес эле өз ата-

сы Семетейди өлтүргөн душманы, энеси Айчүрөк Кыястын күңү, Күлчоро Кыястын кулу экендигин ачык айтат. «Жериң — Талас, чоң атаң — Манас, өз атаң — Семетей, мен Семетейдин жанындай көргөн чоросу элем», — дейт Сейтекке. Айчүрөк да ошол Күлчоро айткан сөздү бе кемдейт.

Эми Сейтек Таласка кетүүнүн камында болот. Ошол элдеги Кутубай деген акылдуу кишинин кеп-кеңеши менен, досу Боз баланын жардамы менен Сейтек алдыртан Күлчорону бошоттуруп, куралдандырып, күч жыйнап бүткөндө, хан Кыясты өлтүрүшөт. Анан Сейтек, Күлчоро, Айчүрөк жоро-жолдоштору менен Таласка кетишет.

Алар келгенде аксакал Бакай, Каныкей али тирүү, кордукта жүрүшкөн кези экен. Сейтек жупуну кийинип, билинбей келип, Бакай менен Каныкейге жолугат. Алардын сырын тартып, тиешелүү кишилерди колго алгандан кийин, хандыктагы Канчорону өлтүрүшүп, Талас элинин бийлигин Сейтек өз колуна алат. Сейтектин акылдаш, насаатташ кишиси Бакай менен Күлчоро болот. Ошентип, акыры адилеттик жеңет.

Манас, Семетей, Сейтек жөнүндөгү эл оозундагы көп окуялуу көркөм чыгарма ушуну менен аяктайт. Сейтектен кийин алардын тукумунан Кенен хан, андан Алымсарык, Кулансарык деген болгон экен. Бирок азырынча алар жөнүндө «Манас», «Семетей», «Сейтек» сыяктуу окуялуу

болуп эл оозунда айтылып жүргөн көркөм чыгарма толук жазылып алына элек.

«Манас» үчилтиги, кыскартып айтканда, азырынча ушуну менен аяктайт.

*Кубанычбек Маликов*

1. Сейтек кандай баатыр экен? Семетей менен Сейтектин ортосундагы кандай окшоштукту жана айырмачылыкты байкадыңар?
2. Семетейдин душмандары кимдер экен? Ал эми Сейтектикичи?
3. Манас кырк чоро, Семетей эки чоро күтсө, Сейтек эмнеге чоро күткөн жок?

Кыргыздар — руханий дүйнөсү абдан бай эл. Канчалаган «Манас» баштаган улуу жомокторго ээ. Анын баарын кылымдардан кылымдарга оозеки айтып келишкен. Жан дүйнөсү бай, сөзгө чебер, сөздү ыйык тутуп, аны терең кадырлаган эл экени ушундан көрүнүп турбайбы.

Улуу «Манастан» сырткары эпостордун саны канча! «Эр Төштүк», «Эр Табылды», «Саринжи Бөкөй», «Курманбек», «Жаныш-Байыш», «Жоодарбешим» ж. б. Алардын ар бири — чалкып жаткан океан.

Албетте, алар менен биз жогорку класстарда тереңирээк таанышабыз. Азыр болсо айрым үзүндүлөрдү гана окуйбуз. Анткени, оозеки айтылып кел-

гендигине карабастан, алар абдан көлөмдүү да, көлөмүнө жараша мазмун-маңыздуу да.

## ЭР ТӨШТҮК

Чыр-чыр, чыр-чыр, чыр чыгат,
Чыркырап үнү бек чыгат.
Чыркыраган ачуу үн,
Кулак-мурун жеп чыгат.
Салып барып караса,
Адамча айтып, тил сүйлөп,
Ошо жолборс турганы:
— Өчкөн бир отум тамызчы, Төштүк!
Өлгөн жаным тиргизчи, Төштүк!
Суусап кеттим, суу берчи, Төштүк!
Эңкейип барам, эт берчи, Төштүк!
Жакшылыгың көп берчи, Төштүк!
Бугу куудум, баш жедим, Төштүк!
Маралды куудум, төш жедим, Төштүк!
Томугум болду жарадар, Төштүк!
Жатамын боздоп, санаа бар, Төштүк!
Кароол карап кайрылдым, Төштүк!
Кайран буттан айрылдым, Төштүк!
Жолборс минтип турганда,
Элемандын сырттаны,
Көңүлү кетип бөлүндү.
Буту жара ак жолборс,
Тууганындай көрүндү.
«Элимен азган — мен арстан,
Бутунан азган — бул арстан».

Барып Төштүк караса,
Ак жолборстун бутуна,
Чөңөр кирип кетиптир.
Бул чөңөрдүн киргени,
Бир кыйлага жетиптир.
Жанында болот кестигин,
Кындан сууруп алды эми.
Жонуп жатып Эр Төштүк,
Чөңөрдү сууруп алды эми.
Чөңөрдү сууруган жеринен,
Ириң менен кан кетти.
Ал жаралуу жолборстун,
Ооруган жери басылды.
Умачтай көзү ачылды.
—Жан досум, жоого кез болсоң,
Жолдош болуп беремин.
Башыңа мүшкүл иш түшсө,
Айтканыңа көнөмүн.
Эламандын Төштүгү,
Дегениңе көнөйүн.
Катуу мүшкүл иш көрсөң,
Медер болуп берейин.
Мурутун булкуп алды эми,
—Түтөтсөң даяр болом!—деп
Төштүккө бере салды эми—
Бул мурутту түтөтсөң,
Көрүнөм, Төштүк көзүңө.
Жолдош болом өзүңө,—
Деп ошентип Ак жолборс,
Көздөн кайым болду эле.

* * *

Дагы Төштүк жол жүрдү,
Аябастан мол жүрдү.
Түнөргөндөн карарган,
Түз талаага кез болду.
Ал талаанын боюнда,
Оргуп түтүн бөлүнөт.
Уюгу менен кумурска,
Өрткө кеткен көрүнөт.
Күйгөн отту өчүрүп,
Эрдикти эпсиз салды эле,
Кумурсканы ал өрттөн,
Аман алып калды эле.
Кумурсканын паашасы
Алкыш айтты мындай деп:
Күйгүзбөй калдың жанымды,
Алып калдың баарымды.
Керекке берем бутумду,
Береним Төштүк алыңыз.
Мээнеттүү башка иш түшсө,
Белекке берген бутумду,
Бир түтөтө салыңыз.
Кумурскаларды ээрчитип,
Дал өзүңө жетемин, —
Деп ошентип кумурска,
Берен Төштүк баатырдын,
Берендигин көрдү эми.
Жулуп алып бир бутун,
Сырттан Төштүк баатырга,
Аманат кылып берди эми.

Карачы, кандай кызык окуялар! Анын жолборско жардам бергени, кумурсканы өрттөн аман алып калганы жана башка окуялар. Окуган сайын дагы эмне болор экен деп окугуң эле келет.

1. Ак Жолборс Төштүктөн кандай жардам сурады?
2. Жолборстун бутуна эмне кириптир?
3. Ак Жолборс Төштүккө ыраазычылыгын кантип билдирди?
4. Төштүк жолунда дагы кимге жолукту?
5. Кумурскалардын падышаасы Төштүккө белекке эмне берди?
6. Төмөнкү макалдарды жаттап алгыла.

Адептүү алкыш алат,
Адепсиз каргыш алат.

Кекчил болбо, эпчил бол.

Акылдуунун алды менен жүр,
Акмактын арты менен жүр.

# II ЧЕЙРЕК

# ЖОМОКТОР МАМЛЕКЕТИНДЕ

## ТӨӨ

Илгери өткөн заманда төө азыркыдай көзгө комсоо көрүнбөй, өзү чоң болсо да, өтө сулуу жаныбар болгон экен. Анын бугунукундай чатыраган мүйүзү, чоң кулагы, жылкыныкындай узун, көркөмдүү, келишимдүү, жерге тийген жал-куйругу болуптур. Күндөрдүн биринде токойдо жаныбарлардын падышасы той берет. Ар ким каалагандай жасанып баргысы келет. Ошондо бугуга өзүнүн кебетеси такыр жакпай туруп алат. Ал тойго тагынып барып келгенге бере туруусун өтүнүп, төөнүн мүйүзүн карызга сурап алат. Мүйүз бугуга абдан жагып калат. Көлөкөсүн каранса да, күзгүдөн каранса да, өзүнө куп жарашып, көңүлү көтөрүлөт. Тойго барып келип да бергиси келбейт.

Ал тойго бармак болуп, уй өзүнүн кичинекей кулагынан уялып, төөгө алмашып, анын чоң, жарашыктуу кулагын тагынып кетет.



Аттын куйрук-жалы да азыркыдай төгүлүп турбаган сопол куйрук, түйдөк жал имиш. Мунусуна ат кээде туталанып кетчү экен. Ат да төөгө барып, ары жагына бир өтүп, бери жагына бир өтүп жатып, узун куйрук-жа-

лын сурап алып, ордуна өзүнүкүн берет да, тойго кетет. Тойдон келгенден кийин да кайтарып берүүнү ойлобойт, себеби ага бул куйрук, жал аябай жагып калган экен.

Арадан кыйла күн өткөн соң, төө доолап келет. Ат ага качан уй анын кулагын, бугу мүйүзүн кайтарып бергенде, анан куйругун берерин айтат. Уй менен бугу да атка атаандашып кулак менен мүйүзүн бербей коюшат. Төө байкуш алданып, ушул күнгө чейин үчөөнүн ортосунда өз жасалгасын ала албай, качан берээр экен деп жол карап күтүп жүрө берип, мойну да узарып кеткен имиш. Дооласа да тигилер бергиси келбейт экен. Ошондон бери мурунку көркү жок болуп, тез-тез эле эки жагын карана берет экен. Тигилер келип калып, алгандарын берип калабы, деп ойлойт го чамасы.

*Жыйнаган Кадыян Бообеков*

1. Төө эмне үчүн көзгө комсоо болуп калыптыр?
2. Төөнүн ордунда болсоңор, силер кандай кылат элеңер?
3. Уй, бугу, ат туура кылганбы же туура эмеспи? Эгерде алар алгандарын берип койсо, анда эмне болмок?

## АЛТЫН КУМУРА

### I

Илгери өткөн заманда бала хан болуптур. Жашында такка отуруп, өзүнчө сурак жүргүзүп тургандыгы үчүн ал Балахан деген атка конот. Күндөр-

дүн биринде ал карамагындагы элди чакыртып, төмөнкүдөй жардык кылат:

— Бүгүнкү күндөн тартып силерге буйрук кылам. Карыган адамды жардан алыс ыргытып жибергиле! Эл арасында кары киши болбосун! Эгер ким буйругумду аткарбаса, башы алынат!

Балахандын жардыгы катуу болгондон кийин кары кишилер жардан алыс ыргытылып турду. Күндөр өтө берди. Ошол Балахандын элинде бир Акылбек деген киши жашачу экен. Анын Табылды аттуу жалгыз уулу бар болчу. Атасы ал уулунун курсагын ачырбай, кийимден өксүк кылбай баккан. Акыры карылык каршы келип минтип күчтөн тайый баштады. Табылды атасынын карыганын көрүп, Балахандын буйругун аткарууну ойлоду. Карыя өлүмгө бара жатканын билди. Бирок уулуна унчуккан жок. Ал үнсүз-сөзсүз кете берди. Качан гана жарга жетип, ары көздөй ыргытып жибererде, Табылды атасын карады эле, Акылбек уулу менен коштошуунун ордуна жай гана күлүп койду. Табылды атасынын күлгөнүн көрүп, «Бул эмнеси? Жардан алыс ыргытып, өлтүргөнү жатсам, күлгөнү кандай?» деп ойго бата түштү. Анан сурай кетти:

— Ата, сизди жардан алыс ыргытканы жатсам, ага капа болбой, сүйүнгөн немече күлдүңүз. Эмнеге күлдүңүз?

Акылбек дароо эле жооп кайтара койгон жок. Ал уулун ойлуу карады да, «айтып берейин» деген өңдүү башын ийкеп койду. Бир тынымдан кийин мындай деди:

— Айтайын, балам! Күлгөнүмдүн жайы мындай, сен дагы бир кезде мага окшоп карыйсың. Ошондо өзүңдүн балаң сени да минтип жардан алыс ыргытат. Мына ошону ойлоп күлдүм. Эми түшүндүңбү?

«Атамдын күлгөнүнүн мааниси бар турбайбы! Чын эле бир кезде мен дагы карыймын. Ошондо өз балам өзүмө кыянат иш жасайт экен да. Атамдын айтканы туура. Эми эмне кылуум керек?» Табылды ушундай ойлорго малынып, баягы ордунда каткан бойдон туруп калды.

1. Табылды эми эмне кылат деп ойлойсуңар?
2. Силер анын ордунда болсоңор кандай кылар элеңер? Балахандын буйругу да бар эмеспи.

## II

Бала бир топко каткан бойдон туруп калды. Бир оокумда атасын көтөрүп, үйүн көздөй жөнөдү. Табылды үйгө келгенден кийин, бир киши кенен бата тургандай кылып чоң сандык жасады. Үйүндө кары адам бар экенин элге билгизбеш керек. Балаханга кокус кабар жетип калса, анда атасынын да, өзүнүн да башы алынат. Ошону ойлоп, атасын чоң сандыкка салып, тамагын бердирип, жакшы багып турду.

Ошол убакта бир алтын кумура жөнүндө сөз тарап, кыйла элдин кыйрына, узун элдин учуна чейин угулду. Ал бир чоң дарыянын түбүндө

экен, жээктегилерге жаркырап көрүнүп турат экен. Балахан ошол алтын кумураны алып келүүгө киши жумшайт. Бирок барган адам таба албай кайра келет. Балахан куру кол келген кишиге каарын төгүп, башын алдырып салат. Хандын каарынан улам эл коркуп, дүрбөлөңгө түшөт.

Арадан аз убакыт өттүбү, көп убакыт өттүбү, айтор, алтын кумурага баруу кезеги Табылдыга келиптир. Алтын кумураны таба албай нечендер жазага тартылды. Көп кишинин башы алынды. «Нечендер издеп таппаган алтын кумураны мен табат белем? Балахан менин да башымды алат дечи. Үйгө кайта келбес болгон соң, атам менен коштошуп кетейин» деп, сандыкты ачты да, Балахандан буйрук келгенин айтты. Акылбек уулунун сөзүн көңүл коюп укту да, анан мындай деген акылын айтты:

— Балам, хандын буйругу эки болбойт. Ага барбасаң, башың кетет. Буйрук келдиби, жөнө. Бирок алтын кумураны суунун түбүнөн издеп убара болбо. Ал суунун түбүндө жаткан жок. Жаркырап турганы жөн гана күнгө чагылышканы. Сен суунун түбүнө түшпөй, түз эле жээгиндеги бактын башына чыккын. Алтын кумура так ошол жерде. Абайлап ал!

Табылды алиги чоң дарыяга барып, сууга кирбей атасынын айтканы боюнча бактын башына чыкты. Алтын кумура чын эле ошол жерде экен. Жигит кудуңдап сүйүнүп, алиги кумураны алып түштү эле, Балахан жана аны карап

турган эл бүт таң калышты. «Муну өзү таппайт эле, буга бирөө акыл үйрөткөн болуу керек» деп, Балахан шекшип, эми Табылдыны суракка ала баштады:

— Башкалар суудан издечү эле. Алтын кумураны таба албай акыры баштары алынды. Сага бул акылды ким үйрөттү?

— Таксыр ханым, өзүм эле... — деди Табылды.

— Жок. Өзүң таппайт болчусуң, бирөө үйрөттү. Эгер айтпайт экенсиң, башыңды алам. Чыныңды айт! — деди хан каарданып.

Аргасы түгөнүп, Табылды атасы жөнүндө айтууга аргасыз болду. Балахан ошондо:

— Акыл карылардан табылат турбайбы! Мындан кийин кары кишилерден акыл үйрөнгүлө! Кары адамдарга тийбегиле! — деп элге жар чакыртты.

Хандын буйругунан кийин кары адамдарды жардан алыс ыргытып жиберүү адаты биротоло токтолуптур. «Карынын кебин капка сакта» деген ылакап ушундан калган экен.

*Жаки Таштемиров*

**Карысы бардын — ырысы бар.**

1. Балахан эмне үчүн карыларды жок кылгысы келди?
2. Табылды кантип атасын жашырып калды?

3. Балахандын карыларды урматтап калышына эмне себеп болду?
4. Чыгарманын бул бөлүмгө кандай тиешеси бар деп ойлойсуңар?

## КУМУРА МЕНЕН ТҮЛКҮ

Илгери бир жалганчы түлкү жашаган экен. Бир күнү ал чоң жолго чыгып, топуракка оонай баштайт. Түлкү топуракка оонап жатканда ошол жерге бир кербен жакындашыптыр. Түлкү тез ийинине кирип жашынып алат.

Кербен ошол жерде түнөмөкчү болот. Жолоочулар төөлөрдүн үстүнөн оор каптарды түшүрүп, от жагып тамак бышырышат, чай кайнатышат.

Узак жол жүргөн төөлөр абдан чарчагандыктан, кербен башы ушул жерде үч күн коно тургандыгын айтат. Алардын сөзүн уккан түлкүнү кайгы басат.

Ошентип, түлкү үч күн тамактанбайт. Төртүнчү күнү кербендегилер жолго даярдык көрө баштешат. Ошондо бирөөсү кумураны түшүрүп жиберет. Кумуранын бир чети сынып түшөт. Кербендегилер жараксыз идишти түлкүнүн уясынын жанына таштап кетишет.



Түлкү уясынан эми чыкмакчы болгондо, шамал башталып, сынган кумура күүлдөй баштайт.

— Кербендегилер төртүнчү күнү да ушул жерде калыш-

кан болсо, — деп түлкү коркконунан ийинине ичкерирээк жайгашып алат.

Түлкү көпкө чыдай албаптыр.

— Ачкалыктан өлгөнчө, октон өлгөн жакшы! — деп ойлойт ал. Ийининен чыгып караса, кербен жок экен. Бардыгына кумура айыптуу экендигин көргөн түлкү ага кыйкырыптыр:

— Сен шашпай тур! Барып курсагымды тойгузуп келейин, кийин бир сазайыңды берем.

Түлкү жүрүп-жүрүп бир бөлөк эт таап алат. Жакын барып караса, бир нерсе бар сыяктуу көрүнөт. Аңчылар капкан коюп кеткен экен. Түлкү эмне кылууну ойлонуп турса, бир карышкыр бара жаткан экен.

— Эмнени ойлоп турасың, досум түлкү? — дептир карышкыр.

— Эч нерсени ойлонуп жатканым жок, — деп жооп бериптир түлкү. — Салам, досум!

— Эгер саламың болбогондо сени жутуп жиберет элем! — деп тиштерин кычыратат карышкыр.

— Мени жутканча тиги жердеги этти жута сал!

Бөрү жутунуп, эринин жалап:

— Эмне үчүн даяр турган этти жеген жоксуң? — деп сураптыр.

— Сага сактап турган элем, — дейт түлкү.

— Балким ал даамсыз чыгар? — дейт карышкыр.

— Эт да даамсыз болот беле? Жеп коёт элем!

— Дагы эмнелерди каалайсың? Бул этти жейм деп ойлобо, — деп карышкыр этти жемекчи болгондо, капканга түшүп калат. Кыйкырып,

тиштерин кычыратып, канча аракет жасаса да чыга албайт.

Түлкү этти бир четке алып чыгып жеп туруп, мындай дейт:

— Карышкыр, сен эр жүрөксүң, бирок көп нерселерди көрбөйсүң.

Карышкыр жардам сурайт:

— Урматтуу түлкү, жардам бер. Мени куткар.

Түлкү куйругун кыймылдатып:

— Азыр гана мени жутуп жибермекчи болгон сен эмес белең? Жок, кымбаттуум, аңчыларды күтүп турасыз, — деп кетип калат.

Түлкү ийинине келип, кумураны карайт. Аны кантип жазалоону ойлоп-ойлоп, акыры суугa чөктүрмөкчү болот. Куйругуна байлап, арыктын боюна сүйрөп кетет.

Кумуранын ичине суу толуп, кулкулдаган сайын түлкүнүн ачуусу чыгат.

— Тынчтан, эй акмак! Ажалың жакындашса, сен күлөсүң!

Кумура кулкулдап-кулкулдап толуптур да, түлкүнү да суугa тарта баштаптыр.

Ошондо түлкү жалынып: — Эй кумура, кымбаттуум! Куйругумду үзүп жибересиң го! Эми мындай кылбайм, коюп жибер мени! — дептир.

Кумура унчукпай түлкүнү тереңирээк тарта берет. Түлкү бар үнү менен наалый баштаптыр:

— Коюп жибер, кумура, өлүп бара жатам! — деп бар күчү менен бир жулкунган экен, куйругу үзүлүп кетиптир.

Жээкке секирип чыкса, маңдайында карышкыр пайда болот.

— Ай, түлкү! Колго түшпөйм деп ойлогон чыгарсың!

Бирок түлкү коркпой:

— Досум-ай! Эмне үчүн мага таарынасың. Мен сен сунуш кылган сыйдан баш тарткан жокмун, — дейт.

Карышкырдын аябай ачуусу чыгыптыр:

— Сен мени тузакка илиндирдиң! Эми дүйнөгө келгениңе өкүнөсүң.

Түлкү буга да сөз таап:

— Карышкыр, кандай таарыныч жөнүндө айтып жатасың?

— Эми мени алдай албайсың. Кана, жаракаттанган бутумдун акысын төлө, — дейт карышкыр.

— Түшүндүрүп берсеңчи, бул бактысыздыкка ким айыптуу өзү?

— Куйруктуу түлкүнүн дал өзү.

— Ал мен эмес болчумун, — деп түлкү карышкырга чолок куйругун көрсөтүп, кутулуп кетет.

Ушуну менен жомок да бүтөт.

?!

1. Түлкү кантип алданды?
2. Карышкыр капканга кантип түшүп калды?
3. Түлкү эмне үчүн куйруксуз калды?
4. «Куу түлкү» деген темада төмөнкү план боюнча дилбаян жазгыла.

П л а н:

1. Түлкүнүн алданышы.
2. Карышкырдын капканга түшүшү.
3. Түлкүнүн карышкырды алдаганы.

**Акылдуу мактанса, ишти тындырат,
Акмак мактанса бутун сындырат.**

## ТҮЛКҮ, ЖОЛБОРС, АЮУ, КАРЫШКЫР ЖАНА ТӨӨ

### I

Жолборс, карышкыр, түлкү, аюу — төртөө жолдош болду. Тапканын ортого салып, биргелешип оокат кылмакка убада кылышты. Бир күнү төртөө келе жатышып төөгө жолугушту. Төөнү да «бизге жолдош бол» дешип өздөрүнө кошуп алышты. Узак жол жүрүшүп, курсактары абдан ачты. Анан түлкү тигилерге кеңеш салды.

— Силер кандай дейсиңер, эгер төө ынанса, мунун баасын он койго чегерелик. Жазында ар бирибиз экиден койго макул десек, бул турган төртөөбүз сегиз кой беребиз. Эки кой өзүнө эсеп болсун, ушуну менен баасы тынат — деди. Бул сунушту түлкү баштап, төөнү карызга союп жешке кеңеш куруп, баасын бычкан болду.

— Төртөөбүздөн сегиз кой ал, экөө өзүңө эсеп. Макул болсоң сени соёлу, жазында он койлуу болуп магдырап жатып каласың. Койду бооз, кысыр, ирик, токту дебейбиз, колго тийгенин беребиз.



Койлор бооз чыгып калса, төлү менен он алты, эгиз болсо андан да көп болот. Козулары сенин пайдаң, мындай олжо дайым эле боло бербейт, — деп түлкү деле шек билгизбей жубатты. Маң-кайган төө ойлонуп: «Чын эле бул бир топ олжо экен. Кой, булардын коюн алыш керек» —деп өзүн он койго баалап, тартайып чөгүп, мойнун созуп, көзүн сүзүп жатып берди.

«Кылыйган кыраан түлкү, жүргөн жери күлкү, бул төө — түлкү акемдин мүлкү» — деп этин бешке бөлүп: бир бөлүгүн жолборско, экинчи бөлүгүн аюуга, үчүнчүсүн карышкырга ыйгарып, бир бөлүгүн өзүнө чегерип алды. «Досубуз төө куру калбасын» деген болуп, бир бөлүгүн төөгө бөлдү да, өзүнө тийиштүү этке кошуп койду. Бөлүктөн ашып калган төөнүн бөйрөгүн Түкөң тымызын култ эттирип койду. Карышкырга бирөөн алыңыз деп

ишарат кылып турганда, аюу саксайып «жүрөгү жок го» деп «күңк» этти.

Дардайып ордунан тура калган Жокең:

— Төөнүн бөйрөгү кана? — деп калды. «Бөрү жеп койду окшойт» дегендей Түкөң акырын көз кыйыгы менен ишарат кылды. Каары келген жолборс карышкырды бир чаап өлтүрүп таштады. Аюу менен жолборс эттерин бөлөк жыйып коюшуп, тамаша кылууга кетишти. Алар келгиче Түлкү акең карап турабы, төөнүн этин бүт бойдон үңкүргө бекитти. Бир убакта аюу менен жолборс келишип: «Эт кана», дешти. Тигилердин суроосуна түлкү: «Эмитен жаңжал кылып жүргөн немелер мага кийин кой береби», — деп төө айнып туруп кетип калды деди. Аюу менен жолборс буга ынанып калышты.

Түлкү аларды алагды кылып ээрчитип, бир капчыгайдын жарына алпарды да жолборско кайрылды:

— Атаң ыраматылык ушул капчыгайдын бул өйүзүнөн тигил өйүзүнө секирип чыгып кетүүчү эле, кайраның! Сага ага жетиш кайда-а, коркок көрүнөсүң, — деп кытмыр жылмайды. Жолборс «бул эмне деп жатат» дегендей тигини кыжырдана карап, жарды карай дардайып жөнөдү. Мактангысы келди окшойт, жүгүрүп келип жардын башына ыгдырылып тура калды. Түкөң жалынга май тамызды.

— Чамынганы, басканы, сын-сыпаты ыраматылык атасына окшош. Аттиң, азыраак коркоктугу болбосо атасынын эле өзүн тартыптыр... Атаң болсо аш-

кан эр эле, качыргандан кайткан эмес. Бет алган жагынан эзерип кетээр эле. Жүрөгүң жок дебейин сени, бирок жаштыгың да,— деген болду. Жокең дардайып үзүлө калып, анан күркүрөп келип жардан секиргенде, тигил өйүзгө жетмек кайда, таштан ташка тийип, бели сынган жолборс өлдү.

1. Кайсы жаныбарлар өз ара достошуптур?
2. Түлкү кандай амал ойлоду?
3. Карышкыр эмнеден улам өлдү?
4. Жолборстун мактанчаактыгы эмне менен аяктады?

## II

«Жокемдин сөөгүн таза жерге коём» деген түлкү кийин этин жемекке зыңкыйта корумдап жашырат. Жанында жалгыз аюу калды. «Эми аюу акеме кезек келди го, мунун да амалын табайын», деп ойлонду түлкү. Жаткан жеринде катып койгон эттин эбин таап, аюуга көрсөтпөй жей берди. Аны аюу билбейт, ачкадан кезерип алсырап жатты. Ачкалыктан аюу уктай албай жатса түлкү кыртылдатып бир нерсе жеп жаткандай болот. Анда аюу түлкүгө кайрылат:

— Ээ түлкү дос, сен бирдеме жеп жатасыңбы?

— Аа, Аюу балбан, ачкалыктын азабына чыдай албай өз ичимди жарып, чучугумду жеп жатам. Ачкалык азап тура,— дейт.

— Андай болсо мен да өз чучугумду чубап жесем болобу?

— Болбой анан, сен деле мендей жансың да, чучугуңду чубап жей бер ачкадан өлгөнчө. Ал жериң эртең эле кайра калыбына келип калат. Аюу чымырканып туруп өз ичин тиштеп туруп тартты. Ичинин ооруганына чыдабай жаны чыга жаздады.

— Ээ, түлкү дос, өзүмдү-өзүм тиштегенден этим ооруп чыдай албадым. Сен кантип жеп жатасың?

— Сен анын эбин таба албай жатасың. Мен оорутпай кең оюп, чучугуңду чубап чыгарып берейин.

Аюу тартайып чалкасынан жатты. Түлкү ичин жарып, тумшугун салып, аюунун ичинен ичегисин чубап сууруп чыкты. Ичи жарылып онтоп жатып, бир маалда өлүп калды. Аюунун, жолборстун, төөнүн этин түлкү акең жалгыз басып калды. Четинен каалашынча жеп, каалашынча уктап, эриккенде этке кирип, суусаганда сууга түшүп, жыргалда жүрдү. Калыңдыгы карыш казы алды. Аяр түлкү алы эч жанга жетпейт. Эси чыгып чочуп жүргөн, токтоно албай качып жүргөн жырткычтын баарын жолго салып, жылас кылды. «Эми бүргөнүн азабынан кутулайын», деп кийиздин өөнүн тиштеп алып сууга келди. Аста-секин куйругун сууга салды. Бүргө куйругунан качып жонуна чыкты. Жонун сууга салды эле, жонунан үрккөн бүргөлөр мойнуна келди. Түлкү

эми мойнун сууга салды. Бүргөлөр суудан үркүп түлкү тиштеген кийизге жабышты. Ошондо түлкү кийизди сууга агызып жиберип: «Бүргө неге кутурдуң, эми сенден кутулдум!» — деп чычайып өз жолуна түшкөн экен.

1. Жомок жактыбы?
2. Жолборс менен аюу төөнүн этинен кантип куру калышты?
3. Аюунун акылсыздыгын кандай билсе болот?
4. Жаныбарлар жөнүндө кандай жомокторду билесиңер?

## ЧИРКЕЙ, ЧАБАЛЕКЕЙ ЖАНА ЖЫЛАН

Илгери, илгери жер жүзүн топон суу каптаганда, Нух пайгамбар «жан-жаныбарлардын тукуму үзүлбөсүн» деп ар уруу жаныбардан бир эркек, бир ургаачы кылып, кемеге салып алган экен. Күндөрдүн биринде кемеде тешик пайда болуп, суу кире баштайт. Көрсө, аны чычкан тешиптир. Нух пайгамбардын айласы кетип:

— Ким бул тешиктен суу өткөрбөй жаап тура алат! — деп жар чакырат.

— Мен суу киргизбей кармап турам! — деп жылан чыгат.

Ошол убадасына бек болуп, топон суу бүткөнчө наар албай, бир тамчы сууну кемеге киргизбей тосуп турат. Алар акыры кургактыкка чыгышат. Нух пайгамбар жыландын эмгегине ыраазы болуп, аны чакырат.

— Жылан сага ыраазымын. Эмгегиңе кандай акы аласың? — деп сурайт.

— Дүйнөдө эмне таттуу болсо, ошону алам, — дейт жылан.

— Эмесе, ар бир жаныбардын, жемиштин даамын татып, кайсынысы таттуу экендигин билип кел, — деп Нух пайгамбар макул болот да, чиркейди жумшайт. Ал бүт ааламды кыдырып, жан-жаныбарлардын, өсүмдүктөрдүн даамын татып, кайра келе жатканда, алдынан чабалекей тосуп:

— Чиркейим, эмненин даамы таттуу экен? — деп сурайт.

— Баарынан адамдын каны таттуу экен, — дейт чиркей.

— Тилиң кандай болуп калыптыр, таттуу даамга кандай болгонун көрөйүнчү? Тилиңди бери сунсаң? — дейт чабалекей.

Чиркей тилин суна бергенде анын тилин сууруп алып, чиркей менен Нух пайгамбарга чогуу учуп барат.

— Кана чиркейим, эмненин даамы таттуу экен? — деп Нух пайгамбар чиркейден сураганда, ал «кың-кың» этип эч нерсе айталбай коёт.

— Баканын каны таттуу экен деп жатат, — деп чабалекей жооп берет. Чабалекейдин сөзүнө ачуусу келген жылан куйругу менен бир урат. Ойт берип качып калган чабалекейдин куйругу ошондон улам эки ача болуп калган дешет.

1. Нух пайгамбар жаныбарларды эмне үчүн кемеге салды?
2. Кемедеги тешикти ким жаап турду?
3. Жылан акысына эмне алды?

Өнөр алды — кызыл тил дейт элибиз. Анткени элибиз кылымдар бою сындан өтүп, акыйкатынан айныбай турган баалуу сөз тизмектерин жаратып келишкен. Алар — макал-лакаптар, табышмактар, жаңылмачтар, калптар-апыртмалар, ырлар, эмгек ырлары, санат, насыят, үлгү ырлары болуп саналат. Анда ушулар менен таанышып чыгалы.

## Макал-лакаптар

Тил — кылычтан өткүр.

Жылуу-жылуу сүйлөсө,
Жылан ийинине кириптир.

Бутунан жыгылган турат,
Тилинен жаңылган турбайт.

Билеги күчтүү бирди жыгат,
Билими күчтүү миңди жыгат.

Билим алуу — ийне менен кудук казгандай.

Күч — билимде.

Казына казына эмес, эл — казына.

Калк айтса, калп айтпайт.

Эне сыйлаган элге жагат,
Ата сыйлаган абийир табат.

**Мындан ары өзүңөр уланта аласыңарбы? Аракет кылып көргүлө!**

Макалдарды уланта берсек, албетте, алар ар кандай темада абдан эле көп. Алар нечен кылымдар элдин сынынан өтүп, кыска, бирок нуска болуп эл арасында жашап калган. Эл арасында кандай гана макалдар жаралбаган! Алардын баары эле сакталып калган жок да. Элдин көңүлүнө туура келип, өзүн актаган макалдар эч качан өлбөйт.

А лакаптар жөнүндө эмне билебиз? Анын макалдардан кандай айырмасы бар экен?

Менин оюмча, макалдар нечен жылдар айтылып келе жаткан, аңдагы ойлорду танууга болбогон, жыйынтыктуу ойлор. Ал эми лакап болсо, белгилүү бир окуядан кийин айтылып калган сөз.

Шодокондун бүркүтүндөй жутунган.

Ала байтал, акылың болсо, көлгө тарт.

Ачка отурганча, айранга талкан чалып жеген жакшы тура.

Калыбайдын тайганындай калтырап.

Карынбай битирге окшоп ж. б.


Шодокон дегендин бүркүтү бир түлкүнү сол колуна, бир түлкүнү оң колуна чапчып, дагы үчүнчү түлкүгө тап койгон экен. Ошондон кийин бул лакап ашыкча сугалактарга карата айтылып калган тура.

Илгери бирөө отун артып, көл бойлоп келе жатса, отуну өрттөнө баштайт. Ала байтал үркүп, алып качып жөнөйт. Ошондо үстүндөгү киши:

— Ала байтал, акылың болсо, көлгө тарт! — деген тура.

Карачы, ар бир лакаптын белгилүү тарыхы бар. Мындай лакаптар эл арасында толтура. Эл арасындагы лакаптардан өз алдыңарча чогултканга аракет кылгыла.

## Табышмактар



Шашылбай жай жүрөмүн,
Чычкандан түшөт жүрөгүм.
Тил алгыч, элпек баланы.
Мингизип алып жүрөмүн.




Уктаарында бүрүшүп.
Аяк-бутту жазданат.
Колтугун жыттап кырылдап.
Коңуругу таш жарат.

Узун кулак, алаң көз.
Коркоктугу жанда жок.
Жырык эрин, агыш төш,
Дабыш чыкса турбайт эч.



Кыска, коюу жалы бар,
Айбаты бар, жаалы бар.
Андан коркот бүт баары —
Ашкан жырткыч жаныбар.



Мойнум узун, боюм пас,
Жонум менен боорум таш.
Баш, куйругум, төрт бутум,
Катып алам тийсе кас.

Коңгуроосу шыңгырайт,
Кулагыңа шыбырайт.
Сен сүйлөсөң жооп айтат,
Бул эмне? Билсең айт.





Чаң жугузбай барктайбыз.
Бассак ансыз баспайбыз.
Жат-жатууга келгенде,
Жандан оолак таштайбыз.

Сакалын сүйрөп,
Жалакай түгөт.
Жалбарат өксөп,
Жамгырдан жүдөп.





Кыпын түшсө ооруган,
Эки нерсе кичине.
Бирок, тоо, көл, токойлор,
Батып кетет ичине.
Бул эмне билип ал,
Пайдасы зор кишиге.

Үй ичинде уялайт,
Бирин-бири кубалайт.
Чыйылдашып ар дайым,
Бирин-бири табалайт.



Силер табышмактар акыл-ойду өстүрүп, тапкычтыкка тарбиялай тургандыгын мурда эле билет эмессиңерби. А түгүл көптөгөн табышмактардын жандырмагын да таптыңар. Бирок өзүңөр табышмак жаратып көрдүңөрбү? А силердин досторуңар аракеттенип жүрүшөт.

## ЖАҢЫЛМАЧТАР

Анар алма алды.
Алмаш анар алды.
Алмаш алма алам деп,
Анар анар алам деп,
Алмашып адашып калды.

Кана, силер да бирөөлөрдү жаңылтып көргүлөчү!

## КАЛПТАР-АПЫРТМАЛАР

Кана балдар, калптар-апыртмалар эмне максатта колдонулушу мүмкүн экендигин талкуулап көргүлөчү!

Ооба, ооба. Кыял-чабытыбыз, фантазиябыз өсөт деген элек. Ал тургай, калп жарыштыруу боюнча мелдештер өткөрүлүп тураарын да билесиңер. Эми

эстедиңерби? Бул тапкычтыкты талап кылат. Үчүнчүдөн, калп айткан адамдарды шылдыңдоо максатын көздөсө керек дедик эле. Же башка дагы максаттары барбы? Ойлонуп көрөлү!

## КАЛПТАР

Кумурсканы кой кылып тоого жайдым,
Чегирткени ат кылып жоого миндим.
Көпөлөктү куш кылып көл кыдырдым,
Бир торгойдон бир табак сөөк алдым.
Сөөгүнөн деңизге көпүрө салдым,
Өңгөсү калп болсо да
Ушунум чын.
Олтуруптур дегенде олтуруптур,
Карагайдын башында
Кайнап-кайнап көл туруптур.
Бир кумурска менен
Бир карышкыр күрөшүп туруптур,
Карышкырды кумурска өлтүрүптүр.
Дагы бир бөлтүрүктүр,
Бөлтүрүктү бир коён өлтүрүптүр.
Бир үч арык туруптур,
Экөө кургак, бирөөнүн суусу жок.
Үч арыкта үч балык бар экен.
Экөө өлүк, бирөөнүн жаны жок.
Анан дагы үч киши туруптур,
Экөө жылаңач, бирөөнүн кийими жок.
А жылаңачтын этегине
Жаны жок балыкты салып бердим.

1. Бул апыртмаларды жогоруда айтылгандардын кайсыларына кошсок болот? Калп-апыртмаларды бир нече топко бөлбөдүк беле, эсиңердеби?
2. Башкалардан сурап, калп-апыртмалардан дагы топтогула.
Өзүңөр да улантып көргүлө.

## ТОП

Күчтү топтоп, күү менен,
Көкөлөттүм тобумду.
Кайра жерге түшөт деп,
Күттүм сунуп колумду.
Тобум бийик көкөлөп,
Булуттарга жетиптир.
Ала дарбыз экен деп,
Бүркүт илип кетиптир.

*Орозбек Бердигулов*

**Ыр жактыбы? Эмне үчүн?**

Бабаларыбыздын руханий дүйнөсү абдан бай экен го. «Манас» баштаган улуу эпостор, андан кийинки биз ар дайым бири-бирибизге айтып берип жүргөн жомокторчу (жөө жомоктор), макал-лакап, табышмак, жаңылмач, апыртмаларчы. Ушул эле дейсиңерби, алардагы ырларчы? Бешик ырлары, санат, насыят, терме ырлары, эмгек ырлары, жан-жаныбарлар, өсүмдүктөр жөнүндөгү ырлар ж. б.

Алардын көпчүлүгү менен биз таанышпыз да. Маселен, оюн ырларын ойноп жатканда көп эле колдонобуз. «Ак терек, көк терек», «Селкинчек», «Уюм тууду», «Жыдымай», «Кур таштамай», «Талкан куур, буудай куур», «Хан-вазир» («Ханым, даат»), «Чабалекей», «Чикит», «Чикилдек» ж. б.

Баш бармак,
Бадал иймек.
Ортон оймок,
Оюу-чиймек.
Чыйп-чыпалак,
Чычайган арам тамак.

Ак бай, ток бай,
Кара, менде кашка тай.
Кулдуу, кулдуу, кулдуу бай —
Куруп калган Санды бай.
Абалекей, чабалекей,
Чым...-м...-м...

1. Дагы кандай оюн ырларын билесиңер?
2. Башкалардан сурап, дагы толуктагыла.

## БАКА

— Бака, бака, балчак,
Башың неге жалпак?
Бутуң неге ийри?
Көзүң неге тосток?
— Казанды көп көтөрүп,

Башым жалпак болуптур.
Жайдак атка көп минип,
Бутум ийри болуптур.
Кароолду көп карап,
Көзүм тосток болуптур.

1. Чын элеби? Силер кандай дейсиңер?
2. Ыр жактыбы?
3. Бул ырларды бабаларыбыз кандай максатта чыгарышкан деп ойлойсуңар?

**Уланталы өзүбүз.**

## ЖЫЛАН МЕНЕН КИШИНИН АРБАШЫ

Кайсы бир заманда эмгекчил дыйкан жашаптыр. Жайында эгинин отоп жүрсө, жакын эле жерден ышкырган дабыш чыгат. «Эмне болду экен?» — деп карай салса, эки-үч кадам маңдайында эгинден да бийигирээк болуп бир жылан куйругу менен тик турат. Жыланды тиктеген боюнча дыйкан да көзүн ирмебестен карап тура берет. Бир топтон кийин гана дыйкан жылан менен арбашып калганын сезип, бир аз эсин жыйып мындай учурда эмне кылуу керек экенин элден уккандары боюнча жасоого аракет кыла баштайт. Жылан менен арбашып жатканда кыймылдап, же бурулуп кетпей, жыландын атын табууга аракет кылып, өзү билген ар кайсы аттарды атай баштайт.

Бирок жылан эч кыймылдабай катып тура берет. Дыйкан болсо улам бир атты ушул болуп

калбасын деп атай берет. Бири да туура келбейт. Жылан анда-санда ышкырып коюп, тилин соймоңдотуп, дыйкандан көзүн албай тикесинен тик турат. Алардын арбашуусу созула берип бир топ убакыт өтөт.

Түш ченде дыйкандын кызы атасына тамак алып келет. Ал атасынын жылан менен тиктешип турганын көрөт. Атасы күндүн ысыгына какталып, бүткөн боюнан тер кетип, деми кысылып, ичи көөп бараткан экен. Жыландын да денеси барсайып көөп, көзү тостоюп чанагынан чыгышына аз эле калыптыр. Кыз коркконунан бир кадам аттай албай каккан казыктай туруп калат.

Кызынын келгенин билген дыйкан муунуп бараткканынан, «топчумду чечип жиберчи» — деп айтууга араң кудурети жетет. Мына ошол заматжыландын барсайган денеси тарс жарылып, сулап жатып калат. Көрсө, арбашкан жыландын аты «Топчу» экен. Өзүнүн атын уккандан соң, ичи жарылып кетиптир. Эгерде жыландын атын таппаганда дыйкандын ичи жарылып өлмөк экен.

Ошентип, дыйкан жыланды жеңип бала-бакырасы менен аман-эсен оокатын жасап, жыргалчылыкта жашап калыптыр.

1. Окуган аңгемеңер чындыкка жатабы?
2. Дыйкан жыланды кантип жеңди?
3. Табият менен аяр мамиледе болгула!

## ЭМГЕК ЫРЛАРЫ

Эмгек ырларынан «Бекбекей» түнкүсүн короо кайтарганда, «Оп майда» эгин бастырганда, «Шырылдаң» жылкычылар жылкы кайтарып келе жатканда ырдалат.

### БЕКБЕКЕЙ

Бекбекей качты, бел ашты,
Белине белбоо жарашты.
Саксакай кууп адашты,
Санына саадак жарашты.

Энекем короо кайтарат,
Ууру менен бөрүнүн
Абдан мизин майтарат.
Каракчылар, уурулар
Атакемден жалтанат.

Биздин койлор төлдөдү,
Айран, жуурат көлдөдү.
Козумду жүрөм кайтарып,
Ит-куштун мизин майтарып.

**Дагы билесиңерби? Толуктаганга аракет кылгыла.**

### ОП МАЙДА

Орой-орой, оп майда,
Ороо толсун оп майда.
Кырча-кырча басканың,
Кырман толсун оп майда.

Майда, майда, мапмайда,
Майдалансын атты айда.
Талкандары бизге пайда,
Топондору сизге пайда.
Кызыл толгон кырманды,
Сузалы биз, кап кайда?
Бекер жүрсөң жан багып,
Таба албайсың эч пайда.

1. Ырдын маанисин кандайча түшүндүңөр? Анда кандай максат көздөлуптүр?
2. Кырман бастырганды көрдүңөр беле?
3. Улуулардан, билгендерден ал жөнүндө кененирээк сурагыла.

## ШЫРЫЛДАҢ

Шыпшырылдаң шыр экен-эй,
Жылкычынын ыры экен-эй.
Кырман толсо кызылга-эй,
Баба дыйкан сыры экен-эй.
Аппак сакал карым-эй,
Быйыл сенде молчулук-эй.
Сабаа ташып шаркырайт-эй,
Ачыганбы бал кымыз-эй?
Ашкана жак бурчунан-эй,
Акырын чыгат бир добуш-эй.
Май томоруп жатабы-эй,
Же курут алып жатабы-эй? ж. б.

# АР НЕРСЕНИН ПИРИ БАР, КОЛДООЧУСУН БИЛИП АЛ

Дыйкандын пири — Баба Дыйкан, бакыттын пири — Кыдыр Илияс, акындыкы — Асан Шайыр, Куштуку — Буудайык, иттики — Кумайык, суунун пири — Чолпон Ата, уйдуку — Зеңги Баба, жылкыныкы — Камбар Ата, төөнүн пири — Ойсул Ата, эчкиники — Шыйпаң Ата, баланын пири — Умай Эне, жигиттин пири — Шаймерден (кырк чилтен), устаныкы — Дөөтү, табыптыкы — Улукман, кийиктин пири — Кайберен ж. б.

1. Булар жөнүндө мурда эмне билет элеңер?
2. Пири дегенди кандай түшүндүңөр?

Эмгек ырларын окуп көрүп, ата-бабаларыбыздын акылдуулугуна күбө болобуз деген элек. Ал кандай акылдуулук экен? Таба элек болсоңор, дагы ойлонуп көргүлө!

Мага мындай ой келди. Алар ар кандай ишти ыр менен коштоп, көп жагынан утушкан го. Биринчиден, убакыттын кандай өткөндүгү билинбей калат. Экинчиден, чарчап-чаалыкканың да билинбейт. Ырдын ыргагы менен иштей бересиң. Анын үстүнө ыр күч, дем берет. Үчүнчүдөн, көңүлүң жайдары, маанайың жогору. Мындай учурда иш да сапаттуу бүтөт эмеспи. Төртүнчүдөн, даяр текстти гана жаттап ырдабастан, ар ким өз мүмкүнчүлүгүнө жараша кошуп ырдай бергендиктен, алардын чыгармачылыгы да өсөт эмеспи деп ойлой берем.

## САНАТ, НАСЫЯТ, ҮЛГҮ ЫРЛАРЫ

Биз буга чейин эле мындай ырлар менен таанышпыз. Токтогул Сатылганов жөнүндө 3-класста сөз кылганда анын санат, насыят ырларын окуганбыз.

Акындар, сөзмөр адамдар түрдүү насаат айтып, санат, үлгү, терме ырларын ырдашат экен да, алардын элдерге абдан жагып калгандары биринен бирине айтылып, эл арасына таркап кетет тура.

Акындарыбыздын ошондой ырларынан окуп көрөлүчү!

## САНАТ, НАСЫЯТ ЫРЛАРЫНАН

Жаман ишке киришпе,
Акылы бар боз бала.
Адал ишти козголо,
Акылдуруга дос бала.

Акылсызга жолобо,
Жолугасың тайгакка.
Жамандардан алыс жүр,
Жолукпагын нааданга.

Жаман иштен качып өт,
Жакшылыкка жетесиң.
Жаман менен бир жүрсөң,
Арманда болуп кетесиң,
Аманат жандан кечесиң.

Жакшы жакка шашпастан,
Сабыр менен барасың.
Акыр түбү ошондон
Жакшылыкты табасың.

*Калыгул Бай уулу*

1. Санат, насыят дегенди кандай түшүндүңөр?
2. Ушул ырда айтылгандарды ырды окугандардын баары аткарабы? Эмне үчүн?

**Жакшы болуу — аста-аста,**
**Жаман болуу — бир паста.**

## ҮЛГҮ ЫРЛАР

Алтынга сары жез окшош,
Асылдык жайы бирдейби?
Жыйылып келсе бардыгы
Жылдыздын нуру айдайбы?

Күнүгө барктап баксаң да,
Булбулуң гүлсүз сайрайбы?
Көөрүктүн күчү болбосо,
Көмүргө темир кайнайбы?

Аяздуу суук болбосо,
Арыкта суулар тоңорбу?
Жибектен каттап кийсең да,
Жылуулук баркы тондойбу?

Эки сөзду калп айтыш,
Эр жигитке ар болот.

Кызгалдактар гүл ачкан,
Кызык мезгил жай болот.
Алтын жаак, жез таңдай,
Акындар сөзгө бай болот.

*Жеңижок (Өтө Көкөев)*

1. Алгачкы үч куплет менен төртүнчү куплеттин айырмасы бар бекен?
2. Жеңижоктун суроолоруна кандай жооп таптыңар?
3. Үлгү ырлары дегенди кандай түшүнөсүңөр?

## ЫНТЫМАК

Ынтымагы бар элдин,
Таалай, багы ачылат.
Ынтымагы жок элдин,
Тапканы бекер чачылат.

Ынтымактуу эл болсо,
Душманга тиет ок болуп.
Ынтымаксыз эл болсо,
Дыркырап качат жок болуп.

Ынтымактуу бириге,
Ынтымаксыз бөлүнөт.
Ынтымак элдин бакты бар,
Бир-бирине баркы бар.

*Барпы Алыкулов*

1. Ынтымагы бар эл менен ынтымагы жок элдин айырмасы эмнеде экен?
2. Ынтымагы бар же жок экендигин кантип билсек болот?

**Ырыс алды — ынтымак.**

## ЫНТЫМАК

Тамак ичип болгон соң, чоң атасы небересин өзүнө чакырды:

— Бектур, колума суу куюп койчу. Бул сөздү угуп Бектур тез эле келип кумгандагы жылуу суудан куйду. Чоң ата шашпай жууп бүттү да, анан:

— Кудай тилегиңди берсин, балам, — деп өйдө турду. Ошо кезде анын кыймылынан көз албай карап турган небереси мындай дебеспи:

— Чоң ата, эми эмне деш керек?

Чоң атасы Бектурдун бул сөзүнө адегенде түшүнбөй калды. Чын эле эмне деш керек эле? — дегенсип жылмая карады.

— «Ыракмат» деш керек да, чоң ата, — деди анда үйрөтүп жаткансып Бектур. — Ушуну да билбейсизби?

— Билем, балам, билем. Бирок мен сага айтпадымбы?

— Эмне деп?

— Кудай тилегиңди берсин дебедимби? Же сага «ыракмат» деш керек беле?

— Ооба, ошентиш керек да, биздин мектепте эжекебиз ошентип үйрөтүп атпайбы.

Анын бул сөзүнө бир ирет ыраазы болуп, небересинин чекесинен өөп эркелетти да:

— Ыракмат, Бектур балам, чо-оң ыракмат, — деди. Чоң атасынын бул сөзү ага абдан жакты жана эми гана туура болду деп ойлоду.

— Сиз эми адептүү боло баштадыңыз ээ, — деди анан жылмайып. «Тилегиңди берсин» деген касиеттүү сөздөн «ыракмат» деген муздак сөз жагымдуу болуп кеткенин карачы деп ойлоду чоң ата.

## Бөлүм боюнча суроолор жана тапшырмалар

1. Бул бөлүмдү окугандан кийин силерде өзгөрүү болдубу? Кандайча?
2. Элдик оозеки чыгармачылык дегенди кандай түшүндүңөр?
3. Өз алдыңарча жаңы макалдарды жараттыңарбы? Жаратпаган болсоңор, дагы да аракет кылып көргүлө.
4. Лакаптардан чогулттуңарбы?
5. Табышмактар эмнеге үйрөтөт? Табышмак дегенде эмнени түшүнөсүңөр? Өзүңөр билген табышмактарды айткыла.
6. Бөлүмдөгү кайсы жомоктор силерге көбүрөөк жакты? Өзүңөр кандай жомокторду окугансыңар?
7. Жомоктордун негизинде «Мен сүйгөн каарман» деген темада сүрөт тарткыла.

# ЭЛИБИЗДИН УЛУУ ИНСАНДАРЫ

Элибиздин улуу инсандары жөнүндө атайын 100 китеп жазсак да, алардын баарын ага батыра албас элек. Анткени эл үчүн ак кызматын аяба-ган, талыкпаган мээнеткеч уул-кыздар элибизде арбын. Анын үстүнө мезгил өткөн сайын алардын саны дагы өсө бермекчи.

## ЖУСУП БАЛАСАГЫН (ЖУСУП ХАС ХАЖИБ)

Жусуп Хас Хажиб касиеттүү кыргыз жеринде, Сары Өзөн Чүйдүн көкүрөгүндөгү Баласагын шаарында (Кыргызстандын азыркы Токмок шаарынын жанындагы Бурана ченде) жарык дүйнөгө келген. Кийин атактуу адам болгондо Жусуп Баласагын аталган. Бул Баласагындык Жусуп же Баласагында жашаган, Баласагындан чыккан Жусуп дегенди билдирет. Жаш кезинен терең билим алып, өз доорунун ойчул акындарынын алдында болуп, чыгармасында калайык-калктын турмушун кеңири чагылдырган. Акындын «Кут билим» («Кут алчу билим») дастаны ошол кездеги түрк элдеринин биринин тилинде жазылган туңгуч китеп болгону менен да өтө баалуу.

Акын Жусуп Баласагын «Кут билим» дастанын акыл-ою жетилип, чыгармачылык күчү толуп-ташып турган курагында (1069-жылы) он сегиз айдын ичинде жазып бүтүргөн.

Бул китептин өзөгү айрым өзгөрбөс, түбөлүктүү түшүнүктөрдөн турат: биринчиси — адилет, экинчиси — дөөлөт, үчүнчүсү — акыл, төртүнчүсү — каниет делип алардын ар бирине түркчө өз аттары берилген. Адилетти Күнчыкты Элик атаган, бул — өкүмдар. Дөөлөттүн аты — Айтолду, ал — увазир, Акылга — Акдилмиш деген ат берилген, ал — увазирдин уулу, а Каниет болсо — Өткүрмүш аталып, анын иниси делген. Мына ушулардын ортосундагы өз ара сүйлөшүүлөр, суроо-жооптор аркылуу санжыра чечмеленет.

Чин (Түндүк Кытай) акылмандарынын санат сөздөрү менен Мачин (Түштүк Кытай) даанышмандарынын ырларына сугарылып жаратылган бул китептин атагы алыска тарап, ага ар жерде ар кандай — «Такыбалык жыйнак», «Мамлекет түркүгү», «Өкүмдарлар зыйнаты», «Шах китеби», «Өкүмдарларга осуят китеп», «Кут алчу билим», «Кут билим» деген сыяктуу аттар берилген.

## «КУТ БИЛИМИНЕН» АЙРЫМ ҮЗҮНДҮЛӨР

Ушул китеп — улуу күндөр жемиши,
Билимдүүгө — терең билим деңизи.

Жалаң акыл-насаат сөздөн түзүлгөн,
Шуру сымал жибек жипке тизилген.

Ким китепти окуй билсе түшүнө,
Эки дүйнө жарык берер ишине.

Мындан артык мурун китеп бар беле,
Жаралабы кийин буга тең, тете?

Эгер чыкса, андай белдүү азамат,
Даңктаганга мен даярмын кубаттап!

Китеп көп араб, тажик тилдеринде,
Бул китеп — эң биринчи биздин тилде.

Билимдүү бул китептин баркын билет,
Окуган — акыл-оюн эске түйөт.

Эки нерсе бардык тилде жатталар:
Бири — жакшы, бири — жаман ат калар.

Жакшы болсоң — барктуу атың даңкталар,
Жаман болсоң — жаман атың сакталар.

Акыл көркү — тил, тилдин көркү — сөз,

Адам көркү — жүз, жүздүн көркү — көз.

Сараңдык күч алса, кубаныч азаяр.

Сараң бай шордуу кулдан да жаман.

Аракечтик адам жанын күйгүзөр,
Жардылыктын жаман тонун кийгизер.

Адепти акылдуудан үйрөнөсүң.

Сөз — көңүлдүн күзгүсү.

Акылсыз адам — мөмөсүз дарак сыяктуу ж. б.

1. Жогоруда айтылгандардын маанисин кандайча түшүндүңөр?
2. «Кут билим» дастаны эмнеси менен баалуу экен?
3. Анын автору жөнүндө эмнелерди билдиңер?

Бул китеп 525 беттен турат. Силер үчүн анын ичиндеги кээ бир гана насаат сөздөр сунуш кылынды.

## МАХМУД КАШКАРЫ

Махмуд ибн Хусейн — он биринчи кылымда жашап өткөн улуу окумуштуу. Анын өмүр баяны жөнүндө так маалымат жок, айрым гана божомолдор бар. Ал Ысык-Көл боюндагы байыркы шаар Барсхандын (азыркы Барскон кыштагы жайгашкан жер) амири Хусейн ибн Мухаммеддин уулу. Кашкар шаарында жашап турганда Кашкары (Кашкарлык Махмуд) атка ээ болот.

Ал «Түрк сөздөрүнүн жыйнагы» («Девону лугатит түрк») аттуу залкар эмгектин автору. Алгачкы тилчи окумуштуу Махмуд Кашкары бул эмгекти илими жетилген чагында, жамы түрк элдеринин жерлерин кезип, алардын тилин, кеп-сөзүн кунт менен кылдат изилдеп, кийинкилерге маданий мурас болсун деп тилеп, көп жылдык өмүрүн арнап, билимин, күчүн сарптап, 1072—1083-жылдары жазып бүтүргөн.

Ал дүйнөнүн картасын түзүп, аны ошол китепке киргизген. Анда жер шарынын борбору Орто Азияга, тагыраак айтканда, Ысык-Көл менен Баласагын шаарларынын аралыгына туура келет. «Жер кин-

диги — Барскон» деген сөз Махмуд Кашкарыга тиешелүү го.

Махмуд Кашкарынын «Түрк сөздөрүнүн жыйнагы» менен Жусуп Баласагындын «Кут билими» бир мезгилде, мындан 9 кылым мурда жаралып, биринин ажарын бири ачып турган эмгектер. Мезгил өткөн сайын алардын баасы улам арта бермекчи.

1. Махмуд Кашкарынын улуулугу эмнеде экен?
2. Ага кандай асыл сапаттар тиешелүү деп ойлойсуңар?
3. «Түрк сөздөрүнүн жыйнагы» аттуу эмгегин кандай максатта жаратыптыр?

## КОЖОМКУЛ БАЛБАН

Кыргыз жергесине аттын кашкасындай таанымал атактуу балбан — Каба уулу Кожомкул айтылуу Суусамыр өрөөнүндө жашап өткөн.

Балбандын атасы Каба нечен жолу эр эңиш, күрөштөргө түшүп, эч кимден жеңилүү ызасын тарткан эмес экен. Энеси алмадай болгон кезинде «ургаачы жолборс» аталып, эр сайышка түшүп, атаандашын ат үстүнөн ыргыта сайыптыр.

Кожомкул да ата жолун жолдоп, жашынан балбан аталды. Ал өмүрү өткөнчө эл-жерине кызмат кылып жүрүп, 1955-жылы 69 жаш курагында дүйнөдөн кайтты. Ал айыл — азыр Кожомкулдун ысмында.

# МОКОТОЙ АЙТАТ

...Кожомкулдун күчкө толуп турган жигит курагы. Көр оокаттын айынан жайдыр-кыштыр жалданып иштеп, Чопкут байдын түрдүү жумуштарын аткарат.

Бир күнү атам Каба чөп чабык маалында өгүзгө сүзмө, айран артып, Чопкут байдын чөбүн чаап жүргөн Кожомкул байкеме жумшады. Минген өгүзүмдү илкитип отуруп, барчу жериме шашкеде араң жеттим. Келсем, Кожокем талдын көлөкөсүндө чалгы чыңап отурган экен. Чаначтарды түшүрүп алып, айрандан бир аз жутуп коюп, кайрадан ишине киришти. Мен алдыма тердик салынып, көлөкөдө кыйшайып жатып, талыкшып уктап кетипмин. Бир маалда көзүмдү ачсам, Кожокем жеңилденип алып, мен минип келген өгүздү белинен төрт кабаттап таңып жатат. Кызыгып, эмне кылаар экен деп үн чыгарбай жата бердим. Таңып болгон соң, оң ийнине чепкенин калыңдап бүктөп коюп, өгүздү таңгак куурайдай жерден алып типтик көтөрүп, нары-бери басып, кайра жерге коё койду.

Эртеси чабылган чөптү чөмөлөлөп бүтүп, үйгө кайттык. Мен болгон ишти атам менен апама айтсам, алар кубанышып:

— Балам, күч кубатың жетилип, толуп турган экенсиң. Эми тартынбай балбанга түшө бер, — дешип баталарын беришти. Ошондон тартып Кожокем аш-тойлордо эр эңиш, күрөштөргө түшө баштады.

# САЗГА БАТКАН ТӨӨ

Сормо сазга төрт аягы менен батып кеткен төөнү эртеден бери он бештей адам асылып жатышып, сыртка тартып чыгара албай коюшту.

Төөсүнө кейиген Баракан байдын чый-пыйы чыгып, жигиттерине карап:

— Кумурскадай жайнап жүрүп, эртеден бери бир төөнү саздан чыгара албай койдуңар. Күчүңөр ашка эле чыккан арам тамактар турбайсыңарбы! — деп нары-бери басып наалыйт. Ошол тапта ары жакта атчан өтүп бара жаткан Кожомкулду көрө коюп, сүйүнүп кетет да:

— Кана, балбан, мобул төөмдү баткактан чыгарып берчи, — деп калат.

Аттан түшүп, басып келген балбан төөнү өркөчүнөн кармап, копшоп-копшоп койгондо, бир аз бошой түшкөнсүдү. Карап турган адамдар дароо кыл арканды алдынан кабаттап өткөрүшүп, чырмап байлап жиберишти. Аркандын учунан кармаган Кожомкул өзү кургак жерге чыгып, чирене түшүп тартканда, төө «бурк» этип, саздан сыртка чыга келиптир. Жарданып тургандар төөнү карап көрүшсө, алты кабатталган кыл аркандын төрт кабаты күч келгендиктен быт-чыты чыгып үзүлүп кеткен экен.

Балбандын күчүнө ыраазы болгон көпчүлүк ага ак тилек каалашты. Баракан болсо, сүйүнгөнүнөн Кожомкулдун үстүнө чепкен жааптыр.

## КОЖОМКУЛДУН ТАШЫ

Эртең менен Айдаркан байдын үйүндө кымыз ичип отургандар Кожомкулду ортого алышып:

— Атагың Алайга, даңкың далайга кеткен балбан болдуң. Кийинки урпактар даңазалап айтып жүргөнгө жакшы. Таш көтөрүп, белги орнотуп кой, — деп кыстап калышты. Отургандардын арасынан дароо он азамат бөлүнүп чыгып, сай жактан туурасына кучак жеткис зоңкойгон ташты келтек салып тоголотуп жатышып, түзөң жерге алып келишти. Апыш уста эт бышымдай илээшип, ортосун чаап муунактады. Балбан чечинип, таштын жанына басып келди да, бир жак башынан жөлөп, тикесинен тургузуп, кучагына кыса жерден так көтөрүп, казылган чуңкурга «лак» эттире таштап, орнотуп коёт.

Зындандай оор таштын салмагынан балбандын бүткөн боюна күч келип, өтүктөрүнүн таманы ыдырап сөгүлүп, эки бетинин отунан шуушүндөп кан чыга түшкөн дешет.

Ошондон бери адам боюнан бийик моло таш Арамза жайлоосундагы көк конушта «Кожомкулдун ташы» деп аталып, азыр да турат.

… Береги жол боюндагы боз үй түспөлүндө салынган күмбөзгө өйдө-төмөн өткөн жолоочулар токтошуп:

— Капырай, жарыктык, Кожомкул өтө зор адам болгон экен го. Күмбөздөгү баскан беш манжа-

сынын изине колумду койсом, араң эле алаканынын отуна сыйды! — деп таң калып калышат.

Бою 2 метр 20 сантиметрдей, салмагы 168 килограмм кыргыз балбанынын кебете-кешпирин элестетип көрчү!

*Шабданбек Кулуев*

1. Кожомкул балбан жөнүндө мурда уккан беленер? Ал жөнүндө эмнелерди билет элеңер?
2. Кожомкул кандай адам экен? Ага кандай сапаттар мүнөздүү деп ойлойсуңар?
3. Кожомкул жөнүндө дагы билгиңер келсе, улуулардан сураштырып көргүлө.

## САЯПКЕР

Жылкы дүйнөнүн көп өлкөсүндө тараган. Аны күч, унаа жана эт, сүт өндүрүү үчүн өстүрөт. Элдик оюндарда пайдаланат. Жылкынын жыт алуу, көрүү, угуу сезимдери жакшы өнүккөн. Ошондуктан аны үйрөтүү жана көнүктүрүү оңой. Ага жем-чөбү менен суусун ченеп берип, арыгын семиртсе, семизин арыктатса болот. Жоргосу менен күлүгүн улам алыстатып чаап, машыктырып, суутуп мелдешке кошот.

Атты машыктыруу (таптоо) ар кимдин колунан келе бербейт. Атты таптаган (машыктырган) кишини саяпкер дешет. Саяпкерлик чоң өнөр.

Анын татаал сырларын үйрөнүү акыл менен талыкпаган эмгекти талап кылат. Саяпкери келишсе, күлүк да, күлүктү чапкан чабандес да уятка калбайт.

Ат жандуу кыргыздарда саяпкерлер көп чыккан. Алардын ичинен Толубай аттуу ашкан саяпкер өткөнүн уламыш кылышат. Ал качанкы өлгөн аттын куу башын көрүп, анын тулпар экенин жазбай тааныптыр. Анын кыраакылыгы, баамдуулугу, акылман көрөгөчтүгү тууралуу «Толубайдай сынчы бол, Токтогулдай ырчы бол» деген накыл кеп калган.

## УЛУУ КОЛ БАШЧЫ

Жамна дарыясынын сол тарабынан чыккан күн Дели султанынын кошуунунун жер жайнаган саптарына нурун төгүп улам жогорулап баратты. Бул каз-катар тизилген жыш саптар көк жээктин бардык жагынан жайнап чыгып келаткансыйт. Саптардын ортосундагы аралыктарда гана согушка үйрөтүлгөн пилдер заңкайышат. Бабур бектери менен турган дөңдөн караганда алардын чоңдугу анчалык деле байкалбайт, ал эми саны болсо жүрөк токтотуп бир акылга келгенге мүмкүн болчудай. Тээ бир жеринде эң чоң ак пилге минип Ибрахим Лоди келатат. Анын пили аскерлерине байкоо жүргүзүүчү дөңдүн ордуна жүрөт экен. Жонунан баары көрүнүп турат.

Коркунучтуу жоо каптап келатат. Бабур эмнегедир жайбаракаттанат. Арабалар менен калканычтар жакшылап бекемделген. Кошуундун оң канатына айлакер жана баатыр уулу Хумаюн жоопкер. Борборго замбирекчилер менен мылтыкчандар жана жөө аскерлер коюлган. Эки канаттын тең чет-четинде душманды курчоо үчүн атчандар даяр турушат. Согушка үйрөтүлгөн пилдүү Ибрахимде жөө аскерлери көп экен. Алар болсо сапка жыш туруп алышып чабуулга чыгышы керек. Бул болсо ыңгайлуулукту жана шамдагайлыкты басаңдатат. Мына, бир кезде күчтүү ыкма болгон толгомонун керектүү учуру эми келди. Бул ыкма жоо аскерлерин эки жактан курчап алып жеңүү ыкмасы болчу. Канаттардын эки учуна ошон үчүн шамдагай атчандар коюлган.

Бектер жана тандалган нөкөрлөр Бабурдун артында турат. Алардан анча алыс эмес жерде кошуундардан кабар алып келүүчү чабармандарды тейлеген бектер. Ар кимисине аткаруучу милдетин бөлүштүрүп жаткан Бабурдун үнүндө кандайдыр бир күч, ишенимдүүлүк шаңдуу угулуп турду. «Биз ушул адамдын канатынын астында эчен кыргындардан аман чыктык, — деди аскер башчылар өзүнө өзү кайрат берген болуп. — Эгерде Бабур мырза тирүү калса, анда биз да ушул жолу аман калабыз».

Жер жайнаган кара туман жоонун каршысында кыймылсыз тынч туруп, күтүү оңой эмес эле. Көпчүлүк бектер чебелектеше тынчсызданышат. Бабур гана кабагым-кашым деп койбой:

— Чыдоо керек! Күтүш керек! Эч ким буйруксуз ордунан козголбосун! — деп бардыгын катуу кармап турат.

Ибрахим Лоди Бабурдун козголбостон күтүп турганынан дөңгө коюлган жети жүздөй арабалардан бекем дубал жана алдын ала ортого казып коюлган терең ороолорду көрүп калды. Ал аскерлерин токтотту. Аскер башчыларын чакырып, негизги соккуну жоонун оң канаты тараптан берүүнү, Бабур турган дөңсөөнү шаар тараптан айланып өтүүгө буйрук берди. Бирок жүз миң кошуунга жаңы буйрукту жеткиргенче, кээ бир отряддар Бабурдун оң канатына каршы бир муштум болуп чогулганча, кээ бир отряддар шаар тарапка бурулганча бир топ убакыт өттү.

Бабур мына ушул убакыттан дароо пайдаланды. Анын буйругу менен курчоого ажыратылган эки миң аттуу аскер ордунан козголду. Күлүк аттар жоонун кошуунунун сол канатын жандап, тиги ортодон сол канатка көтөрүлүп келатышкан пилдер менен жөө аскерлерден озуп алардын аркасына зуулдап өтүп баратышты.

А Хумаюн башында турган төрт миң атчан оң тараптан жоону катарга тизилүүгө үлгүртпөй алдын торой чабуулга чыкты. Ортодо тизилген арабалардын арасынан замбиректер үстөккөбосток ок жаадыра баштады.

Ооба, Бабур өзүнүн бүткүл аскердик тажрыйбасын, жеңиштен да, жеңилиштен да үйрөнгөн тажрыйбаларын мына ушул Панипат талаасында пайдаланды. Бирок курчоодо калган жоо Бабур-

дун кошуунуна караганда жети-сегиз эсе көп болчу. Ал борборду атайылап жоого ачык калтырып жаткан, анткени дөңдө али аракетсиз турган арабалар жана замбиректер борборго коюлган эле. Эки тарабынан жана арт жактан үстөккөбосток сокку урула бергенден кийин курчоону жарып өтүп, кармашты жеңип алуу үчүн Ибрахим Лоди негизги күчтөрүн жана аскердик пилдерин жан боорду көздөй ортодон багыттады. Мына ошондо Бабур арабалардын дөңгөлөктөрүнүн астындагы жыгач тирөөчтөрдү алып таштоого буйрук берди.

Жети жүз араба бир учурда ордунан жылып, жоонун бет алдынан чыкты. Арабалардын башынан ашырып замбиректер, ара-чарада болсо мылтыктар жакын келип калган пилдер менен жөө аскерлерге ок ата баштады. Замбиректердин дүңкүлдөшү, мылтыктардын тарсылдашы, ок дарынын түтүнү, ар кандай калканды жана соотту тешип өткөн замбирек менен мылтыктын октору, өзгөчө өзүнчө эле жандуу желмогуздай болуп баары бир убакта жылып келаткан эсепсиз арабалар кошул-ташыл болуп, жоо кошуунун будуңчаңга түшүрүп, аябай эсин чыгарды. Мындайды алар мурда уккан да, көргөн да эмес. Жарадар болуп эстери да чыга түшкөн пилдер тузакка түшүп калгансып өкүрө башташты. Пилди айдап алгандар шаштысы кетип, пилдерин артка бурушту. Артта болсо толгон-токой атчандар менен жөө аскерлер бири-бирине аралашып кеткен эле. Ары түрт, бери түрт, урунуп жыгылмай башталды. Жа-

рааты жанга баткан немелер бирин бири тебе-леп-тепсеп өтүп жатты. Баш аламандыкта пил да, ат да, адам да өлүмгө учурады.

Согуш болуп жаткан тараптан бутуна ок тийип, үзөнгүсүнөн кан сызылып агып жаткан бир чабарман чаап келип, атынан түшпөй жатып эле үнүнүн бардыгынча кыйкырды:

— Өкүмдарым, жеңиш биз тарапта! — деди ал энтигип. — Жоо жеңилди!

*Пиримкул Кадыров*

*(«Жылдыздуу түндөр» чыгармасынан)*

1. Улуу кол башчы, мекендешибиз Захириддин Мухаммад Бабур жөнүндө эмнелерди билесиңер?
2. Тексттеги толгомо, курчоо, оң канат, сол канат, чабарман, отряд, тузак сыяктуу сөздөрдүн маанилерин мугалимиңерден сурап билип алгыла.

## КУРМАНЖАН ДАТКА

Адам Ата, Обо энеден таралып, Кыргыз атпай журт жаралган күндөн бери элибиз эчен оомалуу замандарды өтөп келе жатат. Тарыхтын коогалуу барактарында элдигин жоготпой, Түрк атадан түптөгөн элдин элдиги, Манастын эрдиги, «Көп деп неге качабыз, азбыз деп неге коркобуз» деп үйрөткөн Култегиндин шердиги менен кыргыз рухун Токтогул менен Толубайдын, Сагынбай менен Саякбайдын тили дана-

керлептир. Кенендик менен боорукерликти, жөнөкөйлүк менен бийиктикти, достук менен адамгерчиликти мекенин сүйүп, журтун урматтаган улуу инсан Тумарис менен Заринадай, Каныкей менен Жаңыл Мырзадай энелерибиздин чыйырын Курманжан сындуу кыздары улантыптыр. Кыргыз көчү ушинтип тарых түпкүрүнөн суурулуп, ушул күнгө жетип олтурат.

Атактуу инсандардын катарында тарыхый белгилүү адам, мамлекеттик ишмер жана акылман, көп улуттуу элине жана жерине жакшылыкты, тынчтыкты жана бейпилдикти самап өткөн Курманжан энебиз 1811-жылы кулжа айында Ош шаарынан анчалык алыс эмес жердеги Ороке кыштагында муңгул уруусунун Жапалак уругунан чыккан Маматбай аттуу орто дыйкан, колунда бардар адамдын үй-бүлөсүндө жарыкка келген. Курманжан жаш кезинен эле элдик үрп-адатты, каада-салтты кадырлаган келим-кетимдүү үй-бүлөдө тарбиялангандыктан өз оюн тайманбай бетке айткан, акыл-эси башкалардан өзгөчөлөнүп турган, намыскөй кыздардан болуп өсөт. Анын мындай өсүшүнө атасы Маматбайдын да таасири зор болгон. Маматбай, орду менен сүйлөгөн, бирөөнүн акысын жебеген, кара өзгөйлүгү жок, мал жандуу, ата-тегинен динди, руханий түпкүлүктү бекем кармаган сабаттуу адам болгон.

1832-жылы Курманжан баргы уруусунун бийи катары жана Кокон бийликтерине кызмат кылып датка деген наам алган, эл -жерге кадыры, бил-

гилиги маалым Алымбек-даткага кокусунан жолугуп, көп узабай аны менен тагдырын кошкон.

1832-жылы Алайды башкарып турган күйөөсү Алымбек датка дүйнөдөн өткөндөн кийин, башкарууну Курманжан өз колуна алган. Дилинде акыйкат жана акылман Курманжан эл ичинде чексиз кадыр-баркка жетишип, таасири да күчтүү болгон. Ошондуктан ага эл «Алай ханышасы» деген атактуу наамды берген.

Учурунда өз уруусунан чыккан чагымчынын айынан уулу Камчыбек душмандар тарабынан өлүмгө өкүм кылынган. Курманжан датка өз уруусунун гана башкаруучусу эмес, бүтүндөй кыргыз элинин саясий ишмери, насаатчысы, балдарынын камкор энеси болгон. Анда эмесе, ошол «Курманжан датка энебиздин насаатына» кулак төшөйлү.

## КУРМАНЖАН ДАТКАНЫН НАСААТЫ

Кечке жуук болчу. Курманжан өргөөнүн сыртында керегеге такай коюлган күрсүдө отурган.

Жылуу жабуу жабдырып,
Телчитпедим ботойду ай...
Жибек нокто каттырып,
Ээрчитпедим ботойду ай...

Ушул «ботосу өлгөн төөнүн боздогону» деген арман кошок Курманжандын оюна өзүнөн-өзү жылжып агып кирип, ал дагы күйүттүү эне, ичтен эски кайгысы козголуп, ичтен боздоп, акырын

эрдин күбүрөтүп алды да, башын аргасыз ийкей, өзүнчө улутунду. Эне тиштенип, араң тыйынды, ал көз жашын жанында кожурашып ойноп отурган наристе неберелери Азиз менен Кадырга көрсөткүсү келбеди. Алар Камчыбектен калган балдар болчу.

— Кулагыңар барбы? — деп сурады Курманжан неберелерине, жымыя тиктеп.

— Ба-ар! — дешти эки наристе жарыша. Буудай жүз, саргылт көз наристелерден Камчыбектин үрөйүн дагы сезип, ансайын эт жүрөгү ийигип:

— О, бууданымдан калган туяктарым... — деп алды чоң эне. — Тыңдайсыңарбы, кеп айтайын.

Чоң эне балдардын ой туюмуна жетимдүү болуш үчүн жай, ыр айтып аткандай мукамдап, чеберлер кештеден кеште чыгаргандай, мааниден маани улантты:

«Бир түркүн адамдар бар — көрө албас, теңирим анын колунан келерин чактоо кылып, а каалоосун, алкын өтө чоң кылып куураткан. Кара жанын карыштап, колунан келбес, алы жетпес ишке жулунат. А биреөнүн колунан иш келсе, айткан сөзү эп келсе, башкага көз артат, андан алдастап жамандык издейт. Андай адамдарды байкамаксан болгула».

«Бир түркүн адамзаада бар — келкелиң менен кошо келет. Башыңа булут айлана баштаган чакта аны таламандын тал түшүндө сыйпаласаң таппайсың. Мындайдын келгенине кубансаң, кеткенине кайгырба».

Эки бала чоң энесинин бу коңур жумшак дабышын күндө угат, жүзүндөгү бырышын, касыреттүү ойлуу көзүн күндө көрөт. Бүгүн да ошол, эрикпей, куду чоң киши менен маектешкенсип, чоң эне эки өспүрүмдүн кулагына салып олтурат. Азиз эне астыртан те алысыраакта таандай бапырашып «чек эчки» ойноп жатышкан айыл балдарын карайт. Балдарга кошулуп ак төш күчүк элирип чуркап жүрөт.

— Азиз, бар, бара гой, оюнга кызыгып турасыңбы, каралдым? — деди чоң энеси аны байкап.

Азиз ордунан леп тура калды.

— Оюн эрежеси баарына тең. Муну билесиңби, Азиз?

— Билем.

— А түзүк! Үстөмдүк көрсөтпө, кычымдык кылба, оюн тартибин башкалардан да сен бекем сактап ойно, а бирөө бузса, дароо как. Ушул бала күнүндө оюн тартибин сактабаган, кийин эрезеге жеткенде адилеттик дегенди сезбей, ал үчүн аттап өтпөй турган бир дагы кыйын босого жоктой болуп, ээнбаш, бейбаш өсүп калат. А кычымдык кара өзгөй кылат. Бар, этият бол.

Азиз жүгүрүп балдарга кошулуп кетти. «Бала эмеспи?..» деп койду Курманжан өзүнчө. Кадыр ошол мостоюп турган бойдон былк этпей кала берди.

— Йе, Кадыр, сен барбайсыңбы оюнга?

Кадыр таңдайын «шык» дегизип койду. Кадыр башынан кепке үйүр. Оюнга алаксыбай койгонуна чоң энеси да тымызын ыраазы болуп калды.

«Көөдөк, ойноо кездери, бири болбосо бири кулактарына кирип калар айтылгандын. Бала теңир буйругунан акыл чөйчөгүнө жараша батышынча алат, ар сөздөн өз алдынча маани табат, а акыл чөйчөгү иштүү болсо бир эмес, жети атасына калган ой санааны батырат, наркысын өзү улайт», — деп Курманжан купуя ойлонуп, башын өзүнчө ийкеп, өзүнчө улутунуп алды.

*Төлөгөн Касымбеков*

**Сөздүккө жазып алгыла:**

**Келкел** — өсүү, жакшылык мезгилдин келиши, замандын оңолушу.

**Кычымдык** — чыр, кара өзгөй, адилетсиз.

1. Курманжан датка канчанчы жылы, кайсы жерде төрөлгөн?
2. Анын кандай сапаттарын урматтаган эл кандай наамды ыйгарган экен?
3. Эненин калыстыкка, адилеттүүлүккө карата айткан накыл сөздөрүнүн маанисин чечмелеп айтып бергиле?

Ооба, Курманжан эне неберелерине ар түркүн насааттарын айтуу менен адамдын баасы, жакшы не, жаман не, оң не, терс не, адилеттүүлүккө ошону менен бирге өзүң адилет

бол, адилетсиздикке жол бербе деп айтып отурат.

Демек, достор, силер дагы ата-энеңердин ар бир сөзүнүн маанисин чечмелеп, өзүңөр жыйынтык чыгарып, аркысын өзүңөр улап, адилеттүү, акыйкатчыл болгула!

## ӨЧПӨГӨН ЖЫЛДЫЗ ТУРАТ ТАРЫХТАГЫ

Закымдап мезгил учат күлүк аттай,
Замандар өзгөрүлөт далай-далай,
Зардабы Ата Журттун тарыхынын,
Заркарлар өмүрү го Курманжандай.

Кордотпой арамдыкка адалдыкты,
Колдотпой жакшылыкка жамандыкты
Коргогон опурталдуу көп мүшкүлдөн,
Коогадан жүдөп турган калайыкты.

Эченин түйүндөрдүн чиеленген,
Элинин эртеңи үчүн чечип келген.
Энедей канатына калың журтту,
Калкалап канча санаа кечип келген.

Адамдык эң бир асыл сапаттары,
Айтылып кылымдарга калып дагы.
Өмүрү, элге арналган, өрнөк болуп,
Өчпөгөн жылдыз турат тарыхтагы.

*Гулбадам Матиева*

**Ата сыйлаган — абийир табат,**
**Эне сыйлаган — элге жагат.**
**Жакшы санат мүнөз көркү.**
**Акылдуу адам көптү билиш үчүн окуйт.**

?!

1. Балдар тарыхый ыр дегенде эмнени түшүнөсүңөр!
2. «Өчпөгөн жылдыз» деген сөз ким жөнүндө айтылып жатат?

## Бөлүм боюнча суроолор жана тапшырмалар

1. Бул бөлүмдөн эмнелерди үйрөндүңөр?
2. Элибиздин улуу инсандарынын катарын кимдер менен толуктадыңар?
3. Улуу инсан дегенди кандай түшүндүңөр?
4. Жусуп Баласагындын жазгандары менен макалдардын ортосундагы кандай байланышты байкадыңар?
5. Кайсы улуу инсан жөнүндө аны даңазалап чыгарма жараткыңар келет? Эмне үчүн?
6. Мекенибиздеги кайсы шаар, тоо жана дарыяларды билесиңер? Өзүңөр жашап жаткан айылдын, шаардын тарыхын билесиңерби?
7. «Туулган айылымдын (шаарымдын) тарыхы» деген темада дилбаян жазгыла.

# III ЧЕЙРЕК

# КҮМҮШ КЫШ

Январь ай — жылдын башы,
Январь ай — Бурганак.
Бактар кийсе кардан таажы,
Бороон бузат жулмалап.

Ар бир үйдө шамдар күйөт,
Балатыга тагылып.
Бийлеп, ырдап балдар күлөт!
Калышкан го сагынып.

Чыкыроонго жол ачыптыр,
Чилде келип чыкылдап.
Чексиз аппак кар чачыптыр,
Чарк айланып зыпылдап.

Тентек балдар сезбей кышты,
Тебе берет жылгаяк.
Эшик ачып, кезеп муштум,
Энелери жылмаят.


*Түмөнбай Байзаков*

1. Ырдын маанисин чечмелегиле.
2. Январь айындагы аба ырайы ырда кандай сүрөттөлгөн?

**Ырды жаттап алалы!**

# ТҮЛКҮ МЕНЕН СҮЛӨӨСҮН

*(жомок)*



Түлкү суу жээктеп келе жатса, алдынан Сүлөөсүн чыгат.

— Саламатсызбы, Түлкү! — дейт Сүлөөсүн.

— Саламатчылык, Сүлөөсүн!

— Ай-ий, сенин териңдин жакшынакайын карачы. Ушундай жалтырак болуу үчүн, сен эмне кыласың?

— Эчтеке деле кылбайм. Мен жасаганды сен деле жасайсың.

— Кантип? Үйрөтчү.

— Үйрөтөм — деди, Түлкү ичинен күлүп.

— Тиги музду көрдүңбү? Ошого барып жат. Күнү-түнү турбай жатсаң, мендей жалтырак болуп каласың, — дейт.

Сүлөөсүн сүйүнүп кетип, музга барып жатат. Жатып, тоңуп калат.

— Ой, Түлкү! Түлкү, мен үшүп кеттим, — дейт Сүлөөсүн.

— Жат! Жат! Жалтырак болосуң! Териң калыңдап, жүнүң жалтырак болот!

— Ой, Түлкү! Түлкү, чыдабай баратам...

— Чыда, чыда!

Сүлөөсүн чыдабай кетти. Тура калып жүгүргүсү келди, бирок муздан ажырабады. Көрсө, куйругу

музга тоңуп калыптыр. Сүлөөсүн бардык күчү менен жулкунат. Куйругу үзүлүп кетет. Ошентип, куйруксуз качып жөнөйт.

Ошондон бери бардык сүлөөсүндөрдүн куйругу кыска болуп калыптыр.

1. Жомокто эмне жөнүндө айтылган?
2. Биреөңөр түлкүнүн, экинчиңер сүлөөсүндүн сөздөрүн окугула. Экөөнүн кайсынысы митаам, кайсынысы дөдөй?
3. Кышында айбандардын тиричилиги кандай болот? Билгениңерди сүйлөп бергиле.

## БАЛАТЫ

Жаш балаты карагай,
Жапжакшына баладай.
Кубанасың бир башка,
Кайгы-капа санабай.

Алып сени келебиз,
Ак сарайга киребиз.
Бүчүрүңдү кур койбой,
Бирден конфет илебиз.

Лента менен чырмайбыз,
Алтын менен сырдайбыз.
Тегеренип өзүңдү,
Бакыт ырын ырдайбыз.

**Ырды жаттап алалы!**

## ЛЫЖА

Баалуулугу атка тең,
Сатып берген эжекем.
Менин жаңы лыжам бар,
Түшсүн-түшсүн жаңы кар.

Каптал жерде шашпаймын,
Калың карга батпаймын,
Кулачымды керемин,
Зуулдата тебемин.

Эңиш жерде шашпаймын,
Кырдан кайра качпаймын.
Жар кезиксе секирем,
Чапчаң болуп жетилем.

*Темиркул Үмөталиев*

1. Лыжанын баалуулугу эмнеге теңелет?
2. Бала лыжаны кантип тебемин дейт?
3. Кышта суунун тоңушун байкагыла.

## БИРИНЧИ КАР

Улак чындап ойлонду:
«Сүттү төгүп койгонбу?»
Сапсары ооз таранчы,
Сайрайт: «Достор, карачы,
Жерге батпас тыйынды
Бирден терип саначы».
Чычкан уулу — Момолой,
Чың-чың этет: «Ой, тобо, ой,

Ким чачты экен талаага
Ун убалын ойлобой!»
Жөжө болсо жөргөлөп,
Жүрөт карды терип жеп.
Күчүк күлөт: «Чуркасам,
Изим түшүп калды деп».
Энелери чыкты да:
«Эселек, бул кар, — деди.
Карда алтын бар, — деди.
Нан дегеним — жан, — деди».
Бардыгы ырдап: Кар — деди,
Карда алтын бар, — деди.
Улак аста жалады,
Чокуп көрдү таранчы.
Уучтап алды Момолой,
Тынган өңдүү санаасы.
Жемсөөсүн жөжө көрсөтөт:
Жедим, канча, карачы...»
Күчүк күлөт: «Эси жок,
Сылаңкороз баласы.
Жарыласың, көп жебе,
Бу деген кар, жем беле?!»

*Анатай Өмүрканов*

1. Улак эмне үчүн ойлонду?
2. «Карда алтын бар» деген сөздүн маанисин чечмелеп бергиле.

## КАРДЫН АСТЫНДАГЫ УЯЛАР

*(Аңчынын аңгемеси)*

Кыштын аяздуу күндөрүнүн бири болчу. Мен мылтыгымды ийиниме илип алып, тоодон ылдый карай түшүп келе жаттым. Маңдайымдагы дөңдөн бир топ чил көрүндү. Мен бирин-серин дарактардын далдасы менен чилдерге карай жүрдүм. Эки көзүм ошолордо. Тигилип карап келе жатам. Чилдер мени көрүшкөн жок. Эч нерседен кооптонбой тургансып көрүндү. Мен да аларды көрүп акырындык менен түштүм. Шашпастан жүрүп келатам. Чилдерге кээ-кээде гана карап коём.

Ушинтип жүрүп келе жатып, чилдерге дагы бир жолу карадым. Бирок алар көрүнбөдү. Мына, кызык! Чилдер кайда кайым болушту? Алар учуп асманга көтөрүлүшкөн жок. Кардын үстүндө жорголоп башка жакка да кеткендей болгон жок.

Чоң арча дарагынын түбүндө отуруп бир аз эс алдым. Эми эле чилдер жүргөн дөңгө кайта-кайта карайм. Бирок алар көрүнбөйт.

Көп өтпөй түндүктөн ызгырык шамал урду. Күн акырындык менен сууй баштады. Мен ордуман турдум да, кайтадан жанагы чилдер жүргөн дөңгө карай жүрдүм. Дөңдөгү кар анча калың экен. Акыры чилдердин өзүнө да жеттим. Ары-бери кеткен көп изге тигиле карап, бир аз турдум. Кардын үстүндөгү издердин арасынан ар кайсы жерден ийиндин оозуна окшош тешиктер көзүмө түштү. Мылтыгымдын учу менен тешиктин жанындагы карды ача баштадым. Бир кезде жердин астында суурдун

ийинине окшош ийин көрүндү. Ийинине колумду салсам жып-жылуу. Кардын астын атайын оюп, ийин жасагандай. Мен ошо ийиндин тегерегин бутум менен басып, мылтыгымдын учу менен ачууга кириштим. Көп өтпөй, бир чилди кармап алдым. Тонумду чечип таштап, жумушка киришип кеттим. Кардын асты бүт ийин. Кээ бир жерлерде тегерек, чоң, коёндун ийинине окшош ийиндер да кездешет. Алар кыштын суугунан коргоно турган чилдердин уялары экен. Ошентип, мен ушул чилдердин жасаган кардын астындагы уяларын көрдүм. Ачкан жеримдеги жердин бети да, чөптөр да жып-жылуу.

Кыштын суугунан, катуу бороондордон кекиликтер, курлар сыяктуу куштар да кардын астына киришип коргонот.

Коён да карды оюп, өзүнө ийин жасайт. Чычкандар да кышында кардын астындагы ийиндеринде балалай берет. Мунун бардыгы, албетте, кардын жан-жаныбарлар менен өсүмдүктөрдү суук-тан сактай тургандыгын көрсөтөт.

1. «Уя» деген сөздү кандай түшүнөсүңөр?
2. Кышында кайсы куштарга уя жасайсыңар?
3. Текстке өзүңөр план түзгүлө.

## ЖАҢЫ ЖЫЛЫМ БАТ КЕЛСИН

Ушул түнү бүт ой-максат,
Орундалып калат дейт.
Кут, береке, чоң ырыскы, ынтымак,
Биздин үйгө берип кет.

Жаңы жылым бат келсин,
Жаңыланып шат келсин.
Жаңы көйнөк, жаңы шым,
Жаңы оюнчук көп берсин.

Атакеме чың ден соолук,
Күч-кубатың берип кет.
Тунук күлкү эч кетпеген жүзүнөн,
Апакеме берип кет!

*Гүлмира Эсенгулова*

## МУЗДА

Тайгаланып жыгылып,
Күлүп жатат Жайна.
Чана менен бөбөгүн,
Сүйрөп жүргөн Айна.

Бир конькиде сороктоп,
Чуркап барат Майра.
—Туруп тепсем баары бир,
Жыгылам деп кайра.
Отуруп алып муз тебет,
Томпоңдогон Сайра.

*Турар Кожомбердиев*

1. Кышында кандай оюндарды ойнойсуңар?
2. Силер да жыгылып көрдүңөр беле?

**Ырды жаттап алалы!**



## Сөз оюну: «Каршы сөз»

Бир сөз айтсам мен сага,
Ошол сөздүн каршысын,
Дароо таап жаңылбай,
Керек ылдам айтышың.
Мейли муну ким тапсын,
Ар бир жообу уйкашсын.
Анда калем сапты алып,
Сөз оюнду баштадык:

Жапыс — ....    Кенен — ....
Кашаң — ....    Кара — ....
Баатыр — ...    Жуп — ....

**Жооптору:** (бийик, күлүк, коркок, тар, ак, так)

## Табышмак

Кубарбайт да, куурабайт,
Жайы дагы, кышы да.
Дайым кетпей сакталат,
Буркураган жыты да,
Бул эмне болучу?

(А...)

## Бөлүм боюнча суроолор жана тапшырмалар

1. Кышында табиятта кандай өзгөрүүлөр болот?
2. Жаныбарлардын кышкы жашоосу жөнүндө эмнелерди билесиңер?
3. Кыш мезгили жөнүндө кандай табышмактарды жана макалдарды билесиңер?
4. «Биздин кышкы оюндарыбыз» деген темада оозеки аңгеме түзгүлө.

# ЖАКШЫ ДЕГЕН ЭМНЕ, ЖАМАН ДЕГЕН ЭМНЕ?

## АДЕПТҮҮ БОЛУУ ОҢОЙБУ?

Кичинекей, шайыр, жеп тойбос бир Чычкан болуптур. Ал сүйүктүү энеси менен чогуу айылдагы эң бийик, эң кооз үйдө жашайт экен.

Бир күнү энеси аны эркелетип: «Мына, эми сен да чоңоюп, өзүң тышка чыгып ойносоң боло турган болуп калдың, эми бир аз акылыңды жыйып, адептүү бол» — деп кеңеш бериптир.

— Акылым го бар, себеби кайсы тамак ширин экендигин жакшы билем, — дептир Чычкан өзүн өзү мактап. — Бирок адептүү көрүнүш үчүн эмнелер кылышым керек, энеке?

— Кичинекейлердин адеби, биринчи кезекте, кантип салам берүүдөн билинет, — деп жооп берет энеси, — өзүңдөн улууларды көргөнүңдө, жылуу жылмайып: «Ассалоом алейкүм» десең, алар да сага «Алейкүм салам» дешет. Кийин «өтө адептүү экен, ата-энесине миң ыракмат» деп айтышат.

Муну уккан Чычкан бирөөлөргө тезирээк салам берип, ыракмат уккусу келет жана тышка чыгат.

Чыгышы менен ага карап турган Мышыкка туш келет. Чычкан ага жылмайып карап, «Ассалоом

алейкүм» деген экен, таң калган мышык: «Алейкүм салам... Өмүрүң узун болсун. Өтө бер» деп-тир.

Көңүлү тоодой көтөрүлгөн Чычкан кубанычтан бара жатып кары Эчкини учуратып калат.

— Ассалоом алейкүм, Эчкибай, — деп алдыңкы оң бутун көкүрөгүнө коёт Чычкан.

— Алейкүм салам, — деп алик алат Эчки. — Кем болбо, атаңа ыракмат. Эгер курсагың ач болсо, кел бул дүмбүлдүн четинен бир аз ке-мирип ал.

Чычкан дүмбүлдөн азыраак даам татып көр-гүсү келсе да, дагы адептүү көрүнүшү үчүн напсин тыйып: «Ыракмат, Эчкибай, жумушум көп болчу. Кеч кире электе башкаларга да салам берип чыгышым керек» дейт. Сакалы шамалга желби-реген кары Эчки анын артынан карап калат. Балким: «Эх, менин неберелерим да ушундай ширин болуп, бардыгынын дубасын алса» деп ойлогон чыгар.

Жүгөрү талаасы бүтүп, шалбаага келгенде шоро-лордун арасында уктап жаткан таш баканы көрөт. Чычкан эч ойлонбостон жагымдуу үнү менен «ассалоом алейкүм таш бака тайке» — дейт. Таш бака ойгонбойт.

Чычкан таш баканын башы кайсы тарабында экенин эч биле албай, аны үч-төрт жолу тегере-те айланып чыгат. Кийин туш келген жагына туруп алып: «Ассалоом алейкүм, таш бака тайке! Сизге салам берип жатам, тайке, алик албай жа-тасыз го. Дагы бир жолу ассалоом алейкүм!» —

деп эшикти каккандай таш баканын үстүнө чыгып алып ургулайт. Бир кезде таш бака башын чыгарып:

— Бул дүйнөдө тынчыраак жер калбаган окшойт... Ким бул өзү, кайта-кайта салам берип жаткан, — дейт.

Байкуш Чычкан ыңгайсызданып, чөптөрдүн арасына лып этип кирип кетет. Эми бир тамашанын үстүнөн чыгып калат. Ушул короодо жашай турган маймак ит — өзүнүн айтышына караганда, жүздөн ашык дүйнөлүк согуштарга катышып, жетимиш тогуз жеринен жарадар болгон Төрткөз кошунасы Алапар менен сөөк үчүн талашып жаткан экен.

Ушундай жаныбарга салам бербей өтсөм, чоң адепсиздик болсо керек, деп ойлоптур Чычкан жана аларга жакыныраак барып, жагымдуу үн менен «Ассалоом алейкүм, Төрткөз баатыр!» — дептир. Иттер ага көңүл бурбай, талаша беришет. Чычкан да бош келбей, бир ары жагынан, бир бери жагынан өтүп салам бере бериптир:

— Ассалоом алейкүм! Эй, Төрткөз, ассалоом алейкүм! Кулак барбы өзү? Эй, ассалоом алейкүм деп жатам! Саламга жооп кана? Бул эмнеси? Ассалоом алейкүм деп жатам мен.

Ошондо Төрткөз Алапардын желкесинен тиштеп узагыраак ыргытып жиберип, Чычканга: «Вав, алейкүм! Көңүлүң толдубу? Кутулдумбу? Бар, жогол эми», деп ырылдайт да кайрадан алыша кетет.

Күтүлбөгөн мындай жооптон таң калган Чычкан ыйлап жиберет. Ыйлаган боюнча артына кайтып келе жатып дагы Эчкиге жолугуп калат.

Ага Чычкан таш бака жана Тѳрткѳз менен болгон окуяларды толук айтып берет.

Ошондо кары Эчки мындай дейт:

— Таарынба, балакай. Кийинки жолу ыңгайлуу бир учурда жолуксаң, алар сѳзсүз саламыңды алышат, сага ыраазы болуп, макташат. Башкаларга биринчи болуп салам берүү ѳтѳ жакшы. Бирок саламдашуу шарт эмес болгон учурлар да болот. Ата-энең бош кезинде алардан бул жѳнүндѳ сурап билип алсаң, ашыкча болбойт.

Кары Эчкинин сѳзүн угуп, Чычкандын кѳңүлү анча жай табат. Ийинине кайткан соң: «Башкаларга салам берүү шарт эмес болгон учурлар да болот экен да? Алар кандай учурлар болду ѳзү?» — деп ойлонуп, булар жѳнүндѳ энесинен сурап алмакчы болот.

*Анвар Абиджан*

1. Чычканга энеси эмне деп кеңеш берет?
2. Ал кимдерге салам берди?
3. Кары Эчки саламдашуу адеби жѳнүндѳ Чычканга эмне дейт?

## ТААРЫНГАН ТОКОЧ

Бир бала болгон экен, болгондо да ал элдин баарына жакшы тааныш Камил деген бала экен. Кѳпчүлүк аны жакшы кѳрчү. Ѳзү да улуу-кичүүгѳ салам айткан, дайыма апасына жардам берген бала тура. Анын да сыры бар экен, кулак салсаңар. Бул сырды ѳзүнѳн башка эч ким билбейт.

Ойноп жүрүп бир кезде Камил курсагы ачканын сезди. Тандырга нан жаап жаткан апасынын жанына келиптир да:

— Жумшак нан жейм, — деп эркелептир.

— Азыр бышсын, жейсиң, — деди апасы.

— Курсагым ачып кетти!..

— Анда чурка, нан үкөктү карачы, нан бар, жей тур! — деди апасы.

Камил үйгө кирип, нан үкөктү ачса, каткан эки-үч сындырым нан бар экен. Аны колуна алган Камил:

— Ушу нанды ким жесин! — деп нанды үкөккө кайра таштап, мурдун чүйрүдү.

Ошондо ай тегерек нандын зээни кейиптир. Камилдин сөзү сай-сөөгүн сыздатыптыр. Көзүнө жаш тегеренет. «Курсагың ачкан эмес тура анда», — деп капа болот.

— Май токоч бышсын, курсагымдын ачкан-ачпаганын ошондо көрөсүң, — деп бала дердеет.

Камил тандырга жакын отурду. Аптанын табына нан кызарып, борсоюп, тандыр боорунан «мени үзүп алгыла» деп нур чача баштады. Ошондо апасы май токочтун бетине суу сепкенде, нан ого бетер кызарды. Камилдин шилекейи чууруп кетти.

Апасы колуна жеңче кийип, май токочту үзүп, себетке салды.

— Ала кой, балам — деди. Май токоч себетке жайланышып, көздөрүн чоң-чоң ачып, баланы карады. Ал бир нерсе айтмакчы болду эле, анысы кызык көрүндү балага. Камил эңкее кол узат-

канда кызык иш болду, май токоч кыткылыктап күлүп, гүлзар тарапка томолонуп качып жөнөйт. Ошондо атыр гүлдөр май токочту колдоруна көтөрүп, бири-бирине узатышып, алып качышат. Камил ага болбой, кол созуп жүткүнгөндө колдоруна тикен сайылат. Ага ачуусу келип, жетип кармаарда май токочту гүлдөрдүн арасында өскөн күн карама шап төбөсүнө көтөрүп, чоң дарбаза жакка тоголотуп жиберет.

Май токоч дарбаза алдынан «кандайсың?» дегендей бир карап коюп, жолун улантат. Камил анын соңунан кубалап жетпейт. Алдыларынан чоң арык чыгып, май токоч «лып» секирип, аркы бетине өтүп алат. Ага жакындаганда арыктагы суу дайрага айланат да, баланын жолу буулат. Камил бир жактан кайык таап келип, аркы өйүзгө эптеп сүзүп жөнөйт. Зорго өтсө, май токоч күлүп, дарактын башына чыга качат. Бала да даракка жармашканда, май токоч жанындагы даракка секирет. Бала кийинкисине өтсө, май токоч андан кийинкисине өтөт. Баланын күчү кетет, чарчайт. Айласы түгөнгөндө, таштын үстүнө отуруп алат.

Арып-ачып үйүнө кайтат. Ашкана бопбош, тандыр алда качан муздап калыптыр.

— Апа! — деп чакырыптыр бала. Эч ким жооп бербептир. Камил баягы тандырдан үзүлгөн нандарды издептир, бирок бирин да таба албаптыр. Шашып-бушуп баягы нан үкөктү ачыптыр. Ачыптыр да көздөрү ала чакмак болуп кетиптир. Сындырым каткан нанды кандай таштаса, ошол

боюнча жатыптыр. Балага абдан кападар экен. Камил аны колуна алып, четинен сындырып, оозуна салат. Нан ушунчалык таттуу экен, каймак даамданат. «Ох, ох кандай таттуу нан!» — деп жибергенин өзү да сезбей калат.

Ошондо каткан нандын ачуусу жазылып кетет. Дал ошол учурда Камилдин маңдайында май токоч пайда болуптур Себетке толтура нан көтөргөн апасы да келип калат. Камил ушунчалык сүйүнөт дейсиң, анан ал өзүнүн катачылыгын сезет. Ошондонбу, ал май токочко кол узатпай турат. Анткени ал сындырым нанды таарынткысы келбептир.

1. Камил кандай бала экен?
2. Камилдин ордунда болсоңор, силер эмне кылат элеңер?
3. Камил эмне үчүн май токочко кол узаткан жок?

## Макал

Нан — элдин байлыгы.
Нан болсо, ыр да болот.

## КИМДИН БАЛАСЫСЫҢ?

Жуматай абышка бир иш менен мектепке келди. Атынан түшүп, мектептин бурчунда ары карап турган бейтааныш баланы көрдү. Басып келип атты алып, тигиндей байлап койсо да болот эле го. Ал алмак турсун, бери бурулуп карап да койбоду го.

Абышка ага теригип деле койгон жок, «бала да» деп койду ичинен.

Тиги бир нерсе менен алек болуп дагы эле дубалды тиктеп турган.

— Эй, кимдин баласысың? — деди Жуматай абышка, баланын артынан чукул басып келип. Бала байкабай турган экен, чочуп кетсе да, өзүнүн баятан бери кылып жаткан чеки ишинин бети ачылганын ойлоду. Ал сабак убагында мугалиминен суранып эшикке чыккан да, эч кимдин жоктугунан пайдаланып, минтип мектептин арт жак дубалына уят сөз жазып отурбайбы...

Карыя ал сөздү окуй деле алмак эмес, тамга таанныбайт да. Антсе да тиги бала өзүн бул осол иши үчүн уяты чыгып отурбайбы. Ырас эле болот, алаканы кычышып баратты беле...

Ошентип ойлонуп жатып, абышканын суроосун да укпай калыптыр.

— Эй, сен кимдин баласысың? — деди ал кайрадан үнүн бак-бак эткизе. Анан жанына келди да анын чачын сылап, Касымдын баласысыңго окшошуп турат — деп чекесинен жыттады. «Мына тааныды» деп ойлоду бала. — Эми атама айтат да, уятымды чыгарат. Өлдүм..!

Бала апакай дубалга көмүр менен бадырайта жазган жазуусун өчүрө албай, же катып, жашыра албай, же өзү качып кете албай туруп калды. Эрксизден көзүнөн жаш кылгырды.

— Кечирип коюңуз... — деди ал жооп берүүнүн ордуна, мындан кийин минтип дубалга уят сөз жазбайм. Чоң ата, муну азыр эле тазалап таштайм...

Жуматай абышка баланын эмне кылып отурганын эми билди. Бирок, дубалга эмне деп жазганын окуй да алган жок.

— Ошентип, балам, Касым абышка үйдөбү? Жуматай абам салам айтты де, макулбу...

Ошентти да, камчысын сүйрөй, бейкапар мектепти көздөй басты. Бала эми гана эс алды.

Жакшы киши экен, кечирди деп ойлоду Канат. Бирок кимдин баласысың? — деген суроосу эсинен кетпей, кулагында кайталана берди.

«Сен кимдин баласысың?» Эх, кандай гана сыймыктуу сөз да, кандай гана катаал сөз?! Жакшы иш кылсаң сыймыктана жооп бересиң да, а жаман иш кылсаң, атаңды да, өзүңдү да эл алдында уят кыласың. Чынбы?»

Ал ушуну ойлоду да, алиги абышканын бул сырдуу суроосуна таң калып, артынан узата карап турду.

Чын эле ал эмне үчүн кимдин баласы экенин кайта-кайта сурады экен?..

1. Жуматай абышка кайда келди?
2. Абышка балага эмне деди?
3. Эмне үчүн баланын көзүнөн жаш кылгырды?
4. Бала эмнеге кимдин баласы экендигин айта албады?

## ЖАҢЫЛМАЧТАР

Ак мончок, көк мончок,
Аябай көп мончок.
Көп мончок ичинде
Көгүлтүр көз мончок.

* * *

Алты айры куйрук,
Анан жалкы айры куйрук.
Айтчы, канча экенин —
Жалпы айры куйрук.

* * *

Ал аралда да марал,
Бул аралда да марал,
От экен маралга да арал,
Оттосун аралга да марал.

## АТ ЖАКШЫ КӨРГӨН БАЛА

Асылтай бажырандап сүйүнүп үйгө кирди:

— Мени ат жыттап койду. Мени ат жакшы көрөт!

— Калпычы, — деди Абылтай ага ишенбей. — Ат жакшы көргөндү билбейт.

— Билет! Жүрчү, көргөзөйүн.

Экөө жетелешип мамыга байлануу аттын жанына барышты. Асылтай акырын алдыга өттү да аттын тизгинин кармап, көкүлүнөн сылады. Ат былк этпеди, ооздугун шылдырата башын салаңдатып Асылтайдын иймейген колун жыттады, тумшугун ийинине сүйөдү.

— Сага сүйлөп атабы? — деди Абылтай, аттын кыпкызыл таноосунан, арсайган тиштеринен коркуп.

— Сүйлөгөн жок. Жакшы көрүп атат.

— Эмне үчүн жакшы көрөт?

— Мен аны сугаргам. Арыктын боюнан откозгом. — Асылтай дердейип койду. Атты мамыдан чечип, аркы дүмүргө тартып минип алды.

Абылтай ат каякка басса ээрчий чуркап, ат менен Асылтай экөөнүн бири-бирин жакшы көрүшкөнүнө сүйүнүп, өзү да ошондой болсом деп кыйкырып жүрдү:

— Асылтайды ат жыттап койду! Асылтайды ат жакшы көрүп койду.

Бир күнү Абылтай аттын жанына барды да, кулагына шыбырады:

— Ой, ат. Мени жакшы көр, — деди сөөмөйү менен көзгө сайып. Ат селт этип башын көтөрүп, кайрадан үргүлөп туруп алды.

— Ой! Мени жытта. Жакшы көр, — деди атты кекетип. Ат дагы эле унчукпады. Абылтай анын мурдуна муштумун такап чаңырды.

— Ат! Сени өлтүрөм!

Ат кулагын тикчийтип, ооздугун качыр-качыр чайнады. «А-а, коркутуп салдым» — деп ойлоду Абылтай:

— Мени жакшы көрбөсөң өлтүрөм! — Ал чөнтөгүндөгү мыгын алды да, атты мурунга сайып ийди.

Ат таноосун тарсайтып, көзүн чакчарылта тикесинен секирди. Абылтай бакырып жыгылды.

Ошондон кийин Абылтай атка жакындабады. Жакындаса эле кулагын чунандатып, кошкуруп, көзүн чакчаңдатат.

Асылтайга болсо антпейт. Ал каякка жетелесе же минсе деле каалаган жагына кете берет. Аны

бу көчөдөгү балдар, ал тургай чоң кишилер да «Ат жакшы көргөн бала» деп аташат.

Мына, Абылтайдын иниси Асылтай! Шаарга кеткиче чоң атасынын атын минип, көп жерге бастырып жүрдү. Абылтай бир да жолу өзүнчө минип бастырган жок.

1. Кызык, эмне үчүн Асылтайды ат жакшы көрдү?
2. Эмне үчүн Абылтайды жаман көрдү?

## ЧОҢ АТАМДЫН АЙТКАНЫ

Сөз баштады чоң атам:
— Эне ардактап баласын.
Жандай көрүп аяса,
Айбандарча аясын!

Тээ баягы бир жылда,
Тескей жакты кадуулап.
Таң куланөөк салганда
Тоого чыктык аң уулап.

Кийик таап бир үйүр,
Калбайлы деп көрүнүп.
Жыт сездирбей жакындан,
Ыктуу жерден өңүдүк.

Тарсылдата аткылап,
Тайгандарды агыттык.
Калган-каткан кийиктин,
Качар жолун тарыттык.

Бир улактуу тоо эчки,
Куу тайганга таланып.
Туюгуна асканын,
Туруп калды камалып.

Ал камалган эчкинин,
Амалы жок качарга.
Жакын келип мылтыкты,
Таамай мээлеп атарда.

Эчки мылтык оозуна,
Тик карабай жалтанат.
Өзүн тосуп, улагын,
Катып турду калкалап.

Көрүп эчки көзүнөн,
Жаш акканын тамчылап.
Мыкчый мылтык кармаган,
Колум кетти калтырап...

Мылтыгымды ыргыттым,
Зээним кейип зыркырап.
Тээ төмөндө таштарга,
Тийип сынды быркырап.

Эчки ээрчитип улагын,
Чыкты дароо туюктан.
Мен ошондон бер жакка,
Мергендикти унуткам...

*Соронбай Жусуев*

1. Эмне үчүн чоң атамдын колу кетти калтырап?
2. «Мен ошондон бер жакка,
   Мергендикти унуткам...» дегенди чечмелеп бергиле.
3. Ыр силерге кандай таасир этти?

## ЖАКШЫ БОЛДУ

Көчөнүн боюндагы чоң үй курулуп бүтө элек болчу. Көчөдөн өткөндөр: «Жакшынакай үй болот экен го...» дешчү, ал эми анын көптөн бери курулуп бүтө элегин көргөндөр: «Бирок, көчөнүн көркүн бузуп турганы жаман болуптур» дешчү.

Билбесеңер билип алгыла, көчөнүн көркүн бузуп турган бул үй Асандардыкы эле.

Мына, бүгүн үйдүн кемчилигин түзөтүү үчүн ашарчылар келишкен. Алардын арасында Асан, өзү кечээ гана барып чакырып келген Иса аба да бар. Иса аба ушул айылдагы уста. Ал аз сөздүү, он сүйлөгөнүңдө араң бир сөз менен ооз ачып жооп берет. Көңүлү келсе, өтө сөзмөр да болуп кетет. Башка ашарчылар өздөрү менен өздөрү убара. Алар дээрлик жаштар болчу. Бир кезде ашарчылар өз балдарын мактай баштexisting. Бири баласын адептүү десе, экинчиси баатыр, күчтүү деп мактаашты. Кээде алар:

— Иса аба, эмне дейсиз, ошондойбу? — дешсе Иса аба эч тартышып отурбай:

— Ошондой! — деп жооп берет.

— Менин балам бир жумуштун башын кармайт, — деди Асандын атасы, — колунан китеп түшпөйт, окуганы окуган. Эмне дейсиз, Иса аба!

— Ошондой, — деди ал. Ал дагы бир нерсе айтмакчы болду да, кайта сөзүн ичине жутту...

Ошол кезде Асан өз достору Сапар, Аалы менен көчөдөн кирип келишти. Сапар менен Аалы усталарга салам беришти. Асан унчукпастан, колтугуна китебин кыстырып алып, үйгө кирип кетти.

Ошол кезде Иса абага кирпич керек болуп калды. Ал жерге түшмөкчү болуп жатканда Сапар байкап калып, бир кирпичти көтөрдү:

— Түшпөй эле коюңуз, аба, мына, алыңыз. Дагы керекпи?

— Ооба, балам, береке тап, чоң жигит бол...

Асан үйдөн чыгып, Аалынын жанына келди. Экөө усталардын жасаган иштерин карап турушту.

— Иса аба, сөзүбүз чала калды го, ошентип, балдардын кайсы бири жакшы бала болот? — деди ашарчылардын бири.

Иса аба унчукпады.

— Кайсынысы болоор эле, көрүп турасың го, мына мунусу жакшы, — деди ашарчылардын бири кирпич ташып жаткан Сапарды көрсөтүп. — Абасына жардамдашып жаткан бала жакшы болбой, белин кармап карап турган бала жакшы болобу?..

Бул сөздөн четте турган Асан менен Аалы кызарып кетишти. Аалы Асанга бир карап алды да, барып кирпичти көтөрө баштады. Аны көргөн Асан да кирпич ташый баштады. Иса аба балдарга ыраазы болуп:

— Баракелде балдарым, эми акылга келдиңер. Келечек силердики, эмгектенсеңер, жакшы окусаңар албетте, жакшы инсан болуп жетишесиңер деп бата берди. Ошентип Асандардын үйү бүтүп, айылдын көркүнө көрк кошулду.

*Насыр Пазылов*

?!

1. Асандардын үйүндөгү ашарга кимдер келишти?
2. Иса аба Сапарды эмне үчүн мактады?
3. Ал Асанга эмне деди?

## ТАБАЛЫЧЫ СЕБЕБИН

Чычкан төөгө айтат дейт,
Чыга калып ийинден:
— Кулагыңды бери тос,
Бир кеп уктум бүгүн мен.

— Кет, алдаба! — дептир төө,
Сени эмнеге угамын?
Кыйын корком сенден! — деп,
Ала качты кулагын.

Биз билебиз чычкандын,
Эң кичине экенин.
Анан эмне төө коркту,
Табалычы себебин?

*Амангелди Мисиров*

?!

1. Чындап эле килейген төө, эмнеге коркту чычкандан?
2. Кел эмесе, ар кимибиз буга байланыштуу өз оюбузду жазып көрөлүчү! Баштадык анда, кимдики абдан кызыктуу болор экен?

# ТӨӨ

Төө, төө тартагай,
Төрт аягы талпагай.
Эчки мурун жалпагай,
Эриндери шалпагай.

Көзү топтой тостогой,
Өзү малга окшобой,
Мордон чыккан түтүндөй,
Мойну узун койкогой.

Чолок болот куйругу,
Чулук болот кулагы.
Башка малдар сыяктуу,
Кайда мунун туягы?

Чуудалары кебездей,
Эки өркөчү белестей.
Маң-маң баскан төө,
Мал аттуудан ашкан дөө.

Билген балдарга төө,
Билбеген балдарга бөө.
Болбос буга талашың,
Бото дейбиз баласын.

*Эсенгул Ибраев*

## САЛАМДАШУУ АДЕБИ

Улуулардан калган салт,
Урмат кыла билели.
Жолукканда ар кимге,
Салам айта жүрөлү.

Салам айтсак улууга,
Эстүү экен деп сүйүнөт.
Салам айтсаң кичүүгө,
Улуулугуң билинет.

*Гүлмира Рысбаева*

1. Кимдерге салам айтып жүрүү керек экен?
2. «Улуулук» деген сөздүн маанисин чечмелеп бергиле?

**Ырды жаттап алалы!**

### Бөлүм боюнча суроолор жана тапшырмалар

1. Бөлүмдөгү кайсы аңгемеде эмгек сүйгүчтүк, тапкычтык, ишбилермандык касиеттери жогору бааланган?
2. Жалкоолук, калпычылык жаман адат экенине тексттерден мисалдар келтиргиле.
3. Бөлүмдөгү кайсы аңгемеде адептүүлүк жөнүндө сөз болот? Анын мазмунун кыскача айтып бергиле.

## ЖАНЫБАРЛАР ДҮЙНӨСҮ

Кылымдардын кыйрында,
Он миң, жүз миң жыл мурда,
Санжыргалуу жер үстүн,
Айлантышып тургунга:
Келемиштер, кериктер,
Арстан, бөрү, эликтер,
Жолборс, илбирс, куландар,
Кескелдирик, жыландар,
Эчки маарак, чулдуктар,
Бактек, айры куйруктар,
Бөрсө, багыш, бөкөндөр,
Тунжур, кирпи чечендер,
Төө куш, илегилектер,
Көл бакалар, чүрөктөр,
Алабуга, жаяндар,
Музоо баштар, чаяндар,
Кашкалдак, көк кытандар,
Борбаш, балта жутарлар,
Үпүп, торгой, туйгундар,
Безбелдектер, булгундар,
Кашкулактар, калтарлар,
Ызгыч, турна, тартарлар,
Жарганат, төө, коңуздар,
Эчки эмерлер, доңуздар,
Кара кунас, аңыздар,
Суусар, суур, мадылдар,

Таш бакалар, пилдер,
Бир казандар, чилдер...
Санай берсек кайталап,
Санат жеткис айбанат,
Тукум улап нечендеп,
Тоо-талааны мекендеп,
Токой-черди аралап,
Парандалар сабалап,
Күндө батып жыргалга,
Чумкуп ойноп сууларда,
Өмүр сүрүп келаткан.
Аалам менен эбактан —
Ким кубанып сүйбөсүн,
Жаныбарлар дүйнөсүн!

*Токтосун Самудинов*

1. Биздин жерде булардын баары барбы?
2. Кайсы жаныбарлар жөнүндө билбейсиңер? Алар жөнүндө энциклопедиядан карасаңар, улуулардан сурасаңар болот.
3. Дагы кайсы жаныбарлар жөнүндө айтылбай калыптыр деп ойлойсуңар?

## АМАН КАЛАТ ЭЛЕ

### I

Жерде сойлогон жылан көктө сайрап турган торгойду арбап жутат дегенге ишенчү эмес элем.

Биз адырда кош айдап жүргөн элек. Эч калп айтпас такыба карыя биз жакка ашыга чаап келатканын көрдүк. Аты солуктап, өзү көргөнүн ашыга айтты:

— Көктөгү торгойдун сайроосуна каныып, жай бастырып, бейкапар келаткан элем. Жакын келип калыпмын. Даңгыр жолдун ортосунда кара чаар таяк типтик турат. Куурай дейин десем, ээн талаадагы жолго киши таяк саймак беле деп, тизгинимди жыйгычакты жаны калбай безелене сайраган боз торгой улам төмөндөп, бирок төмөндөгүсү келбей жанталашып, көтөрүлөмүн деп көтөрүлө албай, безелене-безелене тигил таякка жакындады.

1. Ал эмне болду экен? Таякпы же дагы башка нерсеби?
2. Окуя мындан нары кандайча уланат деп ойлойсуңар?

## II

Ал мага таяк болуп көрүнгөн, типтик көтөрүлүп торгойду арбап жаткан жылан экен. Менден башка киши болсо, тике барып, камчы менен бир салса, жыланды өлтүрмөк. Мен ал азизге жакын бара албаймын. Бала чагымда жылаңайлак келатып, ийрилип жаткан жыланды басып алып, катуу коркуп калгамын.

Эмне кыларымды билбей кармалып калганымда, боз торгой чырылдап-чырылдап, жыландын оозуна кептеле түштү! — деп карыя өкүндү.

Чоң эле кишинин жыландан коркконуна капа болдум. Өзү айткандай, тике барып, камчысы менен бир салса же чочутуп тоскоол болсо, байкуш торгой аман калат эле да.

Көкөлөп учкан канаттууга да ажал айттырбай келет тура.

Эстеген сайын ошол сайрап туруп жок болгон торгойго боорум ооруйт.

*Түгөлбай Сыдыкбеков*

1. Силер бул чыгармага эмне деп ат коёт элеңер?
2. Жылан болгон жакшыбы, же торгой болгонбу? Эмне үчүн?
3. Болор иш болду да, а эмнеге эстеген сайын эле боору ооруй берет? Силер буга кандай дейсиңер?

## ТОПОЗ МЕНЕН КАРЫШКЫР

Сапар койду алдыга,
Бышкан улар этинен:
— Бир окуя айтайын,
Чыга электе эсимен.

Билбей өлүү-тирүүсүн,
Кантип анан түңүлөм.
Көрдүм инек топозду,
Бир асканын түбүнөн.

Дайыны жок жоголуп,
Инек менен мамалак.

Таппай койдум үч күнү,
Тоонун койнун аралап.

Мамалагын жеймин деп,
Ач карышкыр куруптур.
Аны ташка бек такап,
Инек сүзүп туруптур.

Үч күн, үч түн карышкыр
Таш бетине жабышып,
Топоз жылбай туруптур,
Кабыргасы кабышып.

Энесинин жанынан,
Мамалагы кетпестен,
Эркин оттоп жүрүптүр,
Эч нерсени сезбестен.

Мен бөрүнүн өлүгүн,
Араң сууруп алганда.
Топоз жатып жарым күн,
Кайра кирген дарманга.

Мүйүз ташка кысылып,
Көк жал даңгыт карышкыр.
Эстен танып эндиреп,
Эчак өлүп калыптыр.

Ал мамалак бул күндө —
Топоздун эң семизи.
Алдыңарга төшөлгөн —
Ал бөрүнүн териси.

*Сооронбай Жусуев*

?!

1. Чыгарма жактыбы? Эмне үчүн андай деп ойлойсуңар?
2. Топозго кандай баа бердиңер? Эмне үчүн ал үч күн, үч түн карышып турду?
3. «Чоң атамдын айтканы» менен бул чыгарманын ортосундагы кандай байланышты, кандай өзгөчөлүктү байкадыңар?

## СҮЗӨНӨӨК ДОНДОШ

Күндөрдүн биринде Азиз сүзөнөөгүн жамаатташ коктудагы койчунукуна ээрчитип барды. Өзүнөн улуу Султан деген балага жолугуп:

— Мүйүздүү козуң барбы? Сүзүштүрөсүңбү? — деди козусун мүйүзүнөн кармап мактана.

Султан аны жактырбагандай, үнсүз башын чайкады. Азиз тигинин тоготпогонсуганына ызаланып кетти.

— Анда өзүңдү сүздүрөйүнбү? — деди эдиреңдеп.

Султан күпүйүп тончон, өтүкчөн эле. Ага ишенбей:

— Эр болсоң эле сүздүрүп көр! — деди.

— Анан ыйлабагын! — деп Азиз согуш жарыялаган немече кыйкырып, мүйүздүү козусун жүткүнтө Султанга тап берди:

— Качыр! Качыр!

Мүйүздүү Дондош текчейип кетенчиктей түшүп, кериле секирип бир сүзгөндө эле Султан кар таянды.

— Карма! — деп бакырды ал чындап коркконунан. Азиз Дондошун адатынча мүйүзүнөн

тутамдай карга матыган Султанга жанагыдан мактанычтуу эдирейди:

— Көрдүңбү? Ишендиңби?

— Кыйын экенсиң, — деди Султан сары тонунун жеңиндеги карын күбүй. — Эртең сүзөнөөгүңдү алып кел. Менде да мүйүздүү бирөө бар. Атам жайытка айдап кетти. Эртең короого алып калайын. Сүзүштүрүп көрөлү. Мунуң кудай ургандай күчтүү экен.

Жеңиштүү Азиз Султандан сөгүү эмес, мактоо уккан соң, макул болду. Сүзөнөөгүн аябай жемге тойгузду. Эртеси атасы короодон жандыктарды айдап чыгар замат Азиз сүзөнөөгүн ээрчитип, Султандын короосун беттеп жөнөдү. Султан аны жарым жолдон тосуп алды. Короого киришип, илгичин илди да, наркы бастырманын түбүнөн чыгырык мүйүз ак кочкорун айдап чыкты. Азиз аны көрүп, дароо мүйүзүнө илип кетчүүдөй кетенчиктеди:

— Алпар нары! Чоң кочкор тура. А меники кичине да, козу кочкор да.

Султан чуркап келип, Азизди колдон кысты:

— Коркпо, бул сүзбөйт. Карыган неме.

Чын эле ак кочкор басып кетти. Сүзүшүүнү каалабады.

— Чын эле, сүзөнөөгүмө баары тең багынып келатпайбы. Бул карыган немени деле качыраар, —деп ойлоду Азиз. Мүйүздүү боз Дондошун бошотуп, адатынча ак кочкорду карай тап койду.

— Сүз! Качыр! Багынт!

Азиздин Дондошу кочкорду боорго, жонго күрс-күрс чолуду. Кочкор адегенде этибар албады. Анан өтө ооруксунганда, чыдабай кетти окшойт, ачуулуу көздөрүн кызартып, жонун дүгдүйтүп, чыгырык мүйүзүн тосо бурулду.

— Ии, эми сүз, багынт!

Азиз кошулуп, Султан да мүйүздүү Дондошту кетенчиктетип туруп, көкүтүп тап беришти. Дондош ыраактан түйүлүп барып, түпкүчтөй ийилген карт мүйүзгө тикчигий мүйүзүн сайылта карс сүздү. Негедир карт кочкор менен жаш кочкорчо бөлүнүшө албай, тутакташа түшүштү.

**Эми эмне болот деп ойлойсуңар? Окуянын кандайча уланышын каалайт элеңер?**

## II

Шиштигий жаш мүйүз ийрилген куу мүйүзгө илинип калыптыр. Карт кочкордун ачуусу анык келген экен. Балдар чырылдап жеткенче кочкор сүзөнөөк Дондошту мүйүзүнөн илген боюнча бутун жерге тийгизбей бултактата түпкүчтөй башын тыяк-быякка булкуп, нары карай арыштай чуркады. Мына бир маалда боз козу «күп» этип ыргып барып жатып калды. Азиз чырылдап жетип барса, сүзөнөөк Дондоштун башы кызыл жаян кан, эки мүйүзү тең түбүнөн омкорулуп түшүптүр...

*Шукүрбек Бейшеналиев*

1. Бул окуяга ким күнөөлүү? Эмне үчүн?
2. Карт кочкор ушунчалык эле таш боор беле?
3. Ушундай козум болсо деп самайсыңарбы? Эгерде ушундай козуңар болсо, кандай кылып багат элеңер?

## КЕКИЛИКТИН УЯСЫ

Кечте отун көтөрүп,
Келип Бектур шаттанып.
Айылдагы балдарга,
Минтип айтты мактанып:

Кекиликтин уясын,
Таптым жүрүп таба албай.
Бирок жумурткаларын,
Азыр келдим алалбай.

Ак дакини байлаган,
Чыбык сайып келдим да —
Эртең ошол ууяны,
Оңой табар белгим да.

Тооктун жумурткаларын,
Көп жеп жүрүп жададым.
Кекиликтин жумурткасын,
Эртең жеймин карагын!

Биз Балтабек экөөбүз,
Сырыбызды жашырып.

Бектур айткан жерге биз,
Таңда жеттик ашыгып.

Ак дакилүү чыбыкты,
Башка жерге сайганбыз.
Биз Бектурду уядан,
Адаштырып салганбыз.

Жумуртканын бардыгы,
Эчак болуп кекилик.
Эркин сайрап жүргөндүр,
Таштан-ташка секирип.

*Сооронбай Жусуев*

1. Ыр жактыбы? Эмне үчүн?
2. Ырдан кекиликтер жөнүндө эмнелерди билүүгө болот?
3. Тигил балдардын ордунда силер болсоңор кандай кылат элеңер?
4. Бул чыгармалардын «Жаныбарлар дүйнөсү» деген бөлүмгө кандай тиешеси болушу мүмкүн?

## КЫЯЛБЕКТИН ЖОРУГУ

Кыялбек чын эле кызык бала. Кээде бар эмеспи, ойго келбеген бир окуяны айтат да турат. Биз болсо анын аңгемесин угуп, жоругуна таң кала беребиз. Бир күнү биз киринип жүрчү өзөндүн боюнда отуруп, аңгемесин минтип баштады:

— Мен туула электимде бака болгонмун, — дейт.

— Абдан чоң бака. Ошон үчүн көзүм да тостоток, баканыкындай болуп. Өзүңөр деле байкап

жүрсөңөр керек, секиргенде баарыңардан озуп кетем. Минтип... минтип...

Бир топ жерге чейин секирип барат да, анан тып токтой калып, жаагын чулчуйтуп, колун оозуна тосуп, «квак-квак» деп чардап жиберет.

— Ушинтип чардап жатсам, — дейт ал, — силерге окшогон балдар таш менен ургулап киришчү жабалактап. Эгер тийсе, жаман болмокмун. Коркконумдан «чулп» этип сууга секирип кетчүмүн да, аркы жээкке сүзүп чыгып, жашыл шалбааны аралап кетчүмүн. Дарактар өтө бийик болгондуктан, анын учуна көзүм да жетчү эмес. Бирок жашыл шибер ажайып кооз эле. Айрыкча жамгыр жаап өткөндөн кийин араласаң, шибердин муздак мөлтүр тамчылары денеңе тийип, жаныңды сергитет. Кызыл-ала гүлдөрдү тостоюп көпкө тиктеп тура берчүмүн. Чөптүн арасындагы курт-кумурскалар мени ачка койчу эмес.

Менин аябай корккконум илегилек боло турган. Эгер төө жалбырак, аткулак дегендериң болбосо бар эмеспи, анын кылычтай тумшугуна илинип калмакмын да, азыр менин таптакыр дайным болмок эмес.

— Калп! — дейт Чынара анын сөзүн бөлүп кызаңдап. — Сен бака болгондо ушул суудагы суу жыландар эчак эле сазайыңды бермек!

— Ал айтканың чын, — дейт Кыялбек терикпей. — Мен анын айласын тапчумун. Кантип дейсиңби? Мен тигил бакаларга окшоп жыланды көргөндө артымды салып качып берчү эмесмин. Тике маң-

дайынан чыкчумун да, жута турган болгондо жыландын оозуна чап жармашып, үйлөп-үйлөп жиберчүмүн. Байкуш жылан жарылып жатып калчу.

Чынара да, биз да ушундан кийин эмне дээрибизди билбей калчубуз.

— Эми,— дейт ал сөзүн кайрадан баштап,— карылыгым жетип, таятама окшоп өлгөнүмдө, күчүк болуп алам. Антпесем чыдай ала турган эмесмин. Эгер күчүк болсом бар эмеспи, мага окшогон неберелерим мени ушул өзөнгө ээрчитип келишет. Өзүбүздүн өзөндөн эч кайда ажырагым келбейт. Дайыма ушул өзөндү бойлоп жүрө эле бергим келет. А кышында болсо, мени Алгырымды жаткыргандай кылып, жылуу жерге жаткырып коюшат.

— Койчу!— дейт Садык жактырбай,— андан көрө чабалекей же торгой болгон жакшы эмеспи. Каалаган жагыңа учуп бара бересиң, самолёттун да кереги жок.

— Чабалекей болгон кыздарга гана жарашат. Кыздар, силер чабалекей болуп алсаңар болот. Анткени силер мышыкты сылап-сыйпап жакшы көрөсүңөр. Мен болсо мышыкты аябай жек көрөм. Далай жолу жөжөлөргө кол салганда, сазайын бергем. Мен чабалекей болсом, алар менден өч алып, мени тытып ташташы мүмкүн. А мен болсо мышыкка тытылгым келбейт. Торгоюңдун болсо көргөн күнү кыйындап келет да, уяңды астын-үстүн кылат. Анан калса, азыр бардык жерде үрөндү дарылап туруп себишет. Ан-

дан бирди чокуган болсоң, бул дүйнөнү экинчи кайра көрбөйсүң. Азыр болсо кайра эле бака болгум келип турат,— дейт да, сууга секирип түшүп чумуп кетип, көпкө чейин көрүнбөй калат. Тынчы кеткен Садык Кыялбекти суудан алып чыгат да:

— Эмне, өлгүң келеби?— деп уруша баштайт.

Тиги болсо:— Эми бака болоюн дедим эле,— дейт энтигип.

Ушул окуядан кийин Кыялбектин айтканына шектене албай кетчүбүз да, ага болгон аёо сезимибиз күч алып, жаратылыштагы жан-жаныбарлардын баарына боорубуз ооруп, ойго батып, үнсүз гана теребелди тиктеп, ойлуу отуруп калчубуз.

*Амангелди Мисиров*

1. Кыялбектин айтканы силерге жактыбы?
2. Ал чын эле мурда бака болгонбу? Болбосо эмне үчүн секиргенде баарынан озуп кетет, бакача чардай алат, өзөндү жанындай жакшы көрөт?
3. Эмнеликтен ал чабалекей же торгой болгусу келбей, күчүк болгусу келет экен?

## ЖЫЛКЫЧЫ ЧЫМЧЫК

Жылкычы чымчык кичине,
Киришиптир ишине.
Кадимкидей күн ысып,
Бирде конуп, бирде учуп,
Үйүр болуп кишиге.

Чымчыктардын сулуусу,
Койкоюп кооз турушу.
Бирин-бири аяшып,
Жардамдашып карашып,
Иштесе көп жумушу.

Элеңдеген караныл,
Тумшугу менен таранып.
Кир жугузбай денеге,
Тыбыт жүнү агарып.
Кармай албай койсок да,
Дос болууну самадык.

*Муса Жангазиев*

1. Кандай экен жылкычы чымчык?
2. Эмне үчүн чымчыктардын сулуусу дейт?
3. Эмнеге дос болууну самадык?
4. Жылкычы чымчыкка карата табышмак жаратсак болобу? Аракет кылып көрөлү.

## ТУРУМТАЙДЫН ТУЙГУНУ

Бир жылы кара таруу эктик. Чачылып мыкты чыкты. Дан алганда атам төрт жерине кишинин кейпин келтирип, «каракчы» койду. Ал түнкүсүн кудум корукчу тургандай көрүнөт. Канаттуулар айдалган аштыкка анча даай албай окчуңдап учат. Бирок, таруубуз саргарып бышып келе жат-канда таранчылар топ-тобу менен дүрт берип учуп келип, каптап, түшүмдү колдон талашып,

айла-амалыбызды кетирет. Аны коруй берип, эртели-кеч аябай суй жыгылчу болдум. Айдоого себилген үрөндү да терет. Ошентип, ал жылы ойдогудай болуучу түшүмдөн кол жууп калдык. Атам: — Сени карап тур, жаз келсин! Көгүчкөн — Уюкта турумтайлар уялачу эле, балапанын үндөктөп албасак. Мен жаздын келишин чыдамсыздык менен күтүп жүрдүм. Жан-жаныбарлар ойгонуп, өз тиричиликтерин алып баруучу жаз да келди. Бир күнү: — Ата турумтай уялаган жерге качан барабыз? — дедим. — Коё тур, уулум, алар уяларын жаңыдан салып жатат. Азыр жумурткалай элек. Таруубуз баш алган чакта алардын балапандары талпынып, учура турган учуру болот. Ошондо сени ала барам, — деди.

Турумтай жумурткаларын кичине кечирээк басып чыгарат экен.

Менимче жай айы ооп бараткансыйт. Эгин тегиз баш алды.

Атам мени атына учкаштырып, баягы айткан мерчемдүү жерине келди.

Куш көбүнчө бутактуу дарактарга уялайт экен.

Бир турумтай келип, кайра кайкый учуп, көздөн кайым болду. Атам мени аттан түшүрүп, өзү атын байлады.

Уялуу даракка жакын басып келип:

— Уулум, сен чык, балапанын көрчү, — деди.

Анан: — Сак бол, тиштеп алат, — деди.

Үч балапандын баштары чыгып, тумшуктары оруктой ийрилип, менин чоочун экенимди сезди. Сезип, жалтайлай түшүштү.

— Канчоо бар экен? — деп атам сурады.

— Үчөө ата.

— Канат куйруктары жетилиптирби?

— Учаарына аз эле калыптыр. Айтаарын айтып алып, калпычы болдумбу, — деп уялып кеттим.

— Аа анда жакшы. Кыраан чыгат экен. Турумтай бешти да чыгарат. Мыктылары үчтөн ашырбайт. Мен колума тийгенин мүштөктөй кармап ылдыйга карап.

— Ата канчасын алайын? — деп сурадым.

— Азырынча бирөөсүн эле ал, — деди. Келээрибиз менен ак кайыштан боо тактык. Боз үйүбүздүн артына кичинекей жер үй жасап, арчанын бутактарынан туур кылдык. Кыраандын тукуму эмеспи. Айбат кылып, карааанды анча сүйбөйт, канат куйруктарын үрпөйтүп, шаңшыгансыйт. Колумду жакын алып барсам чокуп алгыдай. «Сен мени эмне кармап келип капаска койдуң?» — дегенсип, мени эки-үч күнчө жактырбай, жаалданып турду. Биринчи күнү жемди карабай койду.

Тим коё тур, ток көрүнөт. Минтүү кыраан куштардын адаты. Кара мүртөзү кармап жатпайбы! Эртеңге чейин эч нерсе көрсөтпө. Ачкадан өлбөйт. Бу каапырдын мүнөзү кыргыйдан кем эмес. Үндөккө манчыркап кирет. Таптоосу жарашкандан кийин эр болсо, боз куштарың айдаган аштыгыбызга кирип көрүшсүн!? Чымчыкпы, таранчыбы, жылкычы чымчыкпы буюрганына тузак тартам. Аттын туу куйругунан

алам да эки-үч кабатынын учун көзөнөктөп күрмөп байлап, бир четин ага киргизип, шакек өңдөнтүп коём. Мына ушундай шакекчеден ончактысын ичке жыгач казыгы бар керме шоонага тизем да, ат акырына жакын жерге коюп, таруу, буудай, арпа, улпак, акшак өңдүү аштыктарды сээп коём. Чымчыктар учуп келишет. Жем теришет. Бир мезгилде дүрт этип көтөрүлгөндө бирден-экиден кыл тузакты үзө бутунан же моюнунан илинип тырпырайт. «Кекиртек, далай жерге секиртет»,—дегендей. Канчалык менден таарынбасын, экинчи күнү алдына алып барган чымчыктын жарты этин чокумакчы болду. Атам айткандай туу-туу—деп чакырам. Кийин «туу-туу-турумтай, туу-туу турумтай»—деп үйрөттүк. Көрсө, жем жегени—үндөккө кирем дегени тура. Биз бир аз сүйүнүп калдык. Арадан бир апта өттү. Күнүгө жаңы эт жейт. Кыраандын кылык-жоругу чыгат. Канат-куйруктары чоң турумтай сымалданып, чалгындары берки кыраандардай анча узун да эмес, талпынса тегерек тартып, бой керүүдө. Кушка жемин эми колдон көрсөтөм. Ал талпынат. Ал жылы кыраанды ууга алып чыга албадык. Жыл айланды. Ийри тумшуктуулардын ичинен Турумтай бактектен кичирээк көрүндү. Өзү тогологураак келип, буттары кыска болду. Турумтай үчүн бир чымчыктын эти эки күндүк азык экен. Өзүнчө кан чокугусу келди го, чымчыкты тырпыратып... Сапырылып, туур ичи жүнгө толду.

—Түлөгү түзүк болуптур. Эми турумтайыңдын этин көтөр,—деди атам. Жырткыч куштардын «тилин» мүнөшкөрлөр гана билет. Кийин турумтай тузакка түшкөн чымчыктарды тирүүлөй алууга көнүктү. Атам мээлейин кийип, кол башына кармап туруп:

—Эми балам ууга алып чыксак болот. Бак дарактарга жашынып туруп, аңдып барып, көздөгөн уусун алат. Баарынан кызыгы, турумтай турган жерде баягы колдон талашкан топ боз чымчыктар кайда кетти?! Турумтайдын кырааны-туйгун экенин кийин билдим.

1. Эмне үчүн бала турумтай бакты?
2. Ага ким жардам берди?
3. Атасы жардам бербесе канаттуулардын сырларын бала билер беле?
4. Бул канаттуу балага кандай жардам берди?

## АЙБАНДАРДЫН ТАЛАШЫ

Уй, ат, ит өздөрүнүн кимисин ээси жакшы көрөрүн талашышат.

—Албетте, мени,—деди ат.—Анткени буурусун менен талаасын тартып берем. Токойдон отун алып келем. Өзү болсо мени минип алып, каалаган жагына барат. Менсиз анын күнү өтпөйт.

—Андай эмес, ал мени өзгөчө жакшы көрөт,—деди уй.—Мен анын бүтүндөй үй-бүлөсүн сүтүм менен багам.

— Жок, мени, — деди ит ырылдап, — Мен анын бардык мал-мүлкүн кайтарып берем.

Эртеден бери алардын талашын угуп турган кожоюн акырын басып келди да, мындай деди:

— Болбогон талашыңарды койгула. Силердин ар бириңер өз кызматыңар менен баалуусуңар, ошон үчүн мага керексиңер!

## Бөлүм боюнча суроолор жана тапшырмалар

1. Бөлүмдө берилген аңгемелер аркылуу кайсы жаныбарлар менен тааныштыңар? Алар менен өзүңөр үйдө бага турган жаныбарларды салыштырып айтып бергиле.
2. Аңгемелерде сүрөттөлгөн жапайы жаныбарларды көргөнсүңөрбү? Алардан тышкары дагы кандай жаныбарларды билесиңер?
3. Уй, ат жана иттерди эмне үчүн үй жаныбарлары деп атайбыз? Алар бизге кандай пайда келтирет?
4. Өзүңөр жактырган жаныбарлардын бири жөнүндө дилбаян жазгыла. (мисалы, «Ташчайнар», «Кулунум» сыяктуу).

# РУХАНИЯТ — ЖЕҢИЛГИС КҮЧ!

Биз байыркы адебибиз, ыйманыбыз менен нарктуу-барктуу элбиз. Эми ачык айтуу, ак сүйлөөнүн кезегинде динибиз да, тилибиз да, өнөрүбүз да өзүбүздүн колубузга тийген учуру. Муну бөпөлөп, аздектеп өстүрүп сактап калуу ар бирибиздин парзыбыз. Адеп, ыклас-ыйман, маданият, уят-сыйыт, эстүүлүк, сылыктык өңдүү сөздөрдүн мааниси терең. Булар биринин маанисин бири толуктайт. Баары биригип келип, адамды туура жолго чакырат жана жалпысынан руханият деп аталат.

Жакшы окуп терең билим алууга, өнөрүбүздү өркүндөтүүгө шарттар түзүлүп жатат. Эми бизге ушул шарттардан туура, үнөмдүү пайдалануу жоопкерчилиги турат. Меймандостугу, жоомарттыгы, байыркылыгы жана эр жүрөктүүлүгү менен дүйнөгө таанымал ата-бабаларыбыздын үмүттилегин актаган болобуз.

Бар менен жокту, ач менен токту, бүтүн менен жыртыкты, адал менен арамды, ак менен караны айра таанууда руханияттын орду зор. Андыктан адептүүлүк аркылуу жакшы адам болуп жетишүү мүмкүн.

1. Руханият дегенде силер эмнени түшүнөсүңөр?
2. «Руханият — жеңилгис күч» деген темада дилбаян жазгыла.

## ДАСТОРКОН ҮСТҮН СЫЙЛОО

«Адамды алдап болбойт тамак менен,
Акылды өлчөп болбойт кадак менен.
«Казаның карк эмес» — деп таарынбайбыз,
Күтүп ал, жаркылдаган кабак менен», — деген экен Аалы Токомбаев.

Дасторкон — ошол үйдүн сыймыгы, бактысы. «Дасторкону кандай экен?», «Жайыл дасторкон», «Кең дасторкон, келбери кеме», «Дасторкону кууш» өңдүү баалар кайнаткан казанына байланышат. «Куу казан», «Май казан», «Анын казаны толо кайнабайт» сымал сөздөр айтылат.

Даам татуу-даам таттыруу да пейилди билдирет. Ошентип, бирөөнүн дасторкону сизди сыйлоонун аракетинде болот. Илгеркилер, сыйдын да, сыйлоонун да кадырына жетүүчү, жарпын жазышып, жадырап-жайнап, дасторконго койгонун барктоочу. Азы-көбүнө ыраазы болуучу, үй ээсин урматтоочу. «Бул дасторкон биз үчүн болуп жатпайбы?» — деп, каниет салуучу, топук тилөөчү. Атайын жайылган дасторкондор, капыстан жайылган дасторкондон айырмаланганы менен, анын четинде отургандар бирдей бааланат. Анткени анда үй ээсинин ак пейили, ниети, астейдил ызааты чөгөрүлгөн. Азыр да ошондой мамиледе болобуз. Көңүл куунак, дүнүйө түгөл отурабыз.

1. Апаңар мейманга дасторкон жайса жардам бересиңерби?
2. Дасторконго ким биринчи кол узатат?
3. Ачыл дасторкон дегенде эмнени түшүнөсүңөр?

## КОНОК АЙТТЫРУУ

«Коноктон түк бир жадабас,
Колунда барын аябас.
Кыргыздын тоодой пейили бар,
Толкуган көлгө чамалаш»

— деп конокко, аны күтө билген меймандос элибизге мүнөздөмө берген экен акын Байдылда Сарногоев.

Конок күтүү — кыргыздын сыймыгы, мейман келип турган үй кут түшкөндөй сезилет. Жети адам келсе бирөө Кызыр дейишкен аксакалдар. Конок айттыруу ошол үйдүн тамагын эңсөө. Анын бардарчылыгын, кенен дасторкон, кең пейил экендигин баамдаткан. Демек, конок-аякты ойдогудай тосо алаарың, анын салттуу жана нарктуу, адамды өзүнүн сыйы, суктанаарлык касиети бар экенин көрсөтөт.

Уяттуу меймандардын баркына жете алуучу, ошол айылды уят кылбоочу, дасторкон үстүнөн тап жылдырбоочу касиетин билдирет. Кулактан кулакка айтылып келе жатканына караганда Кочкор жергесинде тогуз жүз кызыл койлуу Токсобай деген байдын үйүнө жүз адам менен болуш-бийлер келип түшөт.

Болуш байга карап: — Жүз адам келип отурабыз, ушунча элди коноктой аласызбы? — дейт. — Жүзүң эмес миң адамды коноктоо биздин парз. Туу кал-

ган бээ союп берейин жетеби? Меймандар баса отуруп калышат. Батымдуу болууга бай эки боз үйдү катар көтөртө коёт да, аларды ошого кийирет. Катар кемегелер казылат, казандар асылат. Айыл адамдары конок үйдөн тап жылышпайт. Санжыра айтылып, кеп сандыктын оозу ачылып, ойдогудай конок болуп, аттанып кетишет.

Конок айттыруу — кээде ошонун дасторконун сыноо. Коноктой алабы, кабак-кашы кандай, муну сыноо. Үстөккө-босток конок айттырса да, кыргыз эли сыр билдирбеген. Мейман күтүүдөн тап алдыруучу эмес. Бастырттап конок айттырган учурларда да кыргыз пейили өзүнүн намысына, ата тегине, уругуна, элине, жерине сөз тийгизбей, ыйманын ичине сактай алган.

1. Конок дегенде эмнени көз алдыңарга келтирдиңер?
2. Силер конокко баргансыңарбы?
3. Конокто кандай жандыктар союлат экен?

## АКЫЛМАН КАЗЫ

Кайсы бир жылдары бир жигит алыс сапарга жүргөнү жатып, коңшу чалга: «Мен келгенче катып коюңуз», — деп аманат кылып, жүз сом акчасын таштап кетет. Арадан бир топ жыл өтөт. Жигит сапардан кайтат. Баягы аманат калтырган акчасын чалдан сурайт. Чал каратып туруп:

— Балам жаңылып жатасың, мен сенден бир тыйын алган эмесмин, — деп акчасын бермек турсун танып коёт.

Жигит айыл ичиндеги жакшы санаалаш кишилерине кеңешсе, казыга бар, казы алып берет, деп кеңеш беришет. Ошентип казыга барып жигит болгон окуяны айтып берет. Эртеси чалды чакыртып:

—Кана эми, карыя, кудайың төбөңдө турат, чыныңды айт. Мынабу жигиттин акчасын алдың беле? —деп сурайт.

—Туура айтасың, казы балам, кудай өзү көрүп тургандыр, жарым тыйын алган эмесмин. Сакалдуу башым менен кантип калп айтайын, —деп карганып да жиберет чал.

—Сен акча бергениңде көргөн күбөң барбы? —деп сурайт казы.

—Жок, казым, —деп жооп берет жигит.

Деги сен бул чалга акчаңды кайсы жерден бердиң эле?

—Мына бул жакта бир терек бар. Ошонун жанында туруп бергем.

—Эмесе, ошол теректи суракка ээрчитип алып келгин, —деди казы.

—Урматтуу казы, теректи кантип ээрчитип келүүгө болот...

—Келет! Мына мобул мөөрдү ага көрсөтсөң келет. Баргын, —деп казы жигитке мөөрүн берип терекке жиберет. Жигит катуу капа болуп сыртка чыкты. Кантип эле теректи алып келүүгө болсун. Ал эми чал: «Менин ишим оңунан чыкмак болду. Терек да казыга келчү беле, күлкүнү келтирет», деп сүйүнүп отурду.

— Карыя, айтыңызчы, жанагы жигит терекке жетип калдыбы? — деп капысынан сурап калды.

— Жок, али жете элек, — деп чал токтолбостон жооп берди. Арадан бир саат өткөндөн кийин казы дагы сурады чалдан.

— Эми жеттиби карыя?

— Жетип калды көрүнөт, — деди чал, эч нерседен капарсыз.

Арадан дагы бир топ убакыт өткөндөн кийин казы үчүнчү жолу:

— Жигит бери кайтып калгандыр, ээ карыя? — деп сурады. Кайтып калды, — деп чал дагы жооп берди эч капарсыз. Бир кезде жигит капалуу кирди да, казынын мөөрүн берип:

— Мөөрдү терекке кадап койсо да, сиздин алдыңызга келе турган эмес, казы — деди.

— Келди капкачан келип кетти, деп казы жылмайды.

— Качан? — деп чал чочуп кетти. Келсе мен көрбөйт белем. Казы чалга тигилип туруп, жай гана айтты.

— Мен сизге үч жолу суроо бердим: биринчисинде «жете элек» деп жооп бердиңиз. Экинчисинде «жетип калды» дедиңиз, үчүнчүсүндө «кайра тартып калгандыр» деп жооп бердиңиз. Чынбы? — деп чалдан сурады. Чал үн сөзсүз башын ийкеп жиберди.

— Эгер ошол теректин жанынан бул жигиттен акча албаган болсоңуз, анда теректин кайсы жерде, ага жеткенче канча убакыт керек экенин,

жигиттин терекке жетип, кайра тартканын кантип билдиңиз?

Чал үнсүз шалдайып отурду. Күнөөсүн мойнуна алып, казыдан, жигиттен кечирим сурап, акчасын берген экен.

1. Жигит кимге эмне аманат калтырат?
2. Чалдын алдаганы туурабы?
3. Казы болбосо аманатын алар беле?

## АКЫЛДУУ ЧАЛ

Байыркы бир заманда бир кан болгон экен. Ал кан өз буйругуна:

— Кырк жаштан жогорку адамдардан акыл-эс чыкпайт, алардын баштарын алып, кырып таштагыла — деп киргизип кырк жигитине тапшырат. Кырк жигит туш-тушка чыгып, жашы кырктан өткөндөрдү эркек дебей, аял дебей баштарын ыргыта чаап кете беришет. Ошондо бир бала атасын чоң сандыкка салып катып коёт.

Кырк жаштан жогоркуларды кырып бүткөндөн кийин кан:

— Бир кадактан кара курт таап келесиңер! — деп элге салык салат. Эл болсо кандын салыгын табалышпай абдан кыйналышат. Бала бир күнү атасына кандын салыгын, аны эл таба албай кыйналып жаткандыгын айтат. Атасынан кантип табыш жөнүндө акыл сурайт.

— Өлгөн старчындын мүрзөсүн ачкыла. Коркпой эле ача бергин. Ошол мүрзөнүн ичи кара куртка жык толгон. Ошондон бир идишке салып баргын

да, кандын салыгынан кутулгун, — дейт атасы. Атасынын айтканы боюнча эч кимге билдирбей бала өлгөн старчындын мүрзөсүнө барат да, аны ачат. Мүрзөнүн ичи үймөлөктөп жаткан кара куртка толтура экен. Андан сузуп бир кадак куртту канга алпарып берип, салыгынан кутулат. Кан дагы бир жылдан кийин мурункудан эки эсе кылып кара курттан дагы салык салат. Эл дагы кыйналышат. Бала болгон ишти атасына айтып, андан кеңеш сурайт.

— Эми эч кимге билдирбей туруп болуштун мүрзөсүн ачкын. Анын мүрзөсүндө толтура кара курт бар. Ошондон берип салыгыңдан кутулгун балам, — дейт атасы. Бала атасынын айтканын аткарат. Мүрзөдөгү кара курттан алып барып берип, кандын салыгынан кутулат. Күндөрдүн биринде кан:

— Биз баарыбыз башка конушка көчөбүз. Бул шаар бизге мекен болбой калды, — деп шаарын таштап, элин башка жакка көчүрө баштады.

Эл көчүп жүрүп олтурушуп, узак жолдо абдан чарчашат. Бала сандыкты ачып, атасына: — Ата, эл узак жолдон абдан чарчашты. Эмне кылабыз? — дейт.

— «Канды кара көпөлөк айдады» деген ошол болот. Элдин артында «көч-көч» деп, тилин салаңдатып төрт көз кара ит келе жатат. Кара көпөлөк деген ошол. Кара көпөлөк төрт көз итти атып таштагын, ошондон кийин эл көчпөй калат, — деп кеңешин айтат атасы. Бала артта келаткан итти атып таштайт. Баягы албырап-салбырап көчүп бараткан

элдин көчү токтоп, жай алып жатып калат. Эч жерде суу жок болгондуктан, эл суудан кыйналышат. Эми бала атасынан сууну кантип табуу керек, деп кеңеш сурайт.

— Бүт уйларды чогултуп алып талаага айдагын. Алар суу чыга турган жерди буттары менен чыпчылайт, өкүрүшөт. Ошол жерди казсаңар суу чыгат, — деп атасы кеңеш берет.

Бала көчкөн элдин уйларын чогултуп алып талаага жайып чыгат. Суусаган уйлар бир жерди барып чапчылашып мөөрөшүп тегерене беришет. Кишилер жалпы келип ошол жерди казышса суу атырылып чыгат. Эл да, мал да суу ичип жыргап калышат. Кан баланы чакырып: — Сен эл таба албаган нерсени кантип таап жатасың? Бул өз акылыңбы, же башка бирөөнүн акылыбы? Сени эч айыпка тартпаймын, эгер башка бирөө айтса, аны да жашырбай айткын, — деп сурайт.

Бала чынымды айтсам атамды же мени бир балээ кылабы деп чочуп миң ойлонот, миң толгонот. Бирок тобокел кылып чынын айтат.

— Сиз кырк жаштан жогоркуларды кырдырганда, мен атамды сандыкка салып катып койгонмун. Сиздин кара курт салыгыңызды табууну, токтобой көчүп бараткан көчтү токтотууну, сууну кантип табууну бүт баарын атамдын акылы менен жасадым, дейт бала.

Кан жигиттерин жиберип, баланын атасын алдырат. — Мен кырк жаштан жогоркуларды бекер кырдырган экенмин. Акыл карыдан чыгат турбайбы, аны мен билбептирмин. Эми аксакал, сен

мага мүрөктүн суусун таап бергин, — деп баланын атасына айтат.

Чал эки чаначты алып, канды ээрчитип, мүрөктүн суусун издеп жөнөйт. Бир тоого барып, анын бир аскасынан тамчылап турган сууну көрөт. Мүрөктүн суусу ушул деп, эки чаначты тосуп, ага толтуруп алып, кайра кайтат. Алар бир теректин түбүнө келип аттарынан түшүп эс алышат. Теректин түбү былкылдап сазга окшогон жер экен, кан чалдан:

— Бул эмне болгон жер. Же катуу эмес, же бут батып кетчү саз эмес, бир башкача жер экен — деп сурайт.

— Бул жер эмес, каным. Бул мүрөктүн суусун ичкен адам. Нечен кылымдан бери жатып, көлкүлдөгөн көк чанач болуп калган, — дейт чал.

— Кокуй, чаначтагы мүрөктүн суусун төк! — деп кан коркуп кетет. Чал мүрөктүн суусун талаага төгүп кор кылбайын деп, арчанын түбүнө төгөт. Ошондон кийин арча жайы кышы он эки ай бүт көгөрүп калган экен. Ал эми кан ошондон баштап кары адамдарды сыйлап, урматтап алар менен кеңешип иш жүргүзчү экен.

1. Акылдуу чалды өлүмдөн ким сактады?
2. Аны эмнеде бекитип жүрдү?
3. Бала атасынан пайдаландыбы?
4. Элди түрдүү кыйынчылыктардан ким сактап калды?

# ТОЛУБАЙ СЫНЧЫ

Илгери бир кан казатка аттанмакчы болуп «Жылкыдан ким тулпар тапса, каалаганын берем, эгер жаңылса, анда эки көзүн ойдуруп салам» деп жар чакыртат. Муну уккан элден эч бир сынчы чыкпайт. Кандын жигиттери сынчы издеп барбаган жери калбай, чарчап-чаалыгып келе жатышса, жардын түбүндө бир чал алдына аттын куу башын коюп алып: «Сенин тулпардыгыңды ким билет, менин сынчылыгымды ким билет?» — деп күңгүрөнүп ыйлап отурганын көрүшөт. Кандын вазирлери чалды канга алып келишип, талаадан уккан сөздөрүн канга айтып беришти. Кан абышканын ал-жайын сурал отуруп: «Сынчы экендигиң чын болсо, менин жылкыларымдын ичинен тулпар таап бер, эгер жаңылсаң көзүңдү ойдурам!» — деп шартын коёт. Эртеси сынчы менен кан жана анын жан-жөөкөрлөрү катар отурушуп, алдыларынан жылкыларды бирден чубатып айдатып өткөрүп жатты. Түмөндөгөн кандын жылкылары туура үч күн бою чубатуудан өттү. Эчен күлүктөр менен тулпарлардын ичинен бири да сынчынын купулуна толбоду. Андан соң падышага караштуу элдердин жылкыларынын баары чубатууга салышты, бирок бири да сынчыга жакпады. Акыркы болуп үстүнө жибектен үртүк жабылган кандын жеке тулпарлары, күлүктөрү өттү эле, кан сынчыга карап: «Буларга эмне дейсиң сынчым?» — деп сурады. «Булар тулпар эмес», — деген сынчы башын чайкап.

Ошентип сынчынын сынынан өтпөгөн бир да жылкы калбайт. Сынчы бирин да жактырбай тура берет. Ошондо кандын ачуусу келип: «Эми кимдин аты калды?» — деп жар салдырат. Кандын вазирлери: «Бир кедей байкуштун жону бүтүндөй жоор, жаман сары-чаар аты калды, деп жооп беришет. Жини келген кан: «Ошону да алып келгиле!» — деп буйрук берет. Жигиттери жаман чаарды жетелеп келишет. Жонунун кырк жеринде жоору бар чаар ат араң басып алдыларынан өткөндө, сынчы кубанганына чыдабай: «Каным — мына тулпар!» — деп кыйкырып жиберет. Мени шылдыңдап жатат деп ойлогон кандын ачуусу келип: «Мени шылдың кылган наадандын көзүн оюп салгыла!» — деп буйрук бериптир. Желдеттерге эмне, кандын буйругун аткарышат. Толубайдын эки көзүн оюп салышат. Ошондо Толубай кан чубурган көзүн басып туруп: «Каным, жарлыгың бир, бирок көзүмдүн кунуна ушул чаарды бериңиз? — деп сурайт. Кан болсо, чаарды бергиле деген белги берип, басып кеткен экен. Толубай жаман чаарды жетелеп кемпирине барат, баягы атты кырк бир күн жердин алдына баккан дейт. Өлчөөсү менен жем берип, убагы менен сугарып, кырк бир күн дегенде алдына кемпирин мингизип, артына өзү учкашып бастырып чыгыптыр. Ошондо кемпирине айтып, сейилдеп келаткан кандын алдына атынын оозун тарттырып туруп: «Ээ каным, баягы жаман чаар атка жигит болсоң жетип ал эми!» — деп аттын оозун коё бердирген экен. Кан ыза болуп, сан

жигиттери менен кубалап чыгыптыр. Бирок кан «тулпар» деп жүргөн аттары караандабай кала берет. Толубайлар жүрүп отуруп, бир күндүк жерге келгенде, алда кайдан бир аттын дүбүртү угулат. «Кандай ат экен?» — деп кемпиринен сураганда «Керчунак деген ат көрүнөт», деп кемпири жооп берет. «Аны кудай ала койсун, жука мээ арам көрүндү эле, тизгинди күнгө тарт», — дептир. Кемпири күнгө тартып жөнөй бергенде, Керчунактын мээ-сине күн өтүп, алда кайда кала берген экен. Экинчи күнү дагы бир дүбүрт чыгат. Толубай биле коюп: «Бул кайсы тулпар экен?» — деп сурайт. «Керкашка деген тулпар окшойт», — деп кемпири жооп берди. «Аны кудай ала койсун, жука туяк неме көрүндү эле, таштакка тарт, — деди. Айтканындай керкашка бир аз эпкиндеп келип, анан ташыркап баспай калды.

Булар үч күндүк жерге жеткенде, таң алдында жана бир укмуштуу аттын дүбүртү чыгат. Толубай: «Бул кайсы тулпар экен?» — дегенде, кемпири карай салып: «Телкызыл деген тулпар окшойт», — деп жооп берет. «Анык тулпардын бири ушул Телкызыл көрүндү эле, өзү үч асый жашы бар. Сырт жагында айыбы жок. Бирок буга мактоо жарашпайт. Бардык жагы келишкен менен мактоо көтөрө албай турган көрүндү эле, аттын башын тике маңдайга тарт, мактоо салайын», — деди Толубай. Кемпири аттын башын бурар замат. Толубай: «Ай жаныбарым ай, сендей да тулпар туулат экен ээ. Сынынды кара, сымбаттуу көркүндү кара,

не деген тулпар? Жарыктыктын чуркашы ай! Пай-пай-пай», — дегенде Телкызыл чуркай албай кала берди. Телкызылды минген кандын өзү экен. Ошондо Толубай бурулуп келип: «Каным, эч жеринен айыбы жок тулпар таап бер дегениңди эки кылбай таап бергенимди билбедиң. Тулпар кадыры менен сынчы кадырын билмек кайда! Шерт мойнуңда, кайыр элде», — деп аттын оозун коё берген экен.

Акыры анын чаар тулпары жерди бүт айланып анан кыр ашып, бир деңизге түшүп өлгөн дешет. Элибиздеги «Толубайдай сынчы бол, Токтогулдай ырчы бол» деген ылакап ошондон калыптыр.

?!

1. Балдар Толубай сынчы жөнүндө дагы эмнелерди билесиңер?
2. Кандай адамды сынчы деп айтат экен?
3. Бардык аттар да тулпар боло алабы?
4. Кан Толубайдын көзүн ойдуруп салып туура кылдыбы?

## ЧОҢ АТАМДЫН КОМУЗУ

Мына, мына өрүк комуз,
Чертип кирди чоң атам.
Комузунан мукам добуш,
Тарап жатты карасам.

Козу, улак, музоолор да,
Эрбең-эрбең бийлеп,
Кошуламын мен аларга,
Колду сунуп түрлөп.

Кубулжутуп барган сайын,
Толкуп чертти чоң атам.
Бутум, колум ийик болду,
Чимирилет байкасам.

Эргип улам бийлей бердик,
Туш тарапты карап,
Боз үй, мамы, казыктар да,
Бизди туурап калат.

Болду, болду деп кыйкырсак,
Эргип чертти чоң атам.
Кызып чертет кол ойнотуп,
Мукам добуш жаңырып.

Эң кызыгы окуянын,
Колго сузгу кармап.
Чоң энем да бийлеп кирди,
Баарыбызды жандап.

Бир кезекте болду тыным,
Кылы үзүлдү комуздун.
Шалак-шалак сулк жыгылдык,
Дайыны калбай добуштун.

Карап турган бизди жана,
Кыт-кыт күлдү чоң атам.
Кылын тагып дагы чертип,
Бийлетем дейт карасам.

1. Чоң ата өрүктөн эмне жасады?
2. Комуз күүсүнө кимдер бийледи?
3. Силер да комуз черте аласыңарбы.

## ЫЙМАН

Сурайт менден бөбөгүм:
Ыйман деген эмне?
Эмесе жооп берейин,
Кулак салгын кебиме.

Салам айтып улууга,
Кичүүнү ызаат кылганды,
Баракелде, бул өзү
Бала, — дейбиз, ыймандуу.

Автобуста баратсаң,
Келип калса жаныңа,
Карап кетпей тескери
Орун бергин карыга.

Урмат кылып ар дайым,
Улуулардын тилин ал.
Ыймандуулук — адептүү
Бала экенин билип ал.

## ТИШТЕРИМ АК ШУРУДАЙ

Тиштеримди щеткалап,
Күндө-күндө жууймун.
Тишти жегич курттарды,
Жакындатпай кууймун.

Түшүнө албай бөбөгүм,
«Жышыба», — дейт курулай.
Жууган үчүн тиштерим,
Тизилген ак шурудай.

## МУГАЛИМ

Классында отуруп,
Кылымына ой берген.
Асыл үрөн ал чачкан,
Адамдыкка бой берген.

Алтыдагы бөбөккө,
«Алиппени» тааныткан.
Адамзатты илимге,
Алып кирген даанышман.

Жетилсин деп жеткинчек,
Акыл-күчүн төшөгөн.
Баштап өткөн бүт элди,
Билим деген көчөдөн.

Таалим алып жер жүзү,
Мугалимдин колунан.
Келечекке адымдап,
Келет тайбай жолунан.

## ЧОҢ ЭНЕМДИН ЖОМОГУ

Мен жатканда чоң энем,
Жомогунан баштады.

Угуп жатып уктадым,
Ойго албай башканы.

Учуп жүрдүм түшүмдө,
Асман койнун чабыттап,
Укмуштарды көрөмүн,
Мага болгон табышмак.

Колун булгап досторум,
Космонавтка окшодум.
Аалам жүзүн айланып,
Жерге келип токтодум.

Түндө, күндүз болобу,
Кызык эне жомогу.
Уккум келет дайыма,
Укмуш ойго ороду.

1. Силерге ким жомок айтат?
2. Чоң энелердин жомогу китептеги жомокко окшойбу?
3. Силер кандай жомокторду билесиңер?

## АПАМ АЙ-АЙ

Апам өзү сатып келди,
Кызыл шайы дүкөндөн.
Татынакай тикти көйнөк,
Мага чактап бүткөргөн.

Апам ай, ай татынакай,
Ай сонун.

Карап турдум тиге берди,
Мен да аны үйрөндүм.
Куурчагыма чактап көйнөк,
Тигем бузбай бир жерин.

Апам ай, ай татынакай,
Ай сонун.

Дүйнөдөгү энелердин,
Эң жакшысы апакем.
Пейли кенен, абдан сулуу.
Апакемдей бар бекен?

Апам ай, ай татынакай,
Ай сонун.

1. Силердин апаңар кандай?
2. Энелер жөнүндө кандай ыр билесиңер?
3. Ырды жаттап алгыла.

## УМАЙ ЭНЕ

Качандыр бир заманда Датка аттуу момун адам жашаптыр. Анын жети кызы болуптур. Эң кичүү кызынын атын Умай деп, чоң атасы Түкүбай акылман өзү койгон экен. Жылдар өтө берет. Датканын кыздары бой тартып чоңоюшат.

Турмуш деген турмуш эмеспи, кыздар да биринин артынан бири турмуш сапарына аттанышып ордун таап кетишет. Кыздарынын орун алып кетишине Датка бир жагынан кубанса, экинчи жагынан өкүнөт, капаланат. Үйү бөлөктүн түйшүгү бөлөк дегендей, кыздары да анда-санда көрүнүп, аларды ойлогон Датка түнү бою күңгүрөнүп чыгат. Атасынын муңкайып, кайгы тартканын эстүү кыз Умай сезип калат. Ал өзүнүн жаштыгына карабастан чоң кишилерден артыгыраак ойлончу. Бардык нерсеге күчү жетпесе да, акылы жетчү. Көпкө ойлонуп отуруп Умай бир чечимге келет. «Алты жаш деген оңойбу, эгерде жамандыгым болбос, жаштыгым калган жок. Сөзсүз атамдын көңүлүн көтөрүп, дартына дабаа табышым керек. Бул өз колумдан оңой менен келбейт. Келген күндө да, убакыттан уттуруп коюшум мүмкүн. Ошондуктан чоң атам тапшырып кеткен китебин тезинен окуп чыгышым керек. Мунсуз, дартка дабаа болчу дарыны көпкө издеп калам. Китепти толук окуп чыксам, жалаң гана ата-энеме жардамым тийбестен, элге да тийиши мүмкүн», — деген ойго келет. Убакыт аз өттүбү, көп өттүбү ким билсин, өзүнүн тырышчаак мүнөзүнүн аркасында Умай укмуштуудай дарыгер болуп чыга келет. Ал жөнүндө эл арасында кептер тарайт. Сыркоолуу адамдар келип андан жардам ала баштайт. Калк айтса, калп айтпайт деген эмеспи. Элге тараган имиш кептер чындыкка айланып, Умайдан дарыланып кеткендер куландан соо сакайып кетип жатышты. Ал жадагалса

айбанаттарды да аяп, дарылай турган болду. Айыккандар бир эсе кубанса, аны дарылаган Умай миң эсе кубанат. Ата-энесин сакайтып, алардын алкышына ээ болду. Умай үчүн келген кеселдердин баары бирдей боло турган. Аларды байлыгына же мансабына карап мамиле жасоочу эмес. Канча акылдуу болсо да, баланын балалык мүнөзү калат тура. Умай деле бала сыяктуу ата-энесине эркелегенди жакшы көрөт. Датка менен байбичеси кызынын кылык-жоругу, боорукердигине жетине алышпайт. Бирөөнүн көзү тийбесин деп, тумар чийдирип мойнуна тагып алат. Умай ар дайым сыркоолуууга чоң атам Түкүбайдын эми тийди деп айтып, эч качан мен дарыладым, мен сакайттым деп айтчу эмес экен. Күндөр өтүп, жылдар жылып, Умай эне болду. Күн санап эненин аты ааламга угулуп, дүйнөгө тарады. Эми эл анын көлөкөсүнө сыйынчу болду. Ал гана эмес менменсинген дарыгерлер сыркоолууну көрөр алдында, оболу Умайга сыйынып: «Менин колум эмес, Умай эненин колу», — деп туруп, андан ары өз иштерин жасашкан. Ошентип алты жашар кыз өз тырышчаактыгынан, акылдуулугунан, ак эмгегинен жамы журттун оозуна алынып, «Умай эне» атка конуптур. Көптүн батасын алган Умай эне түбөлүккө өлбөс болуп калыптыр. Кимдин үйүндө сыркоолуу бала-бакыра болсо, ал ошол жерде болот дейт. Табы айныганга эмдомун салып, тезирээк айыгып кетишин тилейт дейт. Эл арасында да Умай эне өтө жакшы көргөн кишисине гана жолугат деген ишеним

сакталып калган. Ооба, ылайым Умай эненин колу тийсин, дарт жолобосун, кырсык кыйшык кетсин!

1. Ден-соолугубуз чың болушу үчүн эмнелерге көңүл бурушубуз керек?
2. «Ар кимдин ден-соолугу өз колунда» дегенде эмнени түшүнөсүңөр?
3. Силер да Умай энедей дарыгер болгуңар келеби? Аны үчүн эмне кылуу зарыл?

## НАН ЖӨНҮНДӨ УЛАМЫШ

Илгери-илгери эгин баккан бир да дыйкан болбоптур. Ал кезде адамдар тегирменди да билишпептир. Нан өзүнөн-өзү бышып, бекерге көнгөн балдар нандан топ жасап, тепкилеп ойношкон экен. Жедеп чарчашканда нанды чалчык сууга ыргытып жиберишчү дейт. Тентек балдардын бул кылыгы нанды абдан таарынтыптыр. Күндөрдүн биринде нандын ана башы «буудай» дан аттуулардын баарын чогултуп мындай кордукка чыдоого болбойт, андан көрө көз көрбөгөн бир жакка кетели дейт. Ызаланган дан аттуунун баары буудайдын пикирин жакташат. Ошентип, убада боюнча бардык дандар көк деңизди карай жол тартышат. Эптеп ага жетишсе, анын түбүнө бекинип алмак. Андан кийин эсирген балдар эр болсо таап көрүшсүн. Жолду баарынан улуусу «арпа» баштайт. Калгандары аны ээрчишет.

Нанды тебелеп ойногон тентектер ошол кырсыктуу түндө бейкапар укташат. Каадаларынча чак түштө ойгонушуп, беттерин жуубастан чыгданга чуркашат. Мына кызык! Бир да нан жок. Бадырак жеймин десе дан жок. Апалары да кейип отурушат. Ошондо бир кары эне: «Дандардын бизден качып кетишине балдар өзүңөр күнөөлүүсүңөр. Силер аларды кесирленип кордобогондо, баары тең мурдагыдай ушул жерде болмок. Эми эр болсоңор нан таап көргүлө. Тезирээк барып Акыл чоң атаңардан сурагыла. Эмне кылыш керектигин жалгыз ошол киши билиши мүмкүн», — деп балдарга насаат кебин айтат. Акыл чоң атага барчу жол абдан татаал эле. Арга канча, улам жолуккандан сурап отуруп, чоң атаны зорго табышат. Балдардын келген себебин Акыл чоң ата айттырбай эле билип алат. Тентектерге өтө наараазы экенин айтат. Ачуусунан буулуккан чоң ата бир оокумда мындай дейт:

— Болоор иш болду. Күнөө өзүңөрдө. Бирок жакшылыктан үмүт үзбөйлү. Баарыбыздын тагдырыбыз көк дөбөттүн колунда. Уккандарына түшүнбөй балдар бирин-бири карашат, бирок бири да сөз айталышпайт. Муну байкаган Акыл чоң ата иттин жайын түшүндүрөт. Көрсө, чоң атанын сыйынганы ит тура. Балдар ага көп ишене беришпейт. Бирок Акыл чоң ата балдарды шылдыңдаган эмес. Болгон чындыкты айткан. Дандын жана андан жасалган нандын баары качкан түнү, Акыл чоң ата менен көк дөбөт гана

ойгоо болчу. Кырсыкты дароо түшүнгөн Акыл чоң ата, көк дөбөттү дароо куугунга жиберет. Көк дөбөт качкындардын артынан сая кууйт. Жетип-жетпей барат. Таманын таш тилип, куйругуна муз тоңот. Акыры жетип, алдыларынан тосоордо, качкындар көк деңизге жетип үлгүрүшөт. Болгону бир ууч гана дан дөбөттүн ырыскысына калат. Эми ошол бир ууч данды көбөйтүү иши турат. Эстүү балдар аны түшүнүштү.

— Эми мындай, — деди Акыл чоң ата. — Ким эмгек кылбаса ага дан жок. Дан жок болгон соң, ага нан да жок болот. Ошондуктан жер айдап, жанагы алып калган данды себишибиз керек, өстүрүшүбүз керек, — деди. Ошол күндөн баштап, адамдар дыйканчылыкты кесип кылып, эгин айдап, суу сугарып калышыптыр. Ун тартып, нан жасаганды үйрөнүп, дан үчүн тегирмен салышыптыр.

Нанды кордобогула, кесир болот деген сөз да ушундан калыптыр дешет.

Жакшылыкка жакшылык, ит адамдын жолдошу, аны урбагыла деген накыл кеп да ошондон айтылыптыр.

?!

1. Балдар нандын жаралышы үчүн кандай эмгектениш керек?
2. Эмне үчүн нандын ушагы жерге түшсө чоң ата-энелерибиз көзүнө сүртөт?
3. Буудайдан эмнелер жасаса болот? Нан жөнүндө ыр билесиңерби?

# НААДАН ДОСТОН, ЗИРЕК ДУШМАН АРТЫК

Бир адам жолдо келе жатса, токой өрттөнүп жаткан экен. Бир жылан жыгачтын башынан келе жаткан адамды көрүп:

—Жакшылыгыңды унутпаймын, мени куткарып кой!—деп жалынат. Адамдын жыланга жаны ачып, баштыгына салып, аны өлүмдөн куткарат. Жерге түшкөндөн кийин баштыктын оозун ачты эле «жакшылыгыңды унутпаймын» деген жылан адамдын мойнуна оролуп, тилин соймоңдотуп:

—Сени чагып өлтүрүп жеймин,—деди.

—Сени мен өлүмдөн алып калып, жакшылык кылбадымбы?—деген адам шашкалактап эмне кыларын билбейт.

—Жок, адам уругуна жакшылык жок. Ошондуктан мен сени жейм.

—Адам уругуна жакшылык барбы же жокпу, аны үч күбөдөн сурайлы. Андан кийин мени жегин,—дейт айласы кеткен киши. Жылан макул болуп, тигинин мойнуна оролгон боюнча жүрүп отуруп бир чоң терекке кез келишет. Алардын берген суроосуна:

—Адам баласына жакшылык жок. Адам мага да күн көргөзбөйт. Жөөң келсе малга таяк, аттууң келсе камчы кылып сындырып кетесиң,—деп жооп берет терек.

—Кимге барсаң да менин оюмду айтат,—деп жылан мактанат. Андан ары жүрүп отурушуп жылан менен адам уйга кезигишет.

—Адам баласына жакшылык барбы, же жокпу? — деп сурайт уйдан.

—Күнү-түнү сүтүмдү ичсең, карып-арып сүт бербей калсам, өзүмдү союп жесең адам баласына кандай жакшылык болсун, — дейт уй. Адам менен жылан андан ары жүрүп отуруп, бир Түлкүдөн ушундай убада менен келаткандарын айтышты.

—Адам баласына жакшылык жок! — деп кесе айтты Түлкү да.

—Менин айтканым туура келдиби? — деп жылан адамды соро турган болгондо, жанагы Түлкү шашып кетип:

—Ой, токто! Адам, эң эле калп сүйлөйсүң. Ушу сен кантип эле жыланды жыгач башынан өлүмдөн куткарып алмак элең. Мен ишенбейм. Эгер ал чын болсо, жылан азыр жыгачтын башына чыксын, анан сен куткарып көрчү, — дейт. Жылан ага макул болуп жыгачтын башына чыгат. Адам баштыгынын оозун ачып салып алат. Эми баштыктан чыгарбай, өзүң билгениңди жаса, — деп Түлкү өз жолуна түшөт. Адам болсо Түлкүгө ыраазычылыгын билдирип, ал эми жыланды баштыгы менен ташка жанчып өлтүрүп, ажалдан аман калган экен.

## УБАДАГА БЕК ЖИГИТ

Кайсыдыр бир жылдары үч бир тууган болгон экен. Алар ата-энеден эрте ажырап, көрүнгөн байдын жумушун жасап, эптеп күн көрүшөт. Бир күнү байдын чөбүн чаап, аябай чарчап көлөкөдө дем алып отурушса, жакын эле жер-

ге бир топ кара чыйырчыктар конуп калат. Биринен бири озуп жем издеп жаткан кара чыйырчыктарга карап, бир тууганд ардын улуусу: — Ой чиркин, ушундай жер жайнаган малым болсо, өмүр бою бир да кишини иренжитпей, кенен өмүр сүрүп өтөөр элем, — деп улутунат. — Эгер менин ушундай короо-короо коюм болсо, өзүбүз сыяктуу кедей-кембагалдарга каралашып, үйгө мейман келсе кой союп, элди ар дайым сыйлап, алардан алкыш алып гана жүрөт элем! — деп ортончу бир тууганы өзүнчө тилек кылат. Алардын эң кичүүсү үндөбөй отурган соң, «Ал эми сенин ушунча малың болсо, эмне кылат элең?» — деп сурашат эки агасы. «Менби, менин малым болбой эле, эл катарлуу азын-оолак жандыгым, үстүмдө үйүм, жанымда акыл-эстүү жарым болсо, мен дагы эч кимди иренжитпей өмүр сүрөөр элем», — деп жооп берет. Алар ушундай таттуу кыялга батып, ойлору менен жыргап жатканда, маңдайына келип калган ак сакалдуу карыяны байкабай калышат. Сакалы жайкалган алиги карыянын кайдан чыга калганын билишпей, үчөө тең ордундарынын турушат.

— Менин атым Убада, балдарым. Силердин тилегиңерди жанатадан бери угуп турдум. Эгерде силер айткан сөзүңөргө турсаңар, мен силердин тилегиңерди орундаймын, — дейт таягын көтөрүп.

— Биздин тилегибизди орундатсаңыз, биз айткан сөзүбүзгө турабыз. Эч качан жаңылбайбыз! — дешти бир туугандар.

—Эмесе, мен силердин тилегиңерди орундайын. Сен экөөң мал дедиңер, тээтиги көрүнгөн дөбөнүн артында эки короо кой жайылып жүрөт. Бир короосу өңчөй ак, экинчи короосу кара түстө. Барып, бириң агын, экинчиң карасын алгыла,— деп күнгө чагылышкан таягын силкип алды. Экөө чуркаган боюнча карыянын көрсөткөн жерине келишсе, чын эле эки короо кой жайылып жүрөт. Экөө эки короону айдап, эки тарапка өздөрүнчө кетишет. Карыя таягын силкип-силкип туруп, эң кичүүсүнө карап:

—Эми сен тээтиги түтүн чыккан жерге бар. Ушул сенин тилеген үйүң, өмүрлүк жарың, азыноолак малың ошол жерде. Бар эми, тилеген тилегиңе жет!—деп ак сакалын сылап коюп карыя көздөн кайым болот. Ушул күндөн баштап үч бир туугандын турмуштары оңолуп, өз тилектерине жетип, жакшы жашап калышат. Күндөр жылып, айлар оошуп, жылдар өтөт. Бир күнү баягы Убада аттуу карыя жанына Пейил менен Бакытты ээрчитип, «Ошол жигиттерди барып сынап көрөлүк, айткан сөздөрүнө тураар бекен?»—деп жолго чыгышат. Алай-дүлөй бороон болуп жатканда алды менен улуусунун үйүнө келишет.—Биз кудайы конок болобуз. Бороон өпкөдөн өтүп баратат. Отуңа ысынып, муздаган сөөктү жылытып чыгалы, үйгө кирүүгө уруксат эт, баатыр!—дейт карыялардын үндөрү дирилдеп.

Малына ээ боло албай жаткан бай:

—Ушундай кымкуутта, койлор сууктан кырылып жатканда, конок эмес кудай болсоңор да кетки-

ле! — деп кыйкырат. Сакалдарына муз тоңуп калтыраган карыялар ал жерден чыгып, ортончу байдыкына келишет. Ал дагы ачууланып, карыяларды тосууга чамасы жок экендигин айтып, кубалап жиберет. Эки бир тууганды жүзүн көрүшүп, эми кичүүсүнүн үйүнө жөнөштү. Жолоочуларды көрүп, жан-алы калбай үргөн иттин үнүнөн үйдөн атып чыккан үй ээси коноктордун атын алып мамыга байлап, өздөрүн колтуктап үйгө киргизип, жылуу мештин жанына отургузуп, кайра чыгып коноктордун аттарын жайлап, отко коёт. Коноктордун суу болгон кийимдерин чечинтип, башка чепкен, чапан кийгизип, ысык чай берип, аларга деп бир коюн союп жакшылап сыйлап мейман кылат.

Эртеси коноктор кайтаарда Убада баягы калыбына келип: — Балам урмат сыйыңа чоң ыракмат. Уят өлүмдөн катуу дегендей, убадага бек жигит экенсиң. Аз дөөлөткө мас болуп, эл менен иши жок, тигил агаларыңа окшобойсуң. Ар дайым ушундай болуп, айткан сөзүңө бек тур. Өркүнүң өссүн, балам! — деп бата кылып, таягын силкип коёт. Баягы жигиттин кашына Бакыт конуп, Пейли андан бетер оңолуп, түбөлүк бактылуу жашап калган экен.

## КӨПӨЛӨК

Сары, кызыл көпөлөк,
Учуп жүрөт көкөлөп.
Кармайбыз деп умтулуп,
Жүгүрдүк биз экөөлөп.

Конот гүлдүн үстүнө,
Искейт даамын кичине.
Колду сунуп жетерде,
Учуп кетет бекерге.

Чуркадык биз артынан,
Кармай албай чарчадык.
Жетпечүдөй окшойбуз,
Үмүт үзүп токтодук.

Сары, кызыл көпөлөк,
Учуп жүрөт көкөлөп.
Кармайбыз деп умтулуп,
Жүгүрдүк биз экөөлөп!

*Б. Абакиров*

## КУУРЧАГЫМДЫН АТЫ САЙРА

Куурчагымдын аты Сайра,
Көйнөктөрү бүтүн сайма.
Мен мектепке кетеримде,
Уктатамын жакшы жайга.

Кеч киргенде келсем кайра,
Жаткан экен ошол жайда.
Катуу ооруп калган экен,
Шашып калдым издеп арга.

Доктур болду эжем Букен,
Дары берип сайды укол.
Бат айыкты күлүп калды,
Башын ийкеп күлүп калды.

## МЕНИН АЛА КҮЧҮГҮМ

Менин ала күчүгүм,
Такай уктайт торсоюп.
Балдар барса жанына,
Авв, деп үрөт корсоюп.

Чоң дөбөттү көргөндө,
Кысып жөнөйт куйругун.
Авв деп коёт уядан,
Баатырсынып кургуруң.

Тиштей качып байпакты,
Ойной берет тытмалап.
Көргөндөрдү чочутуп,
Борс-борс үрөт тик карап.

## БЕЙБАШ ЖӨЖӨ

Менин баккан сары жөжөм,
Бейбаш чыкты абыдан.
Жем талашып чатак салып,
Тартып алат баарынан.

Башка-көзгө чокулап,
Айласын ал кетирет.

Байкесин да, бөбөгүн да,
Чук-чук этип жекирет.

Чыйпылдаган сары жөжөм,
Чачып берем таруудан.
Чочуталбайт мышык, күчүк,
Коркпойт өтсө жанынан.

Койкоң, койкоң элирет,
Короздой ал көрүнөт.
Он беш жөжө башын ийди,
Көңүл буга бөлүнөт.

## МЕНИН МЕКТЕБИМ

Менин жашым ондо, жакында төртүнчү класс-ты аяктаймын. Үй-бүлөбүздө беш киши жашай-быз. Атам айыл-чарба фермери, апам балдар бак-часында тарбиячы болуп иштейт. Карындашым Адина 2-класста окуйт, иним Элдияр беш жашта, балдар бакчасына барат. Мен окуган мектеп жаңы курулган, көрсөң көзүң кубанат. Биздин классы-быздын стол, стул, шкаф, доскалары жаңы, сонун даярдалган. Парталарыбыздын сумка илгичтери бар, доскабыз эки канаттуу, ачылып жабылат. Шкафтар-да мугалимибиздин сабакта бизге көрсөтө турган көргөзмөлүү куралдары толо турат, алар ар түрдүү жана өтө көп. Бир күнү класс жетекчибиз мек-тептеги бардык кабинеттер менен тааныштырып чыкты. Англис тили кабинетиндеги стол, стул, лин-гафон, магнитофондор өтө ыңгайлуу экен. Компью-

тер менен иштеп, тест чечип олтурган жогорку класстын окуучуларына суктанып кеттим. Физика, химия кабинеттеринде мугалим лабораториялык иш алып барып жаткан убагын көрдүк. Окуучулар аппак халат кийип, китептен окуганын практикада колдонушуп жатышыптыр. Спорт залга киргенибизде анын чоңдугу, жарыктыгы бизди кубандырды. Спорттук оюндарды аткаруу үчүн көптөгөн спорттук жабдыктар менен дене тарбия мугалими тааныштырып чыкты. Сабактан сырткары убакта түрдүү ден соолукту чыңдоочу ийримдерге катышып, спорт менен машыксак да болот экен. Эжекебиз бул спорт залдагы ушундай зор шарттардын Президенттин демилгеси менен болгонун бизге түшүндүрдү. Ушул спорт залда кышында да ар түрдүү мелдештер уюштурулат. Бир күнү мектепте ата-энелер чогулушу болду. Чогулушка атам катышты. Мектебибиздин директору жана мугалимдер, класс жетекчилер мектептин бүгүнкү күндө алып бара жаткан иштери менен тааныштырып, эң алдыңкы окуучулардын ата-энелерине мактоо баракчаларын бериптир. Атам жаңы мектепти көрүп абдан таңыркап, «Кана эми мен деле жашарып калсам, ушул мектепте кайрадан окусам», — деп суктанды. Атам мени компьютер курсуна, спорттук ийримдерге катышуумду дайындады. Мен мектепте жакшы окуп предметтик олимпиадаларга катышууну каалайм. Келечекте инженер болом, бийик-бийик, ар түрдүү имараттардын чиймесин компьютеримде даярдап алам.

# IV ЧЕЙРЕК

# ЖАРКЫРАГАН ЖАЗ АЙЫ

## ЖАЗ КЕЛДИ



Жаз келди. Али жерлерде кар бар. Бул карлар жазгы күн нурунда эрийт. Жерге сиңет, кечинде болсо кайра муздайт. Кыштын суук күндөрүн жаз айдап чыкты. Уйкудагы бак-дарактар дагы жашыл кийим кийип, алма-өрүктөр бүчүр байлайт. Ушунусу менен чар тарапка не бир кооздукту, сулуулукту тартуулайт.

Кекиликтер сайрап, каз, өрдөк, ак куулар асманды толтуруп бийик-бийик учушат. Бактагы булбулдар миң түркүн обонго салып, тынымсыз сайрайт.

Жаз жамгыры жаап, тамчылар болсо март... март... март... дегенсип, кулакка жагымдуу угулат.

?!

1. Өлкөбүзгө жаз келгенин кантип билүүгө болот?
2. Жазда түштүктөн кандай куштар учуп келишет?

# УЯ ЖАСАП БЕРЕЛИ

Чыйырчыктар чырдашпасын,
Чымчыктарды кыйнашпасын.
Чыдай албай байкуштар-ай,
Чыйп-чыйп этип ыйлашпасын.

Уяң чөптөн тереличи,
Уста алып келеличи.
Уят болбой чымчыктарга,
Уя жасап береличи.

Балапандар үшүшөт го,
Бактан кулап түшүшөт го.
Бачым, бачым келсе экен деп,
Баарыбызды күтүшөт го.

Убарага батышат го,
Улам уча качышат го.
Уясы жок дарактарда,
Уктай албай жатышат го...

*Шайлообек Дүйшеев*

1. Ырда эмне жөнүндө айтылган?
2. Чыйырчыктар эмне үчүн бизди күтүшөт экен?
3. Силер да уя жасап бересиңерби?
4. Ырды жаттап алалы!

## НООРУЗ МАЙРАМЫ

Токсондогу энем айтты,
Эстеп жаштык күндөрүн.
Нооруз күнү тагынгын дейт,
Мончоктордун түрлөрүн.

Нооруз, нооруз — эски майрам,
Жаңы доорго кыл кадам.
Бул майрамда болбосо экен,
Кубанбаган бир да адам.

Мына кайра жайнап күлдүң,
Нооруз — унут калганым.
Сени даңктайт, ырдайт, сүйүн,
Бүгүн кыргыз балдарың.

*Гүлмира Эсенгулова*

1. Ноорузда кандай иштер кылынат?
2. Ноорузда кандай тамактар жасалат?
3. Жазда дагы кайсы майрамдарды белгилейбиз?

## МАЙРАМДАГЫ ҮРП-АДАТТАР

Ноорузда үй-жайды тазалайт.
Ноорузга чейин дарактарды акилейт.
Ноорузда буудай өндүрүп, сүмөлөк бышырат.
Ноорузда жакшы тилектер кылынат.
Ноорузда жаңы кийим кийишет.
Ноорузда ат чабууга даярдык көрүшөт.
Ноорузда таарынууга болбойт.
Ноорузда Нооруз тамактарын бышырышат.
Ноорузда арыз-муңдар унутулат.

Ноорузда тууган-туушкандарынын үйүнө барышат. Ноорузда ушак сөз сүйлөбөйт.
Ноорузда тууган-туушкандарына, тааныш-билиштерине жакшылык жасашат.
Ноорузда атты, итти урбайт.
Нооруз күнү жалбыз теришет.
Нооруз күнү жыланды өлтүрбөйт.
Нооруз күнү кыздар кызыл кийинишет.
Нооруз күнү ооруларга майрам тамактарын жиберишет.

## АЛА-ТОО

Ала-Тоонун арасы,
Жалпы жердин сарасы.[1]
Айтып өтөм бир катар,
Аңгемесин карачы.

Кайыптар оттоп төлдөгөн,
Албан түрлүү чөбү бар.
Аркар, кулжа, ак кийик,
Аралаш жаткан төрү бар.

Кадырын билген адамга,
Касиеттүү жери бар.
Ортосунда чалкайган,
Чатыр-Көл, Ысык-Көлү бар.

Баарысын айтып өтөйүн,
Касиеттүү Ала-Тоо,
Кай жеринде кеми бар!

---

[1] *Сарасы* — сонун деген мааниде.

Жаз мезгили үч айда,
Мал төлдөгөн кезеги.
Бул айлардын ичинде,
Киреше кирди дегени.

Байчечекей, кызгалдак,
Кызыл-тазыл ар кандай.
Жердин бети нурданып,
Башайы, манат жайгандай.

Торгойлор сайрап таңшыган,
Булактар ойноп ташыган.
Булбулдун үнүн укканда,
Муңдуулар ыйлап жашыган.

Жай мезгили үч айда,
Малчы көчөт алкымдап.
Чарбасын багып келүүгө,
Жайлоого чыгат салкындап.

Төө семирип ком алган,
Ком алганда чоң алган.
Кой семирип жон алган,
Жон алганда мол алган.
Бээ семирип казы алган,
Картаң бээлер жашарган.

Коңур салкын күз болуп,
Эгин бышып, чөп болуп.
Жайлоодогу адамдар,
Жакага көчөөр козголуп.

Сарамжалын шайлашып,
Орок, чалгы кайрашып,
Чөлгө көчүп келишкен,
Чөп чабууга киришкен.
Бекер карап турбастан,
Эмгектин жөнүн билишкен.

Малчынын кийген кийими,
Калың болот кышында.
Кылычын сунган кыш менен,
Кыйын эрлер бел байлайт.
Кымбатын билип суuктун,
Кыйын жигит мал жайлайт.
Кылычын кыштын мокотуп,
Кыйналбай жигит май чайнайт.
Акылы жок жалкоолор,
Алдырып кышта шор кайнайт.

Алабата, шор күйрөк,[1]
Төөнүн жери Ала-Тоо.
Бетеге, тулаң аралаш,
Бээнин жери Ала-Тоо.
Кара кыяк, копосу,[2]
Уйдун жери Ала-Тоо.
Жылтырган, шыбак кошулуп,
Койдун жери Ала-Тоо.

[1] *Алабата, шор күйрөк* — төө жакшы көргөн чөптөр.
[2] *Кара кыяк, копосу* — уй жакшы көргөн чөптөр.



Касиеттүү жери бар,
Карагай, кайың, чери бар.
Кийиги төрдө ойногон,
Түлкүсү токой жойлогон.
Кызыгын көргөн тойбогон,
Көркү башка Ала-Тоо.
Булбулу сайрап чөлүндө,
Балыгы сүзүп көлүндө,
Суунун кени Ала-Тоо.

Өрдөк, чүрөк, каз, куулар,
Көлдүн бетин бербеген.
Кара кунач, каркыра,
Көк кытан менен турна,
Көлдө өкүргөн көп бука,
Кумурскадай жайнаган.

Кекилик, чили кыйгыттап,
Чымчыктары сайраган,
Куштун кени Ала-Тоо.
Жигити дуулдап жыргаган,
Сармерденин[1] ырдаган.
Келин-кызы тыңдаган,
Жаштары шайыр Ала-Тоо.

Кары да, жаштын деми бар,
Калтырбай айтар эби бар.
Алтын, күмүш кени бар,
Баары толук Ала-Тоо.

*Тоголок Молдо*

1. Силер кандай деп ойлойсуңар, эмне үчүн автор Ала-Тоону ушунчалык сүйүү, сыймыктануу менен ырдап жатат?
2. «Баары толук Ала-Тоо» дегенди кандай түшүндүңөр?
3. Биздин Ала-Тоо менен сыймыктанууга акыбыз барбы? Эмне үчүн?

## ЖАЗ КЫЛТАЙДЫ

Баш багып, жаз кылтайды муздар эрип,
Бир түрдүү кары кышты көңүл жерип.
Узарды, күлүңдөп күн минут санап,
Жыпжылуу жанга ылайык нурун берип.

---

[1] *Сармерден* — оюн-зоокто кезектешип ырдоо.

Кыркырап кыш кыйналды, мына качты,
Март баштап кирип келди жаздын асты.
Жердеги какыр-чикир, быкы-чыкы,
«Кетем» деп кышы менен кыраң ашты.

Бөгүшүп сары суулар жолдон агып,
Шылдырап ыйлагандай муңун чагып.
Эркелеп салкыныраак закым жүрүп,
Чыкыроон кышкы суукта болду карып.

Канакей жаз балбаны керилген эр,
Канды го уйкуң дагы колтукту кер.
Камданып эмгегиңе көз жиберип,
Тартынбай өз эркиңе колуңду бер.

*Жусуп Турусбеков*

## Бөлүм боюнча суроолор жана тапшырмалар

1. Жаз башталышы менен табиятта кандай өзгөрүүлөр болот?
2. Жаз мезгилинде кандай майрамдар майрамдалат? Майрамга арналган ырларды жаттагыла.
3. Жазда дыйкандар эмне кылышат?
4. «Жергебизде жаз» деген темада дилбаян жазгыла.
5. Жазга байланыштуу макалдарды айткыла.



# ЖАШАСЫН ТЫНЧТЫК, БАР БОЛСУН ДОСТУК!

## ЖАШАСЫН ЫНТЫМАК!

Мен бир жакшы сөз билем,
Дайым мээрим угулган.
Аны унутпай жүрсөм да,
Андан бакыт чубурган.

Анын аты — ынтымак,
Өзүм менен бир турат.
Баары мендей болууга,
Жолдошторум кут кылат.

Бөбөгүмө үйрөтөм,
Ынтымак деп сүйлөтөм.
Сиз деп калат энем да,
Өзүм сиз деп сүйлөсөм.

Келчи балдар, биз дагы,
Сыйлашып сый жүрөлү.
Ырыс алды — ынтымак,
Ынтымакты сүйөлү.

*Мырзабек Тойбаев*

1. «Ырыс алды — ынтымак» дегенди силер кандай түшүнөсүңөр?
2. Эмне үчүн бул ырда акын ынтымактуу болууга чакырат?

## АК КЕПТЕРИМ

Ак кептерим, бийик уч,
Булуттарга тийип уч.
Жер шарынын сүрөтүн,
Көк бетине чийип уч.
Ак кептерим, кайкып уч,
Сага теңдеш кайсы куш?
Ар өлкөдө балдарга,
Менден салам айтып уч!

## ЭЛДЕШТИРИП КОЁЛУ

Бир заманда ит, мышык
Ынак курбу болгон дейт,
Чокой тигем итке деп
Мышык тери чойгон дейт.

Ага-буга шылтоолоп,
Алдап тикпей койгон — дейт.
Ит ошондон мышыкка
Душман болуп калган дейт.

«Бүтүрдүм» деп мышыктын
Айткан кеби жалган дейт.
Ал терини чычкандар
Эчак кыркып салган дейт.

Эси кеткен экөөнү,
Элдештирип коёлу.
Кылымдарга таарыныч,
Кете берсе болобу ...

# АРАП МЕРГЕН

Илгери-илгери өткөн заманда, Арап мерген менен Үсөн мерген деген эки мергенчи дос, ак кар, көк муздуу аска зоодо илбирс уулап жүрүшүп, Арап мерген тайып, терең бир муздун жаракасына түшүп кетет экен. Сыртта калган Үсөн мерген ары чуркап, бери чуркап, досун чакыра берип үнү бүтөт. Акыры эч бир жооп уга албаганда, аны өлдү деп ойлоп, айылына кабарга кетет.

Дал ошол мезгилде эси оогон Арап мерген өзүнө келип, Үсөн досун жардамга чакырат. Ал да жогортон эч жооп уга албай үмүтү үзүлгөндө:

— Жаракада жалдырап,  
Мында тоңуп өлгөнчө,  
Аркар кууп баратып,  
Аскадан учуп өлсөмчү,  
Кулжа кууп баратып,  
Же куумайдан кулап өлсөмчү ай!

— деп арман кылып отуруп калат. Ошентип канча отурганын билбейт, кантсе да тирүү жан болгондон кийин акыры ордунан туруп, муздун жаракасы менен жылып жөнөйт.

Бир жерге келсе, шырылдап аккан суунун үнү угулат имиш. Добуш чыккан жерге барса, билектей суу агып жатат дейт. — «Аккан суу акыры бир жерден чыгаар» — деп, агын менен кошо өрмөлөп жөнөйт. Барган сайын жер менен муздун арасы ачылып, адам эңкейип жүрсө болчудай кеңейет. Дагы бир аз жүргөндөн кийин суу

көбөйүп, муз менен жердин арасы адам бою баткыдай кеңдикке жетет. Чарчаган мерген жээкке чыгып отуруп, уктап кетет. Бир маалда, күтүр-күтүр деген добуш менен кошо, кандайдыр бир тирүү жандын бышылдаган үнүнөн улам чочуп ойгонуп, үн чыккан жакты акырын аңдып жөнөйт. Муздун алды таптакыр караңгы эмес, а таңкы күрүл-бараңдай жарык болот имиш. Ошондуктан, анча алыс эмес жердеги нерсени ажыратып тааныса болот дейт.

Канжарын колго кармаган Арап мерген акырын келип караса, ой тообо, кадимки эле уйдун торпогу, бир нерсени күтүрөтүп жеп жүрөт имиш! — «Чын эле торпокпу же көзүмө бир нерсе көрүнүп жатабы?» — деп, көргөн көзүнө ишенип ишенбей турганда, торпок да Адамды сезип, «Мөө» деп башын көтөрүп түз эле Арап мергенге келип, бети башын жыттагылап, жанында туруп калат.

Кулак мурун кескендей жалгыздыкта, мал болсо да тирүү жан эмеспи, бир боорундай жөлөк сезип, торпокту кучактап алып көпкө ыйлаптыр. Бир маалда өзүнө келип, торпокту караса, териси жылтырап, өтө семиз имиш. — «Бу муз алдында чөп өспөсө, эмне жеп семирди экен» — деп торпок күтүрөтүп жеген нерсени колуна алып караса, кадимки эле саратандагы уйларды сайгактаткан көгөндөр, муздун алдын чээн кылып, ушул жерде кышташат окшойт. Ал жерде жаткан көгөндөрдүн калыңдыгы, үч карыштан ашат экен.

Муз алдында тирүү жолуккан бул торпок, ага өтө чоң таасир этип, — «Демек, бул жаныбар суукка тоңуп, ачкадан өлбөгөн соң, мени да кудай өзү сактаар» — деп, торпокту айдап, суу бойлоп жөнөп калат. Жүрүп бир жерге келсе, козу улактарын ээрчитип, кырк чакты кой эчкилер да жүрөт имиш. — «Ээ, эл көчкөндө көп эле мал мүлк ашуудагы муздун жаракасына тайып кетчү эле... Көрсө, өлбөй калганы ушинтип көгөн жеп жашай берет турбайбы» — деп, аларды да алдына салып, андан ары жөнөптүр. Жүрүп отуруп, дагы бир төө, беш алты ат таап алат. — «Бул да болсо кудайдын бергенидир» — деп, аттын бирин кармап минет экен, калганын айдап отуруп, дагы бир жерге келгенде, эс алмакчы болот. Жатканга жумшак болсун деп, көгөндөрдөн алдына калың шилеп, эми жамбаштап жатканда, бир эле кереметтүү окуя башталат... Кайдан экени белгисиз, бир маалда үрүл-бараң муз алдында жапжашыл нур пайда болуптур. Ал жашыл нур бара-бара көк, сары нурга айланып, анан эле кызыл-тазыл түстөгү нурлар менен айкалышып, асмандан түшкөн Асан-Үсөндөй, нур бийлери башталыптыр. Азыркы эле күүгүм тарткан муз алдындагы үңкүрдө, ар кыл боёк менен миң түркүн ыраң чачкан нурлар, бири бирине оошуп, бирин бири коштоп, кудум эле жомоктогу сыйкырдуу Алтын сарайдай, адам акылы жетпеген кооз көрүнүштөр муз алдын жаркыратып, жаркыратып ийиптир! Ал эми төбөдөн саландаган муздар да бир бирине учкун

чертип жымыңдап, көктөн жылдыз жаагандай жылт-жылт этип, көз жоосун алган керемет башталыптыр.

Муз алдында мындай ажайыптын болоору, үч уктаса да түшүнө кирбеген бул көрүнүш, бир топтон кийин кайдадыр бир жакка сиңип, акырын барып көздөн кайым болуптур. Мерген эмне болуп кеткенин түшүнбөй да калат. Көрсө, муздун бир жаракасынан тайып түшкөн күндүн нуру, мөлтүрөп аккан сууга тийип, суудан музга, муздан музга чагылышканынан, бул ажайып көрүнүш пайда болгон турбайбы! Арап мерген муну жакшылыкка жооруп, атты минип, малды айдап, андан ары жөнөйт. Ал бара бериптир, бара бериптир. Ийри-буйру аккан сууну жетек кылып, ийри-буйру жол басып, жүрө бериптир. Курсагы ачкан жерлерде, кой эчкиге кошулуп, көгөндөрдөн кочуштап ашай бериптир, ашай бериптир. Кудай колдоп ал дагы жашай бериптир, жашай бериптир.

Ошентип жүрүп отуруп, Арап мерген муз алдында канча күн, канча түн, канча ай жүргөнүн да билбей, эсебинен да адашат. Иши кылып ал бойлоп бараткан суу күн өткөн сайын көбөйө берет. Көбөйүп, көбөйүп отуруп акыры төрт тегирмен суу болот экен. Аны көрүп, — «Жер бетине чыгаарга, эми аз эле калгандыр» — деп, баратса суу келип келип, бир эле көбүк чачып кайнап жаткан, муз алдындагы көлгө кирип кетиптир. «Олдо атаңдын көрү

ай!» — деп, бөлтүрүгүн алдырган бөрүдөй, көктү карап улуп улуп ыйлайт экен. Алынбай жүрүп саксайган сакалын жулуп жулуп ыйлайт экен. Кайнаган көлдүн жээгинде көзүнүн жашын тыя албай, же өзүнүн жанын өзү кыя албай, башын мычкып отуруп калат экен. Бир кезде өзүн токтотуп, — «Бу мен кандай балээ көлгө туш болдум?» — деп, жакын келип караса, көлдөгү суу кайнабай эле, балыктын көптүгүнөн көл кайнап жаткандай көрүнгөн экен. — «Эх-ээ, бул да болсо ырыскы» деп, бир балыкты тутуп караса, эки көзү жок, башы тумтук, сокур балык имиш. Вай — деп чочуп кетип колундагы балыкты таштап ийип башкасын тутса, анын да көзү жок, сокур балык экен. — «Кудурети күчтүү кудай ээй, караңгы кишиге айтсаң ишенбейт. Анан да көзү жок балыктын ыраңы да суук болот турбайбы. Биринчи көргөндө, бир чочуп алат экенсиң, баччагар. Мейли, ачкалыкка айып жок, сокур болсо да ырыскы» — деп, аны бышырып жеп, малын айдап, андан ары көлдү айланып жөнөйт.

Бир жерге келсе, күркүрөгөн эле добуш чыгат — «Мунусу дагы эмне болуп кетти экен?» — деп, ошол жакка жөнөйт. Бир маалда, добуш чыккан жактан жылтыраган жарык көрүнөт. Шашкан бойдон атына камчы уруп жакын келсе, мөңгү бүтүп, көлдүн суусу тоо боорунан атып чыккан, Апшыр-Ата шаркыратмасына келип калыптыр! Ал жерден эки ай бою сыртка чыга

албай, үңкүрдүн оозун кеңейтип казыптыр. Акыры төө баткандай тешик болгондо, бүт малын айдап чыгып үйүнө келсе, эл чогулуп Арап мергенди былтыр эле өлгөн деп, кара ашын берип жатышкан экен. «Өлдү» деген Арап мерген күтүрөтө мал айдап, жүгү менен төө жетелеп келгенин көргөндө, элдин оозу ачылып, Гүлжан деген аялынын эси ооп, «Аш» дегени тойго айланып, чөйчөктөргө шарап куюлуп, сыр кеседе кымыз сунулуп, Арап мергендин айдап келген малы бүт түгөнгөнчө той болгон дешет.

Анын тоюна, Мадылык Манас мерген, Самарканддан Сапар мерген, Алайдан Алым, Карим мергендер, Чечмелик Чебич, Шарип мергендер келишкен экен. Ал тойдо, алыстан келген коноктордукордору Арап мергендин жан досу Үсөн мерген тейлеп жүрүптүр. Мен дагы ал тойдо болуп, Арап мергендин шарабын ичип, башынан өткөн ошол окуясын өз оозунан укканмын.

Менмин деген мергендер да ал окуяны Арап мергендин өз оозунан укканда, ооздору ордой ачылып, — «Оо! Эламан байдын Эр Төштүгү жер түбүнөн келсе, сен муз алдынан келген биздин Төштүк болдуң!» — деп айтышты.

Эмесе балдар, ушуну менен Арап мергендин айтып берген бул жомогу бүттү.

## АКВАРИУМ

Балык көрүп айнектен
— Ата, булар жейт нени,
Бул эмне? — деп сурасам,
— Аквариум дейт, — деди.

— Балыктар бар үчүнбү,
Суу эмнеге бурулдайт?
Ооздору кыймылдап,
Үнү неге угулбайт?

Таптым, таптым балыктар
Сагыз чайнап жатабы? —
Деп кубана кыйкырып,
Карап калсам атамды...

Кызык ушул кишилер
Өздөрү го билишет.
А сен билбей сурасаң
Айтпай кайра күлүшөт...

## БИР СӨЗДӨГҮ ҮЧ СӨЗ

Төртөө деген бир сөздүн,
Тапсаң сыры ачылаар.
Кичинекей бул сөздө,
Үч нерсенин аты бар.
Сөз чыгарган кишиден,
Мүмкүн кеткен айыптыр.
Төрт, өрт, төө — болуп,
Аралашып калыптыр.

# БҮБҮАЙША — КУУРЧАК

Бар экен, жок экен, ач экен, ток экен. Илгери-илгери өткөн заманда бир байдын Айзада, Гүлзада деген эки кызы болуптур. Күндөрдүн биринде, Айзада кыз сайма тигип отуруп, өзүнүн эски топусунан кооз бир куурчак жасап, Гүлзада сиңдисине берет экен. А Гүлзада кыз ал куурчагына Бүбүайша деп ат коюп, калем менен бакырайган көз тартып, карлыгачтын канатындай каш чийип, комуздай мурун, оймоктой ооз жасаптыр. Анан, боз үйдүн артындагы чоң бир Аткулактын түбүнө үй жасап, куурчагы менен ошол жерде ойночу экен.

Күндөрдүн биринде эл журт которуп, башка бир жакка көчүп калышат. Шашылышта Гүлзада кыз, Бүбүайша куурчагын Аткулактын түбүндөгү үйгө унутуп кетиптир. Ошентип Бүбүайша куурчак түнү менен өзү жалгыз Аткулактын түбүндө жатат. Ал Аткулак жөнөкөй эле Аткулак эмес, а сыйкырдуу Аткулак экен. Ошондуктан, эртеси таң агарып, акын торгой сайраганда, Аткулактын жалбырагында сыйкырдуу шүүдүрүмдүн тамчысы пайда болуп, ошол тамчы агып келип, куурчактын бетине «тып» этип тамат. Ошол тамчы тамганда эле, Бүбүайшага жан кирип, чоочуп ойгонот экен. Туруп эле эки жагын караса, кыбыр эткен бир да жан жок, ээн журтта өзү жалгыз калган имиш. Бүбүайша куурчак эми эмне кылаарын билбей ыйлап отуруп, анан, — «Мм, Гүлзада эжем чоңоюп, күйөөгө тийип кеткен турбайбы. Эми өзү бөбөк

төрөп алып, ошону ойнотот. Ошондуктан мени таштап кетиптир» — деп, дагы көпкө ыйлайт. Анан көзүнүн жашын аарчып: — «Кой, минтип отура берсем, мени чөө же бөрү келип жеп кетээр. Андан көрө эми мен да чоңоюп калдым, жолго чыгайын да, жакшы бирөө жолукса, ага кыз болуп алайын» — деп, жолго түшөт тыпылдап. Ал жүрүп, жүрүп отуруп, бир жылкычыга жолугат.

— Ай Бүбүайша куурчак, сен каякка жөнөдүң? — дейт, жылкычы.

— Жакшы бирөө жолукса ага кыз болуп алайын деп баратам, — дейт Бүбүайша.

— Анда мага эле кыз болуп албайсыңбы?

— А сенин ачууң келгенде, эмне менен сабайсың? — дейт, куурчак-Бүбүайша.

— Укурук менен, — дейт жылкычы.

— Жоок, анда сага кыз болбойм — деп, андан ары жөнөйт.

Бара берет, бара берет, акыры бир кой кайтарган койчуманга жолугуп калат.

— Оой Бүбүайша куурчак, жолдун чаңын ызгытып, сен каякка жөнөдүң? — дейт, чабан.

— Жакшы бирөөгө кыз болуп алайын деп баратам — деп жооп берет Бүбүайша.

— Анда мага эле кыз болуп албайсыңбы? — десе.

— Эгер сага кыз болсом, ачууң келгенде, эмне менен сабайсың? — дейт Бүбүайша.

— Таяк менен, — дейт чабан.

— Жоок, анда сага да кыз болбойм — деп, Бүбүайша андан ары жөнөйт.

—Жүрүп, жүрүп отуруп дагы бир жерге келгенде, бир келемишке жолугуп калат.

—Оо Бүбүайша куурчакжан, кырда өскөн гүлгө окшоп, сен каякка жөнөдүң?—дейт, келемиш.

—Жакшы бирөөгө кыз болуп алайын—деп баратам.

—Оо, анда мага эле кыз болуп ал.

—А сенин мага ачууң келгенде, эмне менен сабайсың?—дейт ага да Бүбүайша.

—Ой, сендей данек кызды мен кантип гана сабайын! А мен сени такыр сабабаймын. Жөн гана куйругум менен сылап уктатам—дейт, акырын куйругун кыймылдатып.

—Оо аның жакшы экен. А бирок, сен мага, эмне берип багасың?

—Оо, сен ал жагынан кам тартпа! Мына бул жакын жерде, өтө бир сараң бай бар. Мен ошол сараң байдын куржунундагы курутун, карындагы сары майын, сүрсүтүп койгон жылкынын эттеринен уурдап келип багамын—дейт келемиш.

—Оо, анда мен макулмун—деп, келемишти ээрчип жөнөйт.

Чын эле келемиш күн сайын байдын үйүнөн курут, сары май, сүрсүгөн эттерден уурдап келип, Бүбүайшаны багат экен.

А түн ичинде кантип уурулукка баргандарын жомоктотуп айтып берип, анан куйругу менен сылап уктатып коёт, келемиштин мунусу жакшы дечи, бирок бир жаман жери, келемиш ага бир күндө бир гана жолу сыртка чыкканга уруксат берет. Анда да сөйкөдөй болгон эки чакага суу

алып келиш үчүн гана чыгарат. Бүбүайша бир чака сууну эшик оозуна себет да, бир чакасын ийинге алып кирет. Болду анан, ийри-буйру ийиндин ичинде жүрө бересиң. Күн нурун көрбөй ийиндин ичинде жүрө берип, Бүбайша куурчактын кызыл өңү саргарып, байдын үйүнөн уурдап келген тамактарын жесе аш болбой, дарманы куруй баштайт. Келемиштин уурулук жөнүндөгү жомокторун кайра-кайра уга берип, көңүлүнө көк таштай тиет. Эми жомок да уккусу келбей калды.

Күндөр өтүп жатты. (Баса, жер алдында жашагандар, күндөр өттү дешпей, түндөр өттү» — дешет экен) Бүбүайшага түндөр өтүп жатты.

Ошентип жүрүп, күндөрдүн биринде, жамгыр аябай катуу жаап, жол ылай болот. Ал күнү келемиш уурулукка барбай, ийинде жатып уктайт. А Бүбүайша куурчак суу алганы кечүүгө келип, буту баткакка батып, ылайга тыгылып калат. Ошол маалда Айтжигит деген бир бала атын сугарайын деп кечүүгө келсе, бирөө эле:

— Айтжигит, Айтжигит,

Атыңдын башын тарт жигит.

«Бүбүайша сууга кетти» — деп,

Келемишке айт жигит, — дейт имиш.

— Ой, үн каяктан чыгат, — деп, эки жагын караса, эч ким көрүнбөйт. Анан жакшылап тыңшаса:

« — Айтжигит, Айтжигит,

Атыңдын башын тарт жигит»,

— деген үн, тээ аттын туягы жактан чыгат имиш.

— Э кокуй! — деп, эңкейип үн чыккан жакты караса, аттын эки туягынын ортосунда, ылайга тыгылып Бүбүайша куурчак туруптур.

— Мени Гүлзада эжем таштап кеткенде, мен келемишке кыз болуп алган элем. Анан суугa келип, ылайга тыгылып калдым — деп ыйлайт.

— Кой ыйлаба куурчак, Гүлзада эжекең сени издеп, күн сайын төрт маал ыйлап жатпайбы. Жүр артыма учкаш. Мен сени Гүлзада кызга алып барып берейин — дейт, Айтжигит.

Бүбүайша сүйүнгөнүнөн эки колун Айтжигитке сунат. Айтжигит болсо аттан эңилип, Бүбүайша куурчакты ылайдан тартып алып, Гүлзада кызга алып келип берет. А Гүлзада кыз жоголуп кеткен Бүбүайша куурчагын көргөндө аябай сүйүнүп, экинчи аны жалгыз таштабай, дайыма өзү менен кошо ала жүрүп, түнкүсүн жомок айтып, экөө кучакташып жатып алчу болушуптур.

**Достук бардык байлыктардан кымбат.**

**Ата-энени урмат кыл,**
**Ата-журтка кызмат кыл.**

# ДҮЙНӨ ЭЛДЕРИНИН БАЛДАР ЧЫГАРМАЛАРЫ

## БИЗ — ӨМҮРДҮН ГҮЛҮБҮЗ

Бийик көктөн,
Нурун төккөн,
Орток биздин күнүбүз.

Жайнап өскөн,
Жайдары өскөн,
Биз — өмүрдүн гүлүбүз.

Көрүп сыйын,
Достук ырын,
Түркүн тилде ырдайбыз.

Окшоп гүлгө,
Тынчтык күндө
Окуп, ойноп жыргайбыз!

*Ануарбек Дүйсенбиев*
*(Казакстан)*

1. «Биз — өмүрдүн гүлүбүз» деп кимдерди айтып жатат?
2. «Түркүн тилде ырдайбыз» дегенди кандай түшүндүңөр?
3. Ырда алардан башка дагы эмне жөнүндө сөз болуп жатат?

## КАНДАЙ КЕЗ?

Шашкеде сансыз күкүк ыр ырдаган,
Кандай кез дүйнө балкып, күү тыңдаган!
Эркелеп мөлтүр булак ала салып,
Сүйкүм жаш үнү менен шыңкылдаган.
Алыска тентек өзөн күркүрөгөн,
Жер жатат жалт-жулт этип бир түлөгөн.
Асмандын өрмөгүндөй жерге төккөн,
Бир назик көктөн жамгыр нөшөрлөгөн.

*Абай Кунанбаев*
*(Казакстан)*

1. Кандай мезгил экен?
2. Бул мезгилдин өзгөчөлүктөрү эмнеде экен? Ал жерлерди тексттен табалы!
3. «Жер жатат жалт-жулт этип бир түлөгөн» дегенди кандай түшүндүңөр?

## БАЙЧЕЧЕКЕЙ

Күн жылый баштады. Кар тоону карай улам өйдөлөп бара жатты. Мына ушинтип кар алдында жаткан Байчечекей баш көтөрдү. Өзүнүн көпкөк көздөрүн ачты.

— Эх, кандай суук! — деди ал бүрүшүп. Назик жалбырактары да калтырай түштү. Жаңы жүргөн жел аны эркелеткендей сылап өттү. Байчечекей ылдый жакка көк-жашыл тукабадай кулпурган майсаңга көз чаптырды. Эмне деген коздук! Дарактар төрсөйүп, бүчүр байлап алыптыр. Мына эми жалбырактарын жазып жиберчүдөй көрүнөт.

А тээ тигинде бадал түбүндөгү фиалка гүлү жашырынып калган жылдыздай жылт-жулт этет.

Чөптөр да чыгып калыптыр. Фиалка чымчыктардын тиктегенинен уялгансып, башын бир жагына кыйшайтып алыптыр.

— Фиалка! — деп кыйкырды Байчечекей, — сен уялбай эле кой, сен баарынан сулуусуң. Биз баарыбыз сени жакшы көрөбүз.

Фиалка башын көтөргүсү келди эле, бирок ошол замат кайра түшүрдү. Анын адаты дал ушундай.

Арадан бир-эки күн өттү. Байчечекей кубанычтуу кыйкырды:

— Карасаңар, карасаңар, бизге Нарцисс келиптир. Ал кандай назик, кандай жыттуу!

Баары Нарциссти карап калышты. Чын эле өсүп, гүлдөп калыптыр. Көп узабай бажырайып ак гүлдөрү да пайда болду, дал эле чөптөрдүн арасында турган Күндөй жаркырады.

Ушинтип күндөр өтө берди, шалбаада улам жаңы гүлдөр пайда болду. Мына кызыл жибек кийинген Кызгалдак гүлүн ачып, алгачкы аптап менен кошо айланага жыпар жытын чачты. Берешен Күнгө жүзүн тоскон гүлдөр кубанычка батышты. Алар Байчечекейдин өңү өчүп, соолуй баштаганын сезбей да калышты. Алар сезишкен учурда кеч болуп калган эле. Байчечекей өзүнүн кыска өмүрүн жашап бүтүп, жерге суналып жатып калган.

Нарцисс оор үшкүрдү:

— Ал биз гүл ачканда кандай гана кубанды эле! А биз болсок өзүбүз менен убаралanып

жатып, анын гүлдөп турган учурун көрбөй калыптырбыз. Эми ал биздин жаныбызда жок. Аптап башталып, ал мындан ары жашай албай калбадыбы.

Гүлдөрдүн баары аябай кайгырышты. Алар Байчечекейдин биринчи болуп гүл ачып, жаздын келишин биринчи болуп билдиргенин айтышып гана өздөрүн соorотушту.

*Азиза Ахмедова*
*(Азербайжан)*

Нарцисс — гүлдүн аты.
Аптап — ысык, күндүн ысый башташы.

1. Байчечекей кантип жаралыптыр?
2. Байчечекей жаралганда айлана кандай экен?
3. Байчечекейдин башкалардан өзгөчөлүгү эмнеде экен?
4. Ал эмне үчүн башкалардан мурда соолуп калды?
5. Башка гүлдөр эмне үчүн Байчечекейди жакшы көрүшөт экен?

## БАЙЧЕЧЕКЕЙ

Күн күркүрөйт кайрадан,
Көктүн бети бүркөлүп.
Балдар үйгө чуркашат,
Байчечекей гүл терип.

Татынакай көгүш гүл,
Тамылжытат ажарын.
Байчечекей аркылуу,
Кучактайсың жаз айын!

*Обос-Апер (Армения)*

1. Кантип гүл аркылуу жазды кучактоого болот?
2. Ырда табигат кандай сүрөттөлүптүр?
3. Көздү жумуп, ырда айтылгандарды бир саамга элестетип көрөлүчү!

## МАШЫКТЫРУУ

Чый-чый этип жөжөлөр,
Көк бедеге жашынат.
Оюнкараак боз күчүк,
Күндө аларга асылат.

Мышык айтат күчүккө:
— Сен жогуңда корообуз
Ызылдабай тынч эле.
Жөжөлөр да азайбай,
Толо ойноп жүрчү эле.

Анда күчүк мындай дейт:
— Мен өзүңө капамын.
Түлкү деген шумшуктөн,
Жашынууга эмитен
Машыктырып жатамын.

*Турсунбай Адашбаев (Өзбекстан)*

# БОБ

*(Болгон окуя)*

Кээде шаарда өрт чыгат. Ошондо балдар үйдө калып калса, аларды алып чыгуу кыйын болот. Анткени алар коркконунан үн чыгарбай жашынып калышат. Түтүндөн аларды табуу кыйын. Мындай ишке Англиянын борбору — Лондондо атайын үйрөтүлгөн иттер бар. Аларды өрт өчүргүчтөр багышат. Эгер үй өрттөнсө, иттерди балдарды алып чыгууга жумшашат. Ошондой иттердин бири он эки баланы өлүмдөн сактап калган Боб эле.

Бир күнү үй өрттөндү. Өрт өчүргүчтөр келгенде, аларга бир аял чуркап жетти да, ыйлап жатып, үйдө эки жашар кызы калганын айтты. Бобду жиберишти. Ал тепкич менен чуркап жөнөдү. Тез эле түтүндөн көрүнбөй калды. Беш мүнөт өткөндөн соң ал үйдөн чуркап чыкты, кызды көйнөгүнөн тиштеп көтөрүп алыптыр. Энеси кызына чуркап жетти да, анын тирүү экенин көрүп, сүйүнгөнүнөн ыйлап жиберди. Өрт өчүргүчтөр итти эркелетип, эч жери күйүп калбадыбы дешип, денесин карап жатышты. Бирок Боб кайрадан үйдү көздөй жулунду. Өрт өчүргүчтөр дагы бир жандык бар экен деп ойлоп, аны коё беришти. Ит үйгө чуркап кирип бат эле бир нерсени тиштеп алып кайра чыкты. Эл анын эмне алып келгендигин көргөндө, жапырт күлүп жиберишти... Көрсө, Боб бала деп чоң куурчакты алып чыгыптыр.

*Лев Толстой (Россия)*

?!

1. Өрт болуп жатса, элдер эмнеге күлүп калышыптыр?
2. Боб силерге жактыбы? Ал кандай ит экен?
3. Өрт өчүргүч адамдар тургандыгына карабастан, эмне үчүн иттерди да үйрөтүшөт экен?

## ПИЛ МЕНЕН КАНДЕК

Пилди бирөө жетелеп,
Көчө менен баратты.
Бекер элдер таңыркап,
Тегеректеп караշты.

Пилди көрүп бир кандек,
Үрүп чыкты жулунуп.
Жаны калбай безилдеп,
Алды-артына урунуп.

Балтек көрүп кандекти:
— Үнүң бүттү кыркырап.
Пил баратат кенебей,
Сен кантесиң чыркырап?

Анда кандек муну айтат:
— Үрсөм көөнүм ачылат.
Кармашпастан коркутсам деп,
От көзүмдөн чачырайт.

Көргөн иттин баарысы,
Кылганымды жактасын.
Эр кандек деп мактасын!

*Иван Крылов (Россия)*

?!

1. Кандай экен бул кандек?
2. Бул тамсилди кандай түшүндүңөр? Турмушта ушундай адамдар барбы?

## СОТ БОЛГОН КОЁН

*(Тибет элинин тамсили)*

Айласыз ай талаада ач карышкыр,
Жортсо да, жолу болбой ач калыптыр.
Тамтаңдап, тамак издеп ачкалыктан,
Токойго үмүт менен ал барыптыр.

**Бечара ач карышкыр! Эми эмне кылса болот?**

Убара, уруна албай бир да жанга,
Жер шимшип, токтой калат анда-санда.
Бир кезде «күп» деп байкуш түшүп кетти,
Атайлап мергенчилер казган аңга.
Темселеп ары кетти, бери кетти,
Тырмышты, түйшүк тартты азап чекти.
Карышкыр кара жанын карч урса да,
Бул аңдан чыкпасына көзү жетти.

**Ага бооруңар оорудубу же ырас болду деп табаладыңарбы?**
**Эми ал ачкадан өлүп калат го.**

Демейде деми бийик эр кашабам,
Азыр ал аша кечти намыс-ардан.
Тиштенип, чымыркaнып, көздү жумуп:
— Келгиле, эл-журт барбы берчү жардам!

**Аңга түшпөсө карышкыр башкалардан жардам сурайт беле? Ал жардам сураганды уят көрсө керек ээ?**

Токойдо жалгыз кулжа бара жаткан,
Үндү угуп, эмне экен деп келди чапчаң.
Ошондо карышкырдын айткан сөзү:
— Унутпайм эмгегиңди алып чыксаң!

**Ал чын айтып жатабы?**

Турду да, берки-аркыны ойлоп мурда,
Жакшылык кылсамбы деп бул кургурга.
Эңкейип карышкырга карады да:
— Чыгарсам жебейсиңби? — деди кулжа.
Карышкыр жанын сабап көп карганды:
— Сени жесем бетимде кызыл барбы?!
Дегенде бою жибип кулжа досу,
Кол сунуп, аны аңдан тартып алды.

**Чын эле кулжа менен карышкыр доспу?**

Жай алып, жаны тынчып эркиндикте,
Кубанып, ой кыдыртып турду биртке.
Кулжанын таттуу этин эстей калып,
Мындай деп сөз баштады карай тике:
— Качандыр кайрылышат жакын жолдош,
Сага мен ыраазымын ээ, кулжа дос?!
Сен токсуң, мен ачкамын ээн жерде,
Мындайда түшүнбөсөң жакшы болбос.

**Аны кантип түшүнүү керек? Түшүнгөндө эмне кылуу зарыл?**

Кумсарып, анда кулжа мындай деди:
— Өлүмдөн эптеп алып чыктым сени.
Антыңды анда жатып айттың эле,
Эсиңде, досум, аның барбы деги?
Карышкыр анда минтип баштады кеп:
— Ант бердим, жебеймин деп айтканым эп.
Бирок да кантип эми сага тийбейм?
Оокатым, өмүр бою жегеним — эт!

1. Карышкырдын кылганы туурабы? Бечаранын курсагы ач эмеспи, анын үстүнө эттен башка нерсени жей албайт эмеспи!
2. А байкуш кулжа кантмек?
3. Карышкырдын ордунда болсоңор кандай кылат элеңер?

Ошондо бир сур коён узун кулак,
Тууралан бара жаткан чурап-чурап.
Токтотту тигил экөө тең кыйкырып,
Чатакка калыс бол деп акыл сурап.

**Байкуш коён эми кандай кылат?**

Арызын угуп көрүп экөөнүн тең,
Сот коён калыс болду мындай деген:
— Силердин айтканыңар баары туура,
Бирок да жалаң сөзгө аз ишенем.
Башынан болгонундай иштегиле,
Көрөйүн анык өзүн көзүм менен.
— Кана эми, адатыңча тартып ал, — деп
Кулжага куу тырмактуу колун сунат.

**Силер кулжанын ордунда болсоңор кандай кылат элеңер?**

Турду да, мындай деди адилет сот:
— Карышкыр, карыш эми, алкың токтот!
Териңди келип мерген сыйрып алсын,
Сендейге мындан башка айтарым жок.

**Кандай сот экен делдең кулак?**

Азамат, адилет сот, делдең кулак,
Жүргүздү кан ичерге катуу сурак.
Ээрчитип кулжа досун алып кетти,
Эркинде ыр ырдашып, жыргап-куунап.

**Тамсил силерге жактыбы? Эмнеликтен?**

Тибет элинин тамсилин угуп, аны ырга салып, иштеп чыккан — Мидин Алыбаев.

## ТЫЙЫН ЧЫЧКАН МЕНЕН КАРЫШКЫР

### I

Бутактан бутакка секирип жүрүп, тыйын чычкан үргүлөп жаткан карышкырдын үстүнө түштү. Секирип турган карышкыр аны кармап алып, жеп салмак болду. Тыйын чычкан жалбарып сурана баштады:

— Коё берчи мени!

Анда карышкыр айтты:

— Болуптур, мен сени коё берейин. Бирок сен мага айтып берчи. Бу силер тыйын чычкандар, дайыма эмне үчүн шатыра-шатман шайыр жүрөсүңөр: Мен ар дайым түнөрүп жүрөм. Ал эми силердин дайыма бактын башында ойноп, секирип жүргөнүңөрдү көрөмүн.

Анда тыйын чычкан мындай деди:

— Адегенде мени даракка коё бер, мен ал жактан сага айтып берем, антпесең мен сенден коркуп жатам.

Карышкыр аны коё берди.

**Силер кандай деп ойлойсуңар, эмне үчүн карышкыр дайыма түнөрүп жүрөт да, тыйын чычкандар шайыр жүрүшөт?**

## II

Тыйын чычкан бактын башына чыкты да, мындай деди:

— Сенин түнөрүп жүргөнүңдүн себеби — дайыма ачуулуусуң. Кыжырлануу жүрөгүңү мыжып турат. Ал эми биздин шайырдыгыбыздын себеби — биз ак көңүлбүз, анан да эч кимге жамандык кылбайбыз.

*Лев Толстой*

1. Шайыр жүргөн жакшыбы же ачуулуу болгонбу? Эмне үчүн?
2. Тыйын чычкандар эмне үчүн эч кимге жамандык кылышпайт?
3. Ачуулуу карышкыр менен шайыр тыйын чычкандарды кандайча элестеттиңер?

## ЭСКИ ДУШМАН

Бул жолу Домино ийинине олжолуу келди. Аны тосуп ийинден 5 капкара тумшукча баш багып, шурудай болуп жылтыраган 5 жуп көз ага тигилип калды.

Ошол учурда капысынан эле жакын жерден иттин катуу үргөн үнү угулду. Селт эткен Домино жакшылап угуу үчүн дүмүргө секирип чыкты. Бул баягы эски душманынын тааныш үнү экенин жаземдебей тааныды.

Актөш бачикилерин шашылыш ийинге алып кирип кетти. Домино болсо итти карай жүгүрүп жөнөдү.

**Кызык, түлкү эмне үчүн итти карай жүгүрөт?**

## II

Гекла Доминонун артынан бүткүл күчү менен атырылып жөнөп, андан калгысы келбеди. Бирок ит көз ирмемге токтоло калды. Анткени Актөштүн жытын сезген эле. Бирок Домино бадалдан өтүмдүү баш багып, кызыктыра кыңшылап алып, Гекланы азгырып жөнөдү. Түлкү да, ит да жаш жана күчтүү эле. Алар бир саат бою чарчабастан кубалашып жүрүп отурушту. Акыры Домино жүгүргөндөн жадады да, мурдагыдай эле иттен бөлүнүп кетүүгө аракет кылды. Бирок бул жолу ал оңой-олтоң кутула албады. Гекла да бул мезгилде тажрыйбалуу куугунчу

болуп калган эле. Доминонун биринчи да, экинчи да айла-амалы натыйжа бербеди. Домино ошондо Шобан дарыясынын тоодон агып чыккан жериндеги асканын жаракасындагы тайгак тар жолду эстеди.

Бул мурдатан ойлонулган беле же кокусунан болуп калдыбы белгисиз, айтор, экөө тең асканын жаракасын карай кетип баратышты, уламдан-улам ага жакындай беришти. Түлкүнүн коюу кара териси дарыянын жээгиндеги бийик аскадан көрүнүп калды.

Домино жүгүргөнүн жайлата баштады. Гекла оор дем ала бардык күчүн топтоп, түлкүнү кууп баратты. Алар кененирээк келген чыйыр жолго жетишти. Домино улам акырындай берди, ал эми кара ит өзүнүн олжосуна жакын калгандыктан, эки эсе күч менен аракеттене баштады. Дагы бир аз болсо, түлкү колго түшө тургандай сезилди.

Чыйыр жол уламдан-улам ичкере баштады. Ит жеңишке жетишкендигинен күнөм санаган жок, дагы бир секирик — чарчаган түлкү анын тиштеринде болот...

## III

Бирок митаам түлкү асканын боорундагы тар жол менен алга жыла берди. А кең көкүрөк, бакжайган Гекла анын артынан бара берип, капталы менен аскага тийип, тайгаланып учуп жөнөп, тоңкочук атып тоголонуп, таштан-ташка урунуп, төмөн

зуулдап баратты. Жанчылган, канга боёлгон Гекла дарыянын муз аралашкан суусуна барып түштү.

А бийикте бул көрүнүштү беймарал байкап, кара түлкү турду.

Бул тар өзөндө жайында эле коркунучтуу тездик менен аккан Шобан жазында күргүштөп шуулдаган шумдукка айланат. Эң күчтүү ит да ага түшүүгө даабас эле. Ырайымсыз жанчылган байкуш Гекла жанталашып суудан чыгууга аракет кылып жатып, алсырап калды. Алкынган суунун агымы аны бирде ыргытып, бирде ала салдырып, бирде учтуу таштарга уруп, айлампалар менен тегеретип отуруп, өтө эле узак агызып барды да, жанчылып бүткөн бечара жандыкты кумдуу жээкке тээп салды.

Кийинки күнү гана Гекла эптеп-септеп араңдан зорго үйүнө жете алды. Ал ушул жазда турсун, бул жылдын жайында да ууга чыга алган жок...

*Эрнест Сетон-Томпсон*
*(Канада)*


1. Доминонун ийинге келгенин кандай элестеттиңер?
2. Ал эмне үчүн итти карай чуркап жөнөптүр?
3. Домино бачикилерин, Актөштү кантип сактап калды.
4. Ал Гекладан эмнеге оңой эле ажырай албады?
5. Домино Гекладан кантип кутулду?

## Бөлүм боюнча суроолор жана тапшырмалар

1. Дүйнө элдеринин балдар чыгармалары кандай экен? Алар силерге жактыбы?
2. Түрдүү элдердин балдар чыгармаларынын ортосунда кандай окшоштук, жакындык жагы бар экен? Кандай айырмачылыктарды байкадыңар?
3. Бөлүмдөгү кайсы чыгарма силерге абдан жакты?
4. «Биз өмүрдүн гүлүбүз» деген кайсы чыгармада эле? Ал чыгармада биз деп кимдерди айтып жатат?
5. Бул бөлүмгө кирбей калган башка элдердин дагы кандай чыгармаларын билесиңер?
6. Дүйнө элдери дегенди кандай түшүндүңөр?



# ЖАЙ МЕЗГИЛИ – СОНУН МЕЗГИЛ



## ЖАЙДА

Июнь жай мезгилинин биринчи айы болуп эсептелет. Күн узун, түн кыска болгон мезгил. Бул силердин сүйгөн, көптөн күткөн мезгилиңер. Анткени, мында силер жайкы каникулга чыгасыңар. Сентябрь айына чейин түрдүү жерлерде эс аласыңар, көңүлүңөр ачылат.

Жайда талаа эгиндери быша баштайт. Бак ичиндеги мөмө-жемиштерден чие, алча, өрүктөр бышып жетилет.

Жайындагы кооз гүлдөр, шаркырап аккан дарыя жээктери адамдын күчүнө күч, кубатына кубат кошот эмеспи. Ошондуктан дайыма жаратылышка кылдат мамиле кылууну унутпайлы.

1. Жайдын биринчи айында эмнелер болот?
2. Бакта кандай жемиштер бышышы мүмкүн?
3. Силер жай мезгилин кантип өткөрүүнү каалайсыңар?

## ЭМГЕК ЖАЙЫ

Алтын экен, жыргал экен жай айы,
Ала-Тоонун адыр-кыры, ой-сайы.
Жан сергитер жакшынакай жыт берип,
Жагалданып, жамынганы бачайы!

Көркөм экен, сонун экен жай айы,
Кийингени жашыл жибек, көк шайы.
Жалпы жердин жарашыгы өзгөчө,
Колдон жасап койгон окшойт атайы!

Пейли кенен, берекелүү быйыл жаз!
Каалашыңдай айран, кымыз, каймак, май.
Салкын аба, тунук суулуу төрлөрдө,
Төрт түлүктүү мал семирткен чарба бай!

*Сүйүнбай Эралиев*

1. Ырды окуп чыгып, суроо түзгүлө.
2. Жайды сыпаттаган сөздөрдү жазып алгыла.

**Ырды жаттап алалы!**

## КАРАГАТ

Кара мончок карагат,
Кандай болуп жаралат?
Жегиңди эле келтирет,
Жеген сайын аралап.

Тоого балдар барышат,
Тойгончо жеп алышат.
Кечке чарчап келишип,
Тоголонуп калышат.

Биздин тоонун карагат,
Бышып турат салаалап,
Жей бер, бирок сындырба,
Ыйлатканың жарабайт.

*Жайлообек Бекниязов*

1. Ыр жактыбы? Эмнеликтен?
2. Кандай экен карагат?
3. Карагаттан башка да ырда кимдер жөнүндө сөз болуп жатат?

## НАН ӨМҮР

Нан адамдын эң кымбат азыгы болуп саналат. Нансыз жашоону элестетүү мүмкүн эмес. Ошол үчүн, нан — өмүр деп аташат. Ар бир сындырым нан көп мээнет, маңдай тер менен жаралат. Аны ысырап кылуу — адепсиздиктин гана белгиси.

Ак буудайды өстүрүү, багуу, жыйноо аталардын, энелердин зор эмгегин талап кылат. Ал эми нанды таттуу, кооз кылып бышыруу — андан калышпаган эмгек. Бул эмгек биздин апаларыбызга таандык. Ал эмгек гана эмес, табылгыс өнөрлөрдүн да бири болуп саналат.

Бир адам бир эле жолу тамактанганда 20 грамм нанды ысырап кылат экен. Ал адам күндө үч-төрт жолу тамактанат дейли. Андай болсо, орточо 80—100 грамм нан ысырап болот. Эми республикабызда жыйырма жети миллиондон ашык адам бир күндө канча нанды ысырап кылат? Эсептеп көрсөк, 540 миң килограммдан ашык же болбосо 540 тоннадан ашык экен. Демек, нанды ысырап кылуу канчалаган чоң жоготууларга алып келет. Нанды ысырап кылбагыла!

1. Нансыз жашоого болобу?
2. Нанды ысырап кылууга болобу?
3. Нан биздин дасторконго кандайча келет? Айтып бергиле.

## Бөлүм боюнча суроолор жана тапшырмалар

1. Жайында жаратылыш көрүнүшү кандай болот?
2. Жайында адамдар кандай жумуштарды аткарышат?
3. Окуучулар жайда каерлерде эс алышат?
4. Жайкы каникулга чыккан күндөн баштап күндөлүк түзүп, жазып жүргүлө.

# МАЗМУНУ

## I чейрек

### Эгемендүү өлкөм менин

Өзбекстан Республикасынын Мамлекеттик гимни. *А. Арипов* ... 3
Кылымга тете күн. *С. Барнаев* ... 5
Өзбекстан Республикасынын Мамлекеттик символдору ... 8
Өзбекстан Республикасынын Конституциясы. *Эркин Маликов* ... 11
Асман кайдан башталат? *Каныбек Жунушев* ... 13

### Өзбекстан — өз өлкөм

Ата Журт. ... 15
Адилетүү падыша ... 18
Касиеттүү үрөн. *Жээнбай Мукамбаев* ... 21
Тоо булак. *Түгөлбай Сыдыкбеков* ... 24
Байкуш тыйын чычканга эмне жетпеди? ... 28

### Алтын күз

Алтын мезгил ... 31
Шабдалы. *Сулайман Рысбаев* ... 34

### Адептүүлүк — адам көркү

Сылыктык жана адеп тууралуу ... 37
Бир түйүнчөк акча. *Сулайман Рысбаев* ... 39
Токойдо. ... 44

### Бабалардан калган сөз

Манастын уулу Семетей ... 47
Семетейдин уулу Сейтек. *Кубанычбек Маликов* ... 49

## II чейрек

### Жомоктор мамлекетинде

Төө. *Кадыян Бообеков* ... 57
Алтын кумура. *Жаки Таштемиров* ... 58
Кумура менен түлкү ... 63

Түлкү, жолборс, аюу, карышкыр жана төө ... 67
Чиркей, чабалекей жана жылан ... 72
Калптар-апыртмалар ... 78
Бака ... 81
Эмгек ырлары ... 84
Оп майда ... 84
Санат, насыят, үлгү ырлары ... 87
Ынтымак. *Барпы Алыкулов* ... 89

## Элибиздин улуу инсандары

Жусуп Баласагын ... 92
«Кут билиминен» айрым үзүндүлөр ... 93
Махмуд Кашкары ... 95
Кожомкул Балбан ... 96
Саяпкер ... 100
Курманжан датка ... 105

## III чейрек

## Күмүш кыш

Түлкү менен сүлөөсүн ... 114
Балаты ... 115
Кардын астындагы уялар ... 118
Жаңы жылым бат келсин. *Гүлмира Эсенгулова* ... 119

## Жакшы деген эмне, Жаман деген эмне?

Адептүү болуу оңойбу? *Анвар Абиджан* ... 123
Таарынган токоч ... 126
Кимдин баласысың? ... 129
Чоң атамдын айтканы. *Сооронбай Жусуев* ... 134

## Жаныбарлар дүйнөсү

Жаныбарлар дүйнөсү. *Т. Самудинов* ... 141
Аман калат эле. *Т. Сыдыкбеков* ... 142
Сүзөнөөк Дондош. *Ш. Бейшеналиев* ... 146
Кыялбектин жоругу. *А. Мисиров* ... 150
Жылкычы чымчык. *Муса Жангазиев* ... 153
Турумтайдын туйгуну ... 154

## Руханият — жеңилгис күч!

Дасторкон үстүн сыйлоо ... 161
Конок айттыруу ... 162

Акылман казы ........ 163
Акылдуу чал ........ 166
Толубай сынчы ........ 170
Чоӊ атамдын комузу ........ 173
Ыйман ........ 175
Мугалим ........ 176
Апам ай-ай ........ 177
Умай эне ........ 178
Нан жөнүндө уламыш ........ 181
Наадан достон, зирек душман артык ........ 184
Убадага бек жигит ........ 185
Көпөлөк ........ 188
Куурчагымдын аты Сайра ........ 189
Менин ала күчүгүм ........ 190
Менин мектебим ........ 191

## IV чейрек

### Жаркыраган жаз айы

Жаз келди ........ 193
Нооруз майрамы. *Г. Эсенгулова* ........ 195
Ала-Тоо. *Т. Молдо* ........ 196

### Жашасын тынчтык, бар болсун достук!

Жашасын ынтымак! *М. Тойбаев* ........ 202
Элдештирип коёлу ........ 203
Арап мерген *Т. Абыкеев* ........ 204

### Дүйнөлүк балдар адабиятынан

Дүйнө элдеринин балдар чыгармалары ........ 216
Кандай кез. *А. Кунанбаев* ........ 217
Байчечекей. *Азиза Ахмедова* ........ 217
Машыктыруу ........ 220
Боб. *Лев Толстой* ........ 221
Сот болгон коён ........ 223
Тыйын чычкан менен карышкыр ........ 226
Эски душман ........ 228

### Жай мезгили — сонун мезгил

Жайда ........ 232
Эмгек жайы ........ 233
Нан өмүр ........ 234

**Токтомаметов А.**

Т 53 Окуу китеби: Жалпы орто билим берүүчү мектептердин 4-классы үчүн / А. Токтомаметов, З. Авазова, Т. Адашбаев. — Т: «O‘zbekiston» БПЧҮ, 2013. — 240 б.

I. Авазова З. II. Адашбаев Т.

ISBN 978-9943-01-417-6

**УЎК: 811.512.133(075)**
**КБК 812 Кир-93**

*O‘quv nashri*

**Almaz Toktomametov, Zulxumor Avazova,**
**Tursunboy Adashboyev**

**O‘QISH KITOBI**

4-sinf uchun darslik

*(Qirg’iz tilida)*

*Qayta ishlangan nashri*

Original-maket «O‘zbekiston» NMIUda tayyorlangan

Редактору *Р. Жуманазарова*
Сүрөтчүсү *Л. Башарова*
Техн. редактору *Д. Габдрахманова*
Көркөм редактору *Х. Кутлуков*
Компьютерде даярдаган *К. Голдобина*

Басманын лицензиясы AI № 158.14.08.09.
2013-жылы 6-июнда басууга уруксат берилди. Форматы $70\times90^1/_{16}$.
Офсеттик кагаз. Арип түрү «Pragmatica Kazakh». Офсеттик басма.
Шарттуу басма табагы 17,55. Учёттук басма табагы 8,94.
Нускасы 736. Келишим №

«Yangio‘l Poligraf Servis» ЖЧК басмаканасында басылды.
112001, Өзбекстан Республикасы.
Ташкент облусу, Янгийул району, Самарканд көчөсү, 44.

Тел./факс: (8 370 60) 3-23-61
*www.yps.uz. e-mail info@yps.uz*

## Ижарага берилген окуу китебинин абалын көрсөтүүчү жадыбал

| № | Окуучунун аты, фамилиясы | Окуу жылы | Окуу китебин алган кездеги абалы | Класс жетекчисинин колу | Окуу китебинин тапшырылып жаткандагы абалы | Класс жетекчисинин колу |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | | | | | | |
| 2 | | | | | | |
| 3 | | | | | | |
| 4 | | | | | | |
| 5 | | | | | | |
| 6 | | | | | | |

**Окуу китеби ижарага берилип, окуу жылынын аягында кайтарып алынганда жогорудагы жадыбал класс жетекчиси тарабынан төмөнкүчө баалоо критерийлери боюнча толтурулат.**

| | |
|---|---|
| Жаңы | Окуу китебинин биринчи жолу пайдаланууга берилгендеги абалы. |
| Жакшы | Мукабасы бүтүн, окуу китебинин негизги бөлүгүнөн ажыралган эмес. Бардык барактары бар, жыртылбаган, беттеринде жазуу-сызуулар жок. |
| Канааттандырарлык | Мукабасы эзилген, четтери жыртылган, окуу китебинин негизги бөлүгүнөн ажыралуу абалы бар. Пайдалануучу тарабынан канааттандырарлык даражада иретке келтирилген. Кээ бир беттерине сызылган. |
| Канааттандырарлык эмес | Мукабага чийилген, жыртылган, негизги бөлүктөн ажыралган же таптакыр жок. Канааттандырарлык даражада калыбына келтирилбеген. Беттери жыртылган, барактары жетишпейт, чийип, боёп ташталган. Окуу китебин калыбына келтирүүгө болбойт. |

**Токтомаметов А.**

Т 53 Окуу китеби: Жалпы орто билим берүүчү мектептердин 4-классы үчүн / А. Токтомаметов, З. Авазова, Т. Адашбаев. — Т: «O‘zbekiston» БПЧҮ, 2013. — 240 б.

I. Авазова З. II. Адашбаев Т.

ISBN 978-9943-01-417-6

**УЎК: 811.512.133(075)**
**КБК 812 Кир-93**

*O‘quv nashri*

**Almaz Toktomametov, Zulxumor Avazova, Tursunboy Adashboyev**

**O‘QISH KITOBI**

4-sinf uchun darslik

*(Qirg’iz tilida)*

*Qayta ishlangan nashri*

Original-maket «O‘zbekiston» NMIUda tayyorlangan

Редактору *Р. Жуманазарова*
Сүрөтчүсү *Л. Башарова*
Техн. редактору *Д. Габдрахманова*
Көркөм редактору *Х. Кутлуков*
Компьютерде даярдаган *К. Голдобина*

Басманын лицензиясы AI № 158.14.08.09.
2013-жылы 6-июнда басууга уруксат берилди. Форматы $70 \times 90^1/_{16}$.
Офсеттик кагаз. Арип түрү «Pragmatica Kazakh». Офсеттик басма.
Шарттуу басма табагы 17,55. Учёттук басма табагы 8,94.
Нускасы 114. Келишим №

«Yangio‘l Poligraf Servis» ЖЧК басмаканасында басылды.
112001, Өзбекстан Республикасы.
Ташкент облусу, Янгийул району, Самарканд көчөсү, 44.

Тел./факс: (8 370 60) 3-23-61
*www.yps.uz. e-mail info@yps.uz*

УЎК: 811.512.133(075)
КБК 81.2 Кир-93
Т 53

Рецензенттер:

**Темирова М.** — Андижан Мамлекеттик университети филология кафедрасынын улук окутуучусу.

**Халилова Ш.** — Ташкент областынын Бөкө районундагы 34-мектептин башталгыч класс мугалими.

## Шарттуу белгилер:

 — суроо жана тапшырмалар

 — кошумча маалыматтар

 — ойлонгула, издегиле

 — жаттап алалы!

**Мамлекеттик бюджеттик каражаттар эсебинен басылды.**
**Акысыз.**

ISBN 978-9943-01-417-6

© «O‘zbekiston» БПЧУ, 2004, 2009, 2011, 2013.